Кыргыз илимдер академиясы,
"Кыргыз тил" коому,
Республикасынын элге билим берүү министерствосу

ИШЕНААЛЫ АРАБАЕВ

Туулган күнүнүн 110 жылдыгына арналган жыйнак

Бишкек "Илим" МП "Табылга"
1993-ж.

Бул китеп маданиятыбыздын көрүнүктүү өкүлү, биринчи агартуучу, кыргыздын жазма тилине негиз салуучулардын бири Ишенаалы Арабаевдин 110 жылдыгын өткөрүүгө карата ал киши жөнүндө жазылган айрым замандаштарынын, аны көргөн, андан окуган жана жолун уланткан шакирттеринин, илимпоздордун, акын-жазуучулардын эскерүүлөрүн камтыды. Бул алгачкы гана саамалык. Мындан кийин И. Арабаевдин өзүнүн эмгектерин чыгаруу, аларды изилдөө, билим берүү ишибизде пайдалануу, тарыхыбыздан оз ордун ыйгаруу милдеттери турат. Бул жагынан биринчи кадамдар жасалып жатат. Ушул жагдайдан алып караганда бул эскерме жыйнак, чукул топтолуп берилгенине карабай, окурмандар тарабынан жылуу кабыл алынып, улуу адамыбыз жөнүндө дагы жаңы маалыматтар, изилдоолор, эскермелер пайда болот деп ишенебиз.

66182

689615

Кол жазмаларды жыйнап, редакциялап, басмага даярдаган Четин Жумагулов.

© МП "Табылга", 1993-ж.



Кыргыз илимдер
академиясынын
вице-президенти,
академик

Турар Койчуев

ИШЕНАЛЫ АРАБАЕВДИН КЫРГЫЗ ЭЛИНИН ИЛИМИНЕ ЖАНА МАДАНИЯТЫНА САЛЫМЫ

Бүгүн Кыргызстан өз алдынча суверендүү мамлекет болуп бүткүл дүйнөлүк цивилизацияда бараткан өлкөлөр менен алаха жасап, өзүнчө жол издеп, убактылуу кыйынчылыктарга карабай, элине кызмат кылган, анын келечек тагдыры, өнүгүшү, жыргалчылыгы үчүн бүткүл өмүрүн арнаган, көзү өтүп кеткен улуу инсандарына урмат көрсөтүп, тарыхтан өз ордун берип жатышы эң сонун көрүнүш.

Мына ушунун бир мисалы катары - элибиздин биринчи агартуучусу, кыргыз адабий тилине негиз салуучу, илимибиздин эң алгачкы башатында турган, жалпы кыргыз журтчулугун сабатсыздыктан алып чыгып, билимдүү элдердин катарына жеткирсек деген аракет-тилек менен жүрүп жан кыйган Ишеналы Арабаев болуп эсептелет.

Ал XIX кылымдын аяк ченинде жарыкка келген кезде кыргыз эли кылымдар бою калыптанып калган тиричилигин өткөзүп, илим-билим, окуу, китеп деген түшүнүктөрдөн анча кабары болгон эмес. Эл туташ сабатсыз болчу. Ушундай шартта эскиче, диний мектептен окуп, сезими ойгонгон Ишеналы Арабаев айылдык алкактан чыгып, элдин келечегин ойлоп, алдына чоң максаттарды коюп, алыска канат күүлөгөн. Өзү жаш болсо да мугалимдик кылып, балдар окуткан. Билимин жогорулатуу үчүн алыскы өлкөлөргө,

шаарларга барып окуусун уланткан. Ошол кезде мындай мүмкүнчүлүктөр сейрек гана адамдарда болгон, ар кимдин колунан келе бөрчү иш эмес эле. Ошого карабай жаш улан Ишеналы Арабаевдин Константинополдон, Уфадан, Казандан, Оренбургдан окуп, билим алышы келечекте анын элине чоң кызмат өтөй турган, көп эмгек кыла тургандыгынан үмүт берген. Ишеналы Арабаевдин жашаган кыска өмүрүндө, ошол кездеги кыйын шарттарга карабай бизге калтырып кеткен окуу китептери, колдонмолору, котормолору, жол очерктери, макалалары, ар кандай съезд, конференция, жыйындарда сүйлөгөн сөздөрү; эки жакка жазган сунуш-каттары, талаптары анын терең билимдүү, түшүнүгү кенен, илим-билим маселелерин туура кое билген мамлекеттик ишмер катары өсүп жетилгенин көрсөтүп турат. И. Арабаевдин жазган биринчи алиппелери, жазуу өрнөктөрү, сабатсыздыкты жоюу куралдары, ж.б. окуу китептери, "Эл адабиятын жыйноочуларга колдонмосундагы", "Зилзалага", "элдик эпос "Семетейге" жазган баш сөздөрүндөгү тилдик факты - материалдар жана алфавит - тамга боюнча ойлору - сунуштары, Бакудагы I - түрколог иялык съезддин ишине катышышы, кийин Кыргыз автономия областында илимий комиссиясынын башында туруп аткарган кыйла жумуштары анын бүгүнкү Кыргызстандын маданиятына, илимине зор салымы болуп эсептелет. Анын эмгеги, жаркын элеси кыргыз эли менен кылымдарды аралап бара бермекчи.



Кыргыз
Республикасынын
илимдер
академиясынын
ардактуу академиги,
профессор

Кусейин Карасаев

ЗАМАНДАШТАРЫМ ЖӨНҮНДӨ КЫСКАЧА БАЯН

Бул адам-илгери падыша заманда Уфадагы "Медресе аали" аттуу жогорку окуу жайын бүтүргөн адам. Замандаштарынын, тагыраак айтканда, сабакташтарынын жазган эскермелеринде караганда, талабалар (студенттер) арасында кадырлуу адам болгон. Кыргыз элинин камын ойлогон, кыргыз үчүн кабыргасы кайышкан адам болгон. Эң биринчи жолу, өзү менен бирге окуган Х.Сарсекеев деген казак жигит менен кыргыз-казак үчүн "төтө окуу" деген алип-бээ түзгөн. Ал гана эмес, биринчи казелчи Молдо Кылычтын "Зилзала" аттуу чыгармасын бастырып, 1911-жылы чыгарган. Ошол эле Кылычтын бүткүл чыгармаларын бастырып чыгаруунун чарасын көргөн. Бул инсан кыргыз элинин көзүн ачам деп, майда китепчелерди басмадан чыгарып алып, жашырын эл ичине таратып да жүгөн. Демек, бул киши кыргыз элинин эң биринчи агартуучусу. Жогорку маселелер жөнүндө басма беттерине көп эле маалыматтар жазылды.

Ишенаалы Арабай уулу, Кара Кыргыз билим кемесиясында иштеди. Кемесияда болгону эки гана киши болгон. Ошол 1922-жылдан баштап атактуу манасчы Сагымбайды алдырып, аны менен келишим түзүп, "Манасты" жаздырууга киришти. 1924-жылы кыргыз эли өзүнчө обулус болуп

бөлүндү. Кыргыз эли өзүнүн тилине ыйлайыктап алфавит кабыл алды. Ошол кезде мен казак-кыргыз таалим-тарбия институтунда окуп жүргөмүн. Мени ал агартуу маселесине тарта баштады. "Эркин-Тоо" аттуу гезит биринчи жолу кыргыз тилинде жарык көрдү. Ошол гезитти чыгарыуучулар тобуна кирип калдым. Имла маселеси мага жүктөлдү. "Эркин-Тоо" деген атты да ошол Ишенаалы сунуш кылды. Ал тургай чоң макала да жазды. Ал макала ошол гезиттин биринчи санына да басылып чыкты. Мына ошондон баштап, Ишенаалы менен тыгыз байланышта болуп калдым. Ал тургай мени түрдүү иштерге да жумшай турган болду. Ошол кишинин тапшыруусу менен Сагымбай манасчыны Ташкендеги айбанаттар багына, зоопаркка да ээрчитип бардым. Ошол кишинин тапшыруусу боюнча Тыныбек манасчынын "Семетей" аттуу кол жазмасын, жана имлага көчүрүп чыктым. Ал 1925-жылы Москвада басылып да чыкты.

Ошол мезгилге чейин кыргыз элинин мектепке арналган эне тил куралы болгондуктан, казак тилинде чыккан А.Байтурсуновдун "Тил куралын" кыргыз мектептеринде окута турган. Кыргыз тилинин биринчи "Алипбээсин" түзүү иши шашылыш түрдө Ишенаалыга тапшырылды. Ал киши бир айдын ичинде түзүп чыкты. Ошол эле жылы "Эркин-Тоо" гезити менен удаалаш басылып да чыкты. Ишенаалы ошондон баштап, эл адабиятын чогултторууга катуу киришти. Бир топ окуу китептерин жазды. Ийгиликтүү иштеп жүрдү. Кыргыз адамдарына абдан барктуу адам эле. 1926-жылдан баштап, Ишенаалыга түрдүүчө саясы айыптар коюла баштады. "Отуз"дегендин тобуна катыштың деп, партиядан чыгарып салды окшойт. Кыргыздын биринчи агартуучусунун артынан кара көлөкө ээрчиди да калды. 1933-жылы "Социал туран партиясы" деген жасалма уюмду Кеңеш өкмөтүнүн баш кесерлери ойлоп чыгарды да, кыргыз элинин кылтанактай болуп жаңыдан өсүп келе жаткан адамдарын камап салды. Ишенаалы да ошондо камалды. Ал кары киши эмес, жаңыдан эле жогорку окуу жайын бүтүргөн мен да камалдым. Мага окшогондорун бир тобу камалды. Көэ бири атылды. Калгандары сандалып жүрүп, жок болушту.

1927-жылы Ишенаалы менен бирге "Жаңылык" аттуу чоңдор үчүн алипбээ китебин түздүк. Китеп абдан эле үлгүлүү болуп, 1928-жылы чыкты. Мен автор катары мактап отурган жерим жок. Басма беттеринде ошондой баалануды. Ал кезде Ишенаалыны коом турмушунун кызуу

жүрүшүнөн четтетип салган учуру болчу. Мен Ленинграддагы Чыгыш институтунда окуп жүргөм кезим.

Ошол 1932-жылы Ишенаалы камакта кордукка чыдабай өлүп калды деп укканым бар. Кыргыз элинин биринчи агартуучусунун тагдыры ушундай болуп бүттү. Ошол адам менен сабакташ, табакташ, пикирлеш болгон деп мага эмнелерди гана көрсөтпөдү. Мунун баары менин "Баштан өткөн мажарам"* деген эстелигимде айтылат.

Ишенаалы мени жакшы көрө турган. Эмнегедир "таяке" деп атачу. Көрсө аялы биздин элдин кызы болсо керек. Ал кишинин кызы деле, уулу деле болду. Жогорку маалыматтуу деле болушту. Бирок эмнегедир аттары билинбей калды.

Ишенаалы Кеңеш бийлиги орногондон тартып, көп иштерге катышты. Толгон макала жазды. Анын эмгектеринин айрымдарын келтире кетейин:

1.Алиппе. 1924-ж. Араб тамгасында Ташкенде чыкты. Андан кийин дагы чыкты;

2.Жазуу жолунда, Саамалык. 1925-ж. Араб тамгасында. Кичине китеп;

3.И.Арабаев, Х.Карасаев. "Жаңылык". Чоңдор үчүн алиппе. 1928-ж;

4.И.Арабаев жана Д.Шамгунов. "Табият таануу алиппеси". 1932-ж. 264 б.

Бул инсандын толгон макалалары чыккан, аларды чогулта албадым. 1927-жылдары партиядан чыгарып салды. Иштөөгө мүмкүндүк болбоду. Камап жоготту. Тарыхта унутулбай турган кишинин эң биринчиси. Ал киши менин тагдырым болуп калган. Ошо бирге бойдон тарыхта калат...

---

* Ушул наамдагы эскерүүм "Ала-Тоо" журналына үзүндү болуп жана "Бишкек шамы" гезитине (21-24 ноябрь, 1992-ж.) чыкты.



Профессор

Зияш Бектенов

АГАРТУУЧУ - ОКУМУШТУУ ИШЕНААЛЫ АРАБАЕВ

Ар бир элдин улуттук сыймыгы болгон илимпоздору, алп жазуучулары, мамлекеттик ишмерлери бар. Казак эли Ыбырай Алтынсарйни, Чокан Валиханову, Абайы, Турар Рыскулову, Мухтар Ауэзову менен, грузиндер Шота Руставелиси, Тамарасы менен, орус эли Ломоносов, Пушкин, Толстою менен сыймыктанышат. Кыргыз элинин да сыймыктана турган Токтогулу, Курманжан-Даткасы, Касым Тыныстанову, Жусуп Абдырахманову, кыргыз алфавитин түзүп, "Кыргыз алип-пээси" аттуу китебин жазган Ишенаалы Арабаев сыяктуу агартуучу-окумуштуулары бар.

1981-жылы "Кыргызстан" басмасы "Могучий фактор национально-языкового развития" аттуу монографияны басмадан орус тилинде басып чыгарды. Ошол китептин 254-бетинде: "Первый учебник для киргизской школы был издан в Ташкенте. Назывался он "Кыргыз алиппеси" ("Киргизская азбука"), автором его был методист И.Арабаев. Напечатан букварь реформированным арабским шрифтом. В нем нашел свое отражение один из вариантов звукового метода обучения грамоте" - делген.

Ошол эле китептин 255-бетинде: "В том же году И.Арабаев и одним из зачинателей киргизского советского языковедения К.Карасаевым был издан содержательный учебник

грамоты для взрослых "Жаңылык" ("Новинка"). В него, наряду с материалом для обучения грамоте авторы включили обширный материал для уроков послебукварного периода, в том числе статьи на общественно-политические темы, так же художественные тексты. Таким образом, эта книга явилась не только букварем, но и своего рода хрестоматией в миниатюре" - деп жазылган.

И.Арабаев менен К.Карасаевдердин "Жаылык" аттуу ал алиппе китеби кыргыз эли латын тамгасын кабыл алган кезде, жаы тамга менен биринчи басылып чыккан э мыты окуу куралы болуп. сабатсыз элдин сабатсыздыгы жоюда эбегейсиз зор кызмат кылган окуу куралы эле.

Ушул кезде И.Арабаев менен К.Карасаевдин ал "Жаылыгынын" бир нускасы Москванын "Революция музейинде" турат. Мындан он беш жыл мурда И.Арабаев менен К.Карасаевдин "Жаылыгы" жөнүндө ЮНЕСКОнун "Курьер" журналында маалымат басылып, мукабасынын сүрөтү басылган болучу.

Славян алфавитин түзгөн поптор Кирилл жана Мифодия жөнүндө АПНдин София шаарындагы кабарчысы Шинкаренко "Советская Киргизия" газетасынын 1981-жыл 24-майдагы N120-санына мындай деп жазып чыккан эле: КИРИЛЛ ЖАНА МИФОДИЙДИН УРМАТЫНА.

Славян жазуусун түзгөн Кирилл жана Мифодийлердин аттарын биздин ар биребиз мектеп жашындагы курагыбыздан бери жакшы билебиз. Алардын эстелиги София шаарындагы элдик китепкананын имаратынын алдына орнотулган. Скульптор туюнсун деп алардын колдоруна калем жана китептер карматкан. Кирилл жана Мифодийдин урматына 24-май - славян жазуусунун, болгарияны эл агартуусунун жана маданиятынын жалпы элдик майрамы болуп калган. Кирилл жана Мифодийлердин аттары менен мектептер, көчөлөр жана институттар, университеттер, китепканалар жана аянттар аталган. Бул агартуучулардын атында орден чыгарылып, Болгариянын Элдик Республикасында ал орден менен эл агартуунун жана маданиятынын ишмерлери сыланат.

Болгария мамлекетинин түзүлгөнүнүн 1300 жылдык юбилейин майрамдоонун быйылкы программасын орундатууга Болгарияны Илимдер Академиясы, Софиянын университети жана илимий институттары катышат.

Өлкөдө эски болгар жана байыркы славяндардын кол жазмаларыны, китептеринин, славян-болгар жазуусунун чыгаан үлгү өрүнүн көргөзмөсү уюштурулат. "Кирилл жана Мифодиу аттуу эки сериялуу фильм тартылып жатат. Болгарияны художниктер Союзу "Кирилл жана Мифодий сүрөт искусствосунда" - деген темада улуттук көргөзмөнү даяр кылышты.

Округдардын бардыгында элдик агартуучулардын эл агарту майданында иштеген иштери жөнүндө болгар чыгармачылыгынын майрамдары өткөрүлүп жатат.

Жалпы элдик майрамдын аябай кызыган күнү 24-майда болот. Бул күндө өлкөнүн бардык жеринде кызуу манифестациялар өткөзүлөт. Эки бир туугандын эстеликтеринин жанына мектеп окуучуларынан ардактуу кароолдор коюлат да, Болгариянын борборунда салтанаттуу манифестация өткөзүлөт".

Кыргыз элинин революцияга чейин ичкерки шаарларга барып, билим алган бирли-жарым интеллигенттердин болгон. Ошондой интеллигенттери бирөө Ишеналы Арабаев. Ал азыркы Кочкор районуна караштуу Күн-Батыш кыштагында 1882-жылы дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Ишеналы башталгыч мектептердин көлөмүндө билим алгандан кийин, 1900-жылдан 1910-жылга чейин айыл-кыштак мектептеринде мугалим болуп, бала окутат.

1910-жылдан 1913-жылга чейин Уфа шаарындагы "Медресе Галия" аттуу жогорку даражалуу диний мектепте кышкысын окуп, жайкы дем алыш мезгилдеринде казак айылдарына барып, бала окутуп, кышкы окуусуна каражат таап турган.

Ишеналы Арабаев Молдо Кылычтын "Кыссаи зилзала" аттуу ырын 1911-жылы Казань шаарындагы Еремеев жана Шашабрин басмаканасынан бастырып чыгарат да , ал китепке жазган өзүнүн сөзүндө мындай дейт:

"Кап, сени кудай таала бизди жарык дүйнөгө чыгарса, Кылычтын "Сар заманын" бастырсам, калкыма таратсам!" - дечүэлем. Жана да балдарга алип-бээни окутуп, балдар маанисине түшүнбөй: "Молдоке, бул эмне деген сөз?" - деп сурашында, өзүбүз да маанисине түшүнбөгөндүктөн, эмне айтарыбызды билбей, алдап гана бирдемедеп жооп айтып, балдар кетип, жалгыз калганда көзүбүздөн жаш аккан учурлар болгон эле, атаганат, өз эне тилибизде балдар окуй турган китеп бастырсак ээ". *

Ишеналы Арабаев "Медресе Галияда" окуп жүргөн кезинде эле билими терс, ой-сезимдүү алдыкы студенттердин бири болгон. Ошондуктан, ал Сарсекеев деген казак студент менен бирдикте кыргыз жана казак балдарына арнап "Алип-бээ жаки төтө окуу" - деген окуу китебин жазып, аны 1911-жылы Уфа шаарындагы "Шарк" (Чыгыш) басмаканасынан араб тамгасы менен бастырып чыгарат. Ал бир жарым бет кириш сөзү менен жалпы көлөмү 52 беттен турган чакан гана китепче.

Кыргыз жана казак балдарына арналган "Алип-бээ жаки төтө окуу" аттуу бул алип-бээ негизинен казак элинде жазылса да, ичинде кыргызча сөздөрү өтө көп. Мисалы

---

* Молдокылыч Төрөгелдин, "Кысса зилзала", "Еремеев Шашабрин" басмаканасы, Казань, 191 2-3-бет.

айдын аттары, сан сөздөр, малдын жаштары, аттары, жапайы айбандардын аттары, боз үйдүн жабдуулары, чөптөрдүн, жыгачтардын аттары, идиш-аяктын аттары казакча да, кыргызча да берилген."Жастыкта өлүү-жаман ат, жаудан өлүү салтанат" - деген сыяктуу кыргыз жана казакча аралаш сөз менен жазылган макал-лакаптар, кара сөздөр менен жазылган тамсилдер да бар. Китептин башкы сөзүндө: "Кыргыз жана казак балдарына жазылган бул алип-бээден кийин кыргыз, казак тилинде шыгыр жана өлөдөрдү, тарыхый окуяларды, агемелерди бөлүм-бөлүм кылып бастырууга аракет кылабыз. Ошентип, жоголуп бара жаткан тарыхый сөздөрүбүздү, адабияттарыбызды тирилтүүгө аракет кылмакчыбыз"* - дейт. И.Арабаев жана Сарсекеев, "Алип-бээ жаки төтө окуу", "Шарк" басмаканасы, Уфа, 1911-жыл, 2-3-бет.

Өз учурунда Ишеналы Арабаев менен Саркесеевдин жазган бул "Алип-бээ жаки төтө окуусу" балдарга тез кат таанытa турган элге кеири белгилүү китеби болгон.

Революциядан мурдагы эски мугалим, 1921-22-жылдарда Семей шаардык партия комитетинин секретары болгон, кийин САКУда, андан кийин САГУда көп жылы сабак берген, азыр Өзбекстанда республикалык маанидеги персоналдык пенсионер Салих Касымов Ишеналы Арабаевди мындай эскерет: "Ишеналы Арабаев Уфа шаарындагы "Медресе Галияда" окуп жүргөн кезинде ал мектептен мен да окуп калдым. Ишеналы Арабаев бизден эки курс жогору окуган жана жашы да бизден беш-алты жаш улуу шакирттерден болучу.

Медреседеги шакирттердин арасында Ишеналы өтө чоң кадыр-баркка ээ эле. Салтанаттуу жыйналыштар болгондо, ал дайым президиумдарда, бизди окуткан мугалимдеribиздин катарында отура турган, анткени, ал жаңы метод менен жазылган, жалпы элдин сүймөнчүлүгүнө ээ болгон "Төтө окуу" аттуу алип-бээнин авторунун бири болучу. Арабаевдин "Төтө окуусу" менен бала окутса, балдар катты тез таануучу. Биз шакирттер жайкы дем алыш мезгилинде казак айылдарына барып, бала окутуп, акча таап кайтчубуз. Балдарын окууга кармап бере турган казактар да: Баланы кайсы алип-бээ менен окутасын? "Төтө окуу" мененби? деп алдын ала эскертип, бизден такып сурап турушаар эле".

1910-1916-жылдарда эл үркүнүнө чейин Ишеналы Арабаев кыргыз тилинде окуу китептерин жазып, ал китептер менен мектептерде балдарды окутуп, карагыда тунжура

---

* И.Арабаев жана Сарсекеев, "Алип-бээ жаки төтө окуу", "Шарк" басмаканасы, Уфа, 1911-жыл, 2-3-бет.

жаткан кыргыз элинин көзүн ачууга, элди илим-билимге тартуу жолунда эбегейсиз зор аракеттерди жасайт. Ишеналы Арабаев 1912-жылы "Айкап" журналына жазган "Оренбургдан Ташкенге чейин" аттуу макаласында кыргыз, казактардын кедей-кембагалдарынын балдарын, ата-энеси жок жетим балдарды жалпы илим-билимден кабардар кыла турган Оренбург шаарындагы "Медресе Кусаиния" сыяктуу мектептерден окутуу үчүн көп аракет жасагандыгы ачык көрүнүп турат. Бул макаласына караганда И.Арабаев өзү да Уфадагы "Медресе Галия" мектебине кирерден мурда ошол "Медресе Кусаиния" мектебинде бир жыл окуган экен.

И.Арабаев "Оренбургдан Ташкенге чейин" макаласында мындай дейт: "Уфадан чыгып, Оренбургга бардым. Арыбери карап, мурун өзүм окуп, бир жылы өмүр өткөзгөн "Медресе Кусаинияга" бардым. Анда кээ бир калпалар менен көрүшүп, Медресенин азыркы абалынан бир аз кабар алдым. Анан Медресенин мугалими Хазиретке учурашууга кирип, Медресенин келер-кетеринен, керек-жарагынан сурап калдым. Молдо Галим Хазиреттин: - "Кыргыз, казак балдары көбүрөөк келип окуса" деген ыкластуу сөздөрүн угуп, кубанып: байкуш кыргызга, казак балдарына медресенин жардамы барбы? - деп сурадым. Анткени, ушул убакка чейин дин илиминен кыргыз, казактын кедейлеринин балдары гана окуп жатат, дүйнөө илимин (науканы) жалгыз төрөлөрүбүздүн балдары гана, медаль алыш үчүн, орусча окушат. Кийинки беш жыл ичинде бир азыраак илим жолуна козголуу башталды. Ошондо да ичибизде тартиптүү медресе болбогондуктан, малы бар байлар окуй алса да, жетим, бечара кыргыз, казак балдарынын окушка алы жок." - дедим. Хазирет жооп берди: - "Экзамен бере алса, татар, казак деп айыр-бастан шакирттерди кабыл ала беребиз", - деди.

Менин казак арасынан ээрчитип келген шакиреттерим бар эле, жарым-жартылай расходу менен кабыл кылып алды.

"Медресе Кусаиния" адамга заманга ылайык жакшы билим бере турган бир медресе. Мында Бухарада он, жыйырмадай жыл окуп жүрүп ала албаган араб тили илименен артык билим алышат. Жана орус гимназиясы сыяктуу мектептерде окуган бир катар илимдер мында окутулат. Биздин туземный школадан 7-8 жыл окуган балдар сыяктуу орусча билим алып чыгат. Кыргыз, казак туугандарыбыз ушул медресе сыяктуу жерлерге балдарын окутуп, дүйнүйө акиретинде мадайында күйүп турган чырак кылып алыштарын өтүнөмүн". *

Ишеналы Арабаев Октябрь Революциясына чейин "Жазуу өрнектери" (сулуу жазуунун үлгүлөрү) аттуу дагы бир ки-

---

* И.Арабаев."Айкап" журн., 1912-ж., N1.

чине китепчени жазып, аны Оренбург шаарындагы "Вакыт" басмаканасынан 1912-жылы бастырып чыгарган.

Ишеналы Арабаевдин бул китепчеси жөнүндө бизде ушул кезге чейин эч кандай малымат жок эле. Арабаевдин бул китепчесинин ксерокопиясын профессор Токтосун Акматовдун аспиранты Кусейин Молтоев мага белек кылып берген.

Ишеналы Арабаевдин бул китепчеси көлөм жагынан анча деле чоң эмес. Кичинекей гана китепче. Көлөмү 35 бет. Анын биринчи бетинен 18-бетине чейин ар бир тамганы туура жана сулуу чийүүнүн эрежелери жазылган. 19-бетинен 35-бетине чейин тамгалардын сулуу жазылган үлгүлөрү берилген.

Китеп казак тилинде жазылса да, анын ичинде фонетика жагынан кыргызча жазылган сөздөрү бир кыйла бар. Мисалы:

Алышып (казакча - алысып болуш керек) 21-бетте;

Ашырып (казакча - асырып болуш керек) 23-бетте;

Камыш калем (казакча - камыс болуш керек) 28-бетте;

Акча, бакча (казакча - акша, бакша болуш керек) 29-бетте;

Кайыш, камыш, аш, жемиш, баш бергенге аш бер (казакча - камыс, кайыс, ас, жемис, бас, ас ас болуш керек) 31-бетте;

Мал-баш, акча, казан астырма, чай бал менен татты. Кыйгач, алгач, ийилген башын кылыч кесмес (32-33-35-беттерде). *

Өзбек элинин белгилүү жазуучусу, 1910-жылы Уфа шаарындагы "Медресе Галияны" бүтүргөн революциядан мурдагы эски мугалим Момунжан Мухаммеджан уулу "Турмуш кагылыштары" аттуу өзүнүн мемуар - күндөлүгүндө Ишеналы Арабаев жөнүндө мындай деп жазган: "14-рамазан, 25-август, бейшемби күнү "Сулуу төбөгө-газета алыш үчүн барып, Жусуп Галый молдого учурашып калдым. Ал Каранай болушунун айылына биздин медреседеги кыргыз окуучуларынан Ишеналы Арабаевдин келгендиги жөнүндө кабар кылды. Бул афанди былтыр ошол айылга келип, бала окутуп, болуш менен таанышып калган экен. Ошол кезде Губайдулла Курмаев деген келип калып, экөөбүз станциядан эки чакырым ары турган Каранай болушунун отоосуна барып, Ишеналы Арабаев менен көрүштүк. Анан бу күз мезгилинде бул жерге келишиндеги негизги максаты - "Галиядагы" казак, кыргыз окуучуларынын беш-ону жыйылып, Россия кол астындагы казак, кыргыздардын көзүн ачыш үмүтү менен бастырылган төрт, беш түрдүү казакча кичине брошюра жана

---

* Ишеналы. "Жазуу өрнектери", "Оренбург, "Вакыт" басмаканасы, 1912-жыл.

ыр китептеринин эки нускасын элге таратыш экен (орус миссионерлеринче айтканда: мүмкүн болгон жерде өкмөткө каршы" "прокламация" таратканы келиптир. Бирок, мунун бул айда келип жүрүшү Николай төрөлөрүнөн жашырын болсо керек, болбосо алда качан эле алып камап коер эле).

Жубани молдо менен Губайдулла афанди кечинде айылдарына кайтып келип, мен Арабаевдин жанында жатып калдым. Эртеси чайдан кийин Ишеналы калган китептерди таркатып келиш үчүн, ат арба менен башка бир элге кетмекчи болду. Мен дагы кайтып келгенинче сатып кое турган болуп, беш даана "томуч", беш даана "өрнөк" деген китептеринен алып, айылга кеттим. Эми Губайдулла да, мен да элден акыбызды жыйнай баштадык. Бир бейшемби күнү Ишеналынын Уфага жөнөгөнү жатканын угуп калып, станцияга келдик. Губайдулла да келген эле, "Томуч" менен "өрнөк" китептеринин акчасын бердик. Каранай болушунун кичи уулу Баймахмедди да бирге алып кетип, "Кусейиния" медрессесине киргизип окутмакчы экен, экөөн от арабага салып жөнөттү. 1911-жыл, 8-сентябрь".*

И.Арабаев 1913-жылы "Медресе Галияны" бүтүп, 1916-жылга чейин Ысык-Көл жана Тянь-Шань өрөөндөрүнө мугалим болуп иштейт.

1916-жылдагы падышалык режимге каршы көтөрүлүштө И. Арабаев үркөн эл менен бирге Үч-Турпанга качып барып, Россияда Октябрь революциясы болуп, Туркестанга Совет бийлиги орногон кезде, андан 1917-жылы өз Ата Мекени кыргыз жергесине кайтып келет.

1918-1922-жылдарда Туркестандын Жети-Суу областында ар түрдүү жооптуу кызматтарда иштеп, мугалимдер даярдай турган алгачкы курстарды уюштурат. Жети-Суу ревкомунун мүчөсү, областтык союз кошчунун орун басары, 1922-жылы Жалпы Союздук Советинин Москвада өткөн IX съездине делегат болуп катышат.

1922-1924-жылдарда И.Арабаев Туркестан АССРинин эл агартуу комиссариатында иштеп, 1922-жылдан баштап кыргыз илимий комиссиясын башкарат.

И.Ибраев 1922-жылы "Манас" жомогун эл оозунан жыйнатуунун биринчи уюштуруучусу, демилгечиси болуп, "Манасты" Сагымбай Орозбак уулунун оозунан жаздыруу ишин алгач Тоң районунда мугалим болуп жүргөн Каим Мифтаковго тапшырат. Анын бир аз жазганын текшерип көрүп, жомокчунун айткан сөздөрүн кыргыз тилинде таза жаза албайт экен деп, анын жазгандарын жаратпай, андан

---

* Момунжан Мухаммеджан уулу, "Турмуш кагылыштары" Өзмамбас, Самарканд, Ташкент, 1926, 273-274-бет.

кийин "Манас" жомогун жазып алуу ишин Ыбырайым Абдырахман уулуна тапшырат.

1922-1926-жылдардын аралыгында Ыбрайым Сагымбайдын оозунан жомоктун биринчи бөлүгүн, 500 басма табак көлөмүндөгү Манастын төрөлгөнүнөн каза болгонуна чейинки окуяны бүт жазган. "Манастын" Сагымбайдан жазылган варианты көркөмдүгү жана окуяларынын толуктугу жагынан башка варианттардан алда канча жогору турат.

Ишеналы Арабаев атактуу Тыныбек жомокчунун оозунан "Семетейдин Айчүрөккө үйлөнүшү" аттуу үзүндүсүн жазып алып, ал 1925-жылы Москвадагы СССР элдеринин Борбордук басмаканасыннан басылып чыгат.

Ишеналы Арабаев кыргыздын билим комиссиясына башчы болуп турган мезгилде ал комиссиянын алдына кыргыз тилинин алфавитин түзүү, кыргыз алиппесин жазуу, башталгыч класстын окуучуларына окуу китебин жазуу, сабатсыз чоңдорго окуу куралын түзүү, мугалимдерге методикалык колдонмолор даярдоо, элдин оозеки чыгармаларын жыйноо ишин улантуу, жыйналган фольклордук чыгармаларды акырындык менен басмага бастыра баштоо, кыргыз тилинин терминин илимий жактан иштеөгө киришүү жана кыргыз тилинде газета чыгарууга даярдык көрүү сыяктуу толгон милдеттер коюлат.

Ишеналы Арабаев 1924-жылы июнь айында Оренбург шаарында ачылган казак, кыргыздардын илимпоздорунун тунгуч съездине Туркестан АССРинин эл агартуу комиссариатынын атынан делегат болуп катышып,съездин президиумуна шайналат.

Ал тунгуч съездин күн тартибине төмөнкү маселелер коюлат:

1. Жазуу эрежелери;
2. Алип-бээ маселеси;
3. Казакча илимий терминдер;
4. Оозеки адабияттарды жыйноо чаралары;
5. Окуу китептерди, илимий адабияттарды көбөйтүү чаралары;
6. Башталгыч мектептердин программасы;
7. Техникумдар менен институттардын программаларынын негизин кароо.

Жазуу эрежелерин талкулоодо И.Арабаев жарыш сөзгө чыгып, мындай деген:

"Биз чыгарып таштайбыз деген төрт тамга (Сөз - х, ф, в, п тамгалары жөнүндө болгон - Б.З.). Ал төрт тамганы алип-бээден чыгарып таштасак, биз башка түрктөрдүн жазганын такыр окуй албай турган болобуз. Алар биздин адабиятыбызды да окуй албай турган болот. Бул - чоң ката. Төрт тамгадан жыйиркенбөөбүз керек. Аны менен казакча сөздөрдү жазбай турган болсок да, аны алип-бээ китебине

киргизип, чет тилден кирген сөздөрү жазганда колдоно турган тамгалар катарында балдарга тааныштыргандай болушубуз керек".*

И.Арабаев съездди жапканда сүйлөгөн сөзүндө мындай деген: "Съезддин кароосуна тапшырылган маселелердин баары каралып бүттү. Бул съезд казак, кыргыз калкынын мурда каралбаган илим маселелерин жаңыдан оозго алган казак, кыргыз илимпоздорунун жаңыдан баш кошкон түңгуч съездиболду. Бул съезддин мааниси терең, максаты артыкча. Съезд негизи маселелерди чечти. Элдин келечегине кол шилтеп, жол салды. Казак, кыргыз калкы караңгы наадандыктан бошонуп, маданият жолуна түшкөнүн көрсөттү. Мындай болгондугунун негизи себеби - Октябрь революциясы. Октябрь революциясы элдин турмушуна кандай өзгөрүш кирг изсе, илим, адабият жүзүндө да ошондой өзгөрүш касады. Биздин бул съездде иштеп отурган ишибиз да ошол революциянын бир жемиши. Коммунисттер партиясы башчылык кылган Совет өкмөтү революциялык дооруду башынан өткөзүп илим, адабият ишин эми гана колго алып отурт. Биз бүгүн көзүбүз менен көрүп, сүйүнүп, колубуз менен иштеп отурган ишибиз - ошол аз гана убакыттын ичиндеги иштин жемиши. Казак, кыргыз калкынын уйкусу ачылып, маданият жолунда илгери баруу үчүн мындан ары бардык күчүбүздү Совет өкмөтү жүктөгөн ишке чегүүбүз керек. Совет өкмөтүнө чын дилибиз менен тилектеш болуп, кылчаңсыз ишке киришүбүз керек. Жашасын Совет өкматы! Жашасын жолбашчыбыз Лениндин салып кеткен жолу!".**

Партия менен өкмөтүбүздүн майда улуттарга жасаган камкордугунун натыйжасында 1924-жылы Орто Азия элдеринин улуттук чегаралары бөлүнүп, кыргыз эли өзүнчө Эриктүү Кара кыргыз автономиялуу область болуп Туркестан республикасынын составынан бөлүнүп чыгар алдында,1923-жылдын аягында Ишеналы Арабаев "Кыргыз алфавитин" түзөт да, 1924-жылдын башында "Кыргыз алип-бээсин" жазып, аны 1-мартта басмага тапшырат. 24-жылдын 7-ноябрында "Эркин-Тоонун" биринчи номуру жарык көрөт.

"Эркин-Тоо" газетасынын 1-номурунда И.Арабаевдин "Эркин-Тоо" аттуу көлөмдүү макаласы жарыяланган. И. Арабаевдин ал макаласынын кыскача мазмуну мындай: Эзелден бери кыргыз элинин мекени - Ала-Тоо, Тянь-Шань

---

* Казак, кыргыз илимпоздорунун түңгуч съезди, Киргосиздат, Оренбург, 1925-ж., 117-бет.

** "Эркин-Тоо" газетасы, 7-ноябрь, 1924-ж., N1.

болгон, саргарып, зарыгып, алдыдан күткөнү эркиндик, теңдик болгон. Мына, эми кыргыз элинин көптөн күткөн эркиндиги өз колуна тийип, Эриктүү автономиялуу область, өзүнчө мамлекет болуп, түтүн булатып отурат. Ошондуктан, газетанын атын "Эркин-Тоо" койдук. Эми "Эркин-Тоо" газетасын колуңардан чыгарбай, бек кармап, үзбөй окуп, мунун бетине арыз-муңуңарды тартынбай жазып тургула".*

Ишеналы Арабаевдин жаш балдарга арнап жазган "Кыргыз алип-бээси" 1924-жылы Ташкент шаарындагы "Орто Азия" мамлекеттик басмаканасынан араб тамгасы менен 4000 даана менен басылып чыгат. Ал "Кыргыз алип-бээсинин" көлөмү, сырткы м кабасын эсептебегенде, бардыгы 58 бет, башкы сөзү үч бет.

Ишеналы Арабаевдин "Кыргыз алип-бээси" аттуу бул китебинде 25 тамга болгон. Ал 25 тамганын бешөө үндүүлөр (а, о, у, ы, э), экөө жарты үндүүлөр (в, й), калгандары - үнсүздөр (б, п, т, ж, ч, д, р, с, з, ш, кы, гы, ги, п, м, н, ң).

Тубаса жоон айтылчу тамгалар - а, кы, гы.

Тубаса ичке айтылчу тамгалар - ки, ги.

Үч үндүүнүн (ө, ү, и) ордуна колдонулуучу ичкертүү белгиси (4) "кыбачы" болгон.

Кыргыз тилинде башка тилдерден кирген сөздөрдү туура жазуу үчүн булардан башка дагы үч тамга (х, ф, ц) берилген, бирок ал үч тамга "Кыргыз алип-бээсиндеги" алфавиттин составына киргизилген эмес жана бул үч тамга кыргыз алфаитиндеги 25 тамга окулуп бүткөндөн кийин, "Кыргызга башка тилден катышкан сөздөр үчүн алынган тыбыш тамгалар" деген тема менен "Кыргыз алип-бээсинин" орто чечиндеги 43-44-беттеринде берилген.

Алип-бээнин ичине жаш балдарга ылайыктуу эч сүрөттөр берилген эмес, китептин мукабасынын биринчи бетине Кыргыздын Ала-Тоосу, боз үйлөрү, анын иргесинде китеп окуп отурган кишилер, эчки айдап жүргөн бала, уй саап жаткан аял жана жайылып жүргөн төөлөрдү элестеткен бир гана сүрөт бар.

И. Арабаевдин "Кыргыз алип-бээси" казак, кыргыз билим комиссиясынын тапшыруусу боюнча, кыска мөөнөттүн ичинде түзүлүп, мамлекеттик билим кеңешмесинин кабылдоосу менен бастырылган.

Автор алип-бээнин башкы сөзүндө, бул алип-бээни түзүүдө казак алип-бээсинин тартиби алынгандыгы, кыскартып айтканда, тумактан тегерек тебетей жасалгандыгы жөнүндө айтып келип: "Мына бул алип-бээни, кара кыргыз

---

* Кыргыз, казак илимпоздорунун түңгуч съезди,
* Кырмабас, Оренбург, 1925-ж., 117-бет.

МЕЛИОТЕКА
689615

комиссиясы бөлүнө элекгсн мурда, ашыгыч түрдө жаздык. Ошондуктан, бул алип-бээнин кемчиликтери, албетте бар. Ал кемчилектерди дароо оңдоп жиберс албаган себебибиз: 1) мугалимдерибиздин тажрыйбасынын аздыгы, 2) кыргыздагы калем тартардык окугандарыбыздын жана да мугалимдерибиздин талкуусуна түшпөгөндүк, 3) Ташкенттеги кызматчыларыбыздын күчүнүн аздыгы болду. Ошону менен бул жылкы бастырылган китептерибизди өлчөп, бир жылга жетерлик гана кылып бастырып отурабыз".*

"Кыргыз алип-бээсинин" ичинде кыргыз элинин фольклорунан макалдардын, табышмактардын, айтыштардын жана кара сөз менен айтылган элдик тамсилдердин үлгүлөрү берилген жана төмөнкү ырлар да бар: "Бул кай кезде болчу эле?", "Санат ырлар", "Тору тай". Бул ырлардын кыргыз эли үчүн мааниси өтө зор. Ишеналы Арабаев "Кыргыз алип-бээсин" 1924-жылдын 1-мартында ашыгыч түрдө жазып бүтүп, бир-эки айдын ичинде басмадан чыккан. Жогорку ырларды бул китептин бетинен биринчи окуганыбызда: "Ушул чынбы же төгүнбү?" - деп, сүйүнгөнбүздөн көзүбүзгө жаш алганбыз.

1925-жылы И. Арабаев кыргыз мугалимдерине колдонмо иретинде "Саамалык" аттуу 23 беттен турган кичине китепче жазып, анда он бир сабактын үлгүсүн берген. Бул он бир сабак, тамгалар, үндүүлөр, созулма үндүүлөр, сөз, тубаса ичке, тубаса жоон айтылчу тамгалар, жоон жана ичке сөздөр, биригип жана айрым жазылчу тамгалар сөз мүчөлөрү, алардын өзгөрүштөрү жана уңгунун аягындагы к, п табыштарынын жумшарып кетиштери жөнүндө биринчи жолу грамматикалык эрежелер катарында кыскача түшүнүк берилген. Бул китепчесин "Саамалык" деп Ишеналы өтө туура атаган, анткени - мы да кыргыз тилинин жазуу эрежелери жөнүндө эң алгачкы саамалык пикирлер айтылган.

Мурда басылган окуу китептери, жазылган грамматикалык эрежелери, бала окутуунун жол-жобосун көрсөткөн методикалык колдонмолору жок, кыргыз мектептеринин каалгасын биринчи ачкан тажрыйбасыз жаш мугалимдер үчүн Ишеналынын бул "Саамалыгы" караңгыда жол таппай, темселеп турганда, колдоруна карматкан чырак катарында өз учурунда милдет аткаргандыгы талашсыз.

"Кыргыз алип-бээсинин" экинчи басылышында жарым үндүү "в" тамгасы алынып ташталган, алфавиттин составында 24 тамга калган. Алип-бээнин ичине жаш балдарга ылайыктуу сүрөттөр жетишерлик берилген.

---

* И.Арабаев "Кыргыз алип-бээси", Ташкент, 1924-жыл, март, 3-4-беттер.

Ошентип, кыргыздын туңгуч алип-бээсинин басмадан чыгышы кыргыз элинин маданий турмушундагы эң ири тарыхый окуянын бири болуп калды, анткени, ошого чейин жазганды, китеп окуганды казак жана өзбек тилдериндеги алип-бээ китептеринен үйрөнүп келишкен кыргыз балдары бул туңгуч алип-бээ басмадан чыкканда, өз эне тилинде кат таанып, Владимир Ильичтин окуу жана илимдердин негизине ээ болуу жөнүндөгү улуу осуяттарын өз эне тилинде окуп калышты.

Бирок араб тамгасы жаш балдарга тез кат таанытууга, чоңдордун сабатсыздыгын ылдам жоюуга жана элдин маданиятын тездик менен жогору көтөрүүгө чоң кедерги болду. Мындай оор абалдан чыгуунун чарасын тездик менен көрүшкө туура келди.

1925-жылы июнь айында эриктүү Кыргыз автономиялуу областынын мугалимдеринин I-туңгуч съезди болуп, анда тыбыш тууралуу, латын тамгасына өтүү тууралуу, жазуу - имла тууралуу жана сан атоочтору (илимий терминдер) тууралуу токтомдор кабыл алынган. Акыркы маселе жөнүндө Арабаев доклад жасаган.

1925-жылдын 16-июнундагы "Эркин-Тоонун" 28-номерине ал съездин материалдары басылган.

Ишеналы Арабаев 1926-жылы Баку шаарында өткөн биринчи Түркологиялык съезддин делегаты болгон.

Кыргыз эли 1928-жылы араб тамгасын таштап, латын тамгасын кабыл алды. Латын тамгасында И.Арабаев менен К.Карасаев чоңдор үчүн "Жаңылык" аттуу алип-бээ түзүшүп, ал 1928-жылы Фрунзе шаарында Кырмамбас тарабынан 10000 даана басылып чыкты.

Азыр ошол "Жаңылык" алип-бээсинин бир нускасы Москва шаарындагы "Революция музейинде" турат деп жогоруда да айттык.

И.Арабаев революцияга чейин Варшава, Казань, Саратов, Оренбург, Уфа, Алма-Ата шаарларынан окуп, жогорку билимге ээ болгон кыргыз интеллигенттеринин ичинен караансыз болүнүп чыгып, эл тагдырын ойлоп, анын келечеги үчүн кам көргөн элди агартсам, көгөртсөм дегенде ичкен ашын жерге койгон, Оренбург, Казань, Уфа шаарларынын арасында ат тезегин кургатпай каршы-терши чапкылап, "Төтө окуу", "Жазуу өрнөктөрү" китепчелерин бастырып, элге тараткан, караңгыда жарык шоола издеген интеллигент болгон.

Ишеналы Арабаев кыргыз тилинде окуу китептерин жазып, алар менен бала окутсам деген өзүнүн асыл оюн Октябрь Революциясына чейин иш жүзүнө ашыра алган эмес, анан бул асыл максаты Улуу Октябрь революциясынан кийин гана 1924-жылында, кыргыз эли Кара кыргыз автономиялуу область болуп Туркестан Республикасынын составынан бөлүнүп чыккандан кийин гана ишке ашты. Ишеналы

Арабаев кыргыз элинин алфавитин түзүп, "Кыргыз алипбээсин" жазып, басмадан чыгарды.

Владимир Ильичтин өмүр баянын Владимир Ильичтин "Жаштар союзунун милдеттери жөнүндө" (Жалпы россиялык жаштардын 20-жыл, 2-октябрдагы 3-съездинде) сүйлөгөн сөзүн кыргыз жаштары Ишеналы Арабаевдин кормосунда биринчи окушпады беле. В.И.Лениндин өмүр баяны жазылган бул китепте А.Жутакеевдин В.И.Ленинди кошкон кошогу да бар болучу.

К.Маркстын эмгектерин орус тилине биринчи которуп, орус элине биринчи тараткан Плехановдун эмгегин орус эли өтө жогору баалайт.

Жогоруда Кирилл, Мифодийлер жөнүндө да тим эле жазып койгон жокмун.

Башкалар эмгекти кандай баалай тургандын өз элиме, урпактарга эскерттим.

Быйыл 1992-жылы Ишеналы Арабаевдин туулганына 110 жыл болот. Анын юбилейин кыргыз эли республикалык масштабда өткөзүп, уч жогорку окуу жайынын бирине атын бериш керек. Арабаев Медучилищеде мугалим болуп туруп (анда мединститут жок болучу) камалып кеткен. "Правда" менен Бөкөмбаев көчөрөнүнүн кесилишинде үйү боло турган, ошо "Правда" көчөнү Арабаевдин аты менен атасак да Правда өзүн актаган болоор эле.

Ишеналы Арабаев менен революциядан мурда Верный шаарындагы гимназияны бүтүрүп, Туркестан мамлекетинин мезгилинде ТуркЦИКтин президиумунун мүчөсү болуп туруп, андан кийин Ленин атындагы Орто Азия университетинин пландоо факультетин бүтүрүп, Кыргызстан мамлекеттик планында бир чоң бөлүмдү башкарып, Абдыкерим Сыдыков экөө 1933-жылы 11-майда күтүлбөгөн жерден камалып, эртеси эле органдар тарабынан СТПны (социал-турган партиясы) уюштурган эл душманы делип жалган, ушак бүт шаарга таралып кеткен. Көрсө, бул - 1937-жылкы Чоң камактын башталышы экен. Ишеналы Арабаев кыргыз элинин зор демократагартуучусу, улуу туңгуч окумуштуусу болгон.



КМУнин профессору

Аскар Осмонкулов

И.АРАБАЕВ - КЫРГЫЗ ЭЛИНИН КӨРҮНҮКТҮҮ ОКУМУШТУУ-АГАРТУУЧУСУ ЖАНА ПЕДАГОГУ

Башка элдер сыяктуу көп кылымдарды аркалап, канча заманды башынан өткөргөн кыргыз элинин өткөндөгү маданий-агартуу иштерине изилдөө жүргүзүү жагы алиге чейин толук колго алына элек десек жаңылыштык болбойт.

1951-жылы Кыргызстан Педагогика илим - изилдөө институту жаңыдан уюшулган кезде үч негизги проблеманын: республиканын эл агартуу ишинин тарыхын изилдөө, мектептерде айрым сабактардын окутулушун жакшыртуу маселелери, алдыңкы мугалимдердин тажрыйбаларын үйрөнүү жана аны жыйынтыктоо боюнча иштей тургандыгы көрсөтүлгөн эле. Андан бери 40 жылдан ашык убакыт өткөндүгүнө карабастан, анын бири да оозго аларлык деңгээлде изилденген жок. Өзгөчө, Совет бийлигинен мурдагы эл агартуу иштеринин тарыхы, республиканын ар кайсы райондоруна ачылган айрым мектептер, андагы окуу-тарбия иштери жөнүндө колго алып окуй турган монографиялык эмгектер, илимий-популярдык китептер эмес, институттун илимий кызматчылары тарабынан жазылган көлөмдүү макалаларды көрө элекпиз.

Алыска барбай эле ушул кылымдын башталышында Орто Азия боюнча эң чоң медреселердин бири Ош шаарына салдырган Алымбек датканын медресеси болгон. Анын ар кай-

сы бөлүмдөрү аркылуу кыргыздар жашаган бир катар жерлерден балдар окууга тартылып, окуу жайын бүткөндөн кийин чет өлкөлөргө барып окуганга чейинки аракеттер жасалган. Медреселнин өзүнө тиешелүү айдоо жерлери, сода, тамак-аш түйүндөрү болуп, экономикалык жактан эч кимге көз каранды болбогон билим берүү борборун жөнүндө айрым макалалар жарыяланганын билебиз.

Мындан 2-3 жыл мурда Чүй районундагы Дүрдүн мектебинин жүз жылдыгы басма сөздөрдө белгиленип, мектептин окуу-тарбия иштерин жакшыртуу максатында Алма-Ата, Ташкенден билимдүү кишилерди чакырып келгендигин баяндаган.

Ошондой эле элибизге кеңири белгилүү болгон Канат хандын, Байтик, Шабдан баатырдын салдырган мектептери, анда иштеген мугалимдер, анын бүтүрүүчүлөрүнүн кийинки тагдырлары жөнүндө эч кандай иликтөө иштери жүргүзүлбөгөндүктөн алар жөнүнжө китептер, жыйнактар эмес, басма сөздөрдө куш тилиндей маалыматтардын жыяланбай жаткандыгы бул маанилүү иштин учугун улаган мекеменин жоктугун билдирет.

Совет бийлигине чейин алыскы мамлекеттерге барып, атайын орто жана окуу жайларынан билим алып көп жыл бала окутуу ишинде элге белгилүү болгон молдокелер, агартуучулар тигил же бул облусту кыдырып сурамжыласа бир топ эле табыла тургандыгына карабастан, алардын эч кимисин аты аталып, жаштарга билим жана тарбия берүү ишиндеги жетишкендиктери жөнүндө илимизилдөө мекемелери тарабынан иштиктүү аракеттер жасалбай жаткандыгы бул маанилүү ишке көңүл бурбагандык катарында бааланууга тийиш.

Жакында эле Б. Исаковдун "Үмөт молдо" жөнүндө жазган макаласы ("Кыргыз туусу", 1992, 16-май) ушундай агартуучу-мугалимдин, дарыгердин артында бай мурастары калганын билип, чоң кызыгууну туудурду. Ал тогуз жашынан тартып Чүйгө келген чоң молдодон төрт жыл сабак алып, анан Таластан окуп, билимин тереңдетүү максатында 1912-1919-жылдары Олуя-Атадагы окуу жайын ийгиликтүү бүтүрөт. Ошондон тартып бүт өмүрүн агартуу иштерине жумшап, өз бетинче окуу менен адистигин жогорулаткан, кыргыз элинин санжырасын топтогон, табыпчылык кылган, дары-дармек чөптөрүн чогултуп, көп сандаган ооруларды айыктырган.

Учурунда К. Мифтахов менен байланыш түзүп, топтогон кол жазмаларын берет, бүгүнкү күндө республиканын Илимдер академиясынын фондусунда 43 китепчеден турган кол жазмалары жыйылып турганын, өзү камалганда үйүн тинтип бир атка жүк китептерин, кол жазмаларын КГБнын кишилери алып кеткенин, калгандары да эл арасында таралып, чачылып кеткенинин өзү эле канчалык көп мурастарды артына калтырганын айгинелейт. Ошондой болсо да мындай белгилүү педагогдун магалимдик кеси-

би, дарыгерлиги, санжырасы ж.б. мурастары жөнүндө эч кандай иликтөө иштери жүргүзүлбөй жаткандыгы кимди болсо да кайдыгер калтырбайт. Жакшылап иликтесе бардык кыргыз жергесинде мындай кишилердин дагы канчасы катылып жатканын санап чыгуу оңой эмес.

Ошондой эле Октябрь революциясына чейин элден-журттан суурулуп чыккан не бир жакшы кишилеribиз бар экендиги жөнүндө билип турсак Совет бийлигинин саясатынан коркконубуздан алардын үлгү боло турган иштерине терең талдоо берүү мындай турсун, атын атай албай келдик. Анткени 1930-жылдарда республикада болгон чоң алааматтын убагында алардын көбү болбогон шылтоолор менен ак жеринен камалып, атылып кеткендиктен, Коммунисттер партиясы жетекчилик кылып турган мезгилде өз эли үчүн канчалык көп кызмат өтөгөнү менен анын баары жокко чыгарылып, акты кара деп, ал турсун сөөгү коюлган жери да айтылбай келди.

Бул макалада өз убагында кыргыз элинин маданий-агартуу иштерин жакшыртуу үчүн бардык күчүн зарп кылган белгилүү окумуштуу-агартуучуларыбыздын эң алгачкыларынын бири, ак эмгеги менен элге кеңири таанымал болуп, жаштарга билим берүү, мектептердин окуу-тарбия иштерин жакшыртууда көп эмгектенген, алгачкы окуу-методикалык китептерди жазып, азыркы жетишкен маданиятыбыздын улуттук башаты болуу менен жалаң гана кыргыз эмес, б. г. Орто Азия, Казакстанга белгилүү болгон Ишенаалы Арабаев жөнүндө экинчи жолу сөз кылмакчыбыз.

Бул макаланы жазууга "Кыргыз туусуна" (1992-ж., бугу айынын 16сы) жарыяланган Өкмөтбүздүн кабыл алган буйругу менен көрүнүктүү окумуштуу-агартуучу Ишенаалы Арабаевдин туулган күнүнүн 110 жылдыгына даярдык көрүү жана аны өткөрүү боюнча составы 11кишиден турган өкмөттүк комиссиясынын жарыяланганы себеп болду.

Мындай буйрук кабыл алынганга чейин эле И. Арабаевдин өмүрү жана ишмердүүлүгү жөнүндө Кыргыз эл жазуучусу Т. Садыкбековдун, Кыргыз Университетинин доценти З. Бектеновдун, кинорежисер Ш. Апыловдун, өзүнүн окуучусу маркум Ж. Садыковдун жазган кызыктуу макалалары жарыяланган эле. Өзгөчө Ш. Бейшеналиевдин "Кыргыз туусуна" (1992, N 48, 49) басылган "Үч залкар" деген макаласында Молдо Кылыч, Сагымбай менен катар И. Арабаевдин өмүрү жана ишмердүүлүгү жөнүндө кеңири түшүнүк берип, ар кандай булактардан пайдалануу менен калың элге белгисиз болгон анын жеке турмушундагы ооц.-кыйыш жактарын, кандайча болуп илим, агартуу системасындагы жетекчилик кызматтан четтетилгенин, ага кандай саясий айыптар коюлганын, камоодо жатканда опсуз кордоо менен кыйнсолорго чыдабай 1934-жылы Ташкендин түрмөсүндө өлүп тынганын бир катар документтердин негизинде көрсөтүү менен

мындайча жыйынтыкталат: "Ишенаалы сөздүн терең маанисиндеги ири коом:дук саясий ишмер болгон. Интеллектуалдык түшүнүк дэңгээли жогору, өз доорундагы интеллигенттердин алдыңкысы, журт тагдырын башкы максат кылып койгон, араб, фарсы, турк, славян тилдериндеги адабияттарды такоолсуз окуп, шар сүйлөп, жакшы жаза билген, ичкерки шаарларды, сырткы өлкөлөрдү кыдырып, далай акылмандарга жолуккан кыргыздын кеменгер залкары болгону күмөн туудургус". Бул анын кыргыз элинин көрүнүктүү уулу И. Арабаевдин ишмердүүлүгү жөнүндө калыстык менен айтылган баасы деп түшүнөбүз.

Ал 1882-жылы Кочкор району Күн-Батыш айылында туулуп, ар кайсы жерде окуп, башталгыч билим алгандан кийин жашынан тартып эле бала окутууга киришет. 1907-жылы өз билиминин чала экенин түшүнүп, Караколго барып, ичкерки шаарлардан келген билимдүү мугалимден окуусун улантып, өзү бош болгон кезинде бала окутуп, жынын багыш үчүн каражат таап турат.

Бирок мурдатан бери бул аймакта ачылган диндик мектептердин жаштарга билим берүү системасы көпчүлүк элдин, коомчулуктун койгоч тараптарын канаттандыра албаганын окууга табигый жөндөмдүүлүгү бар И. Арабаев жакшы билген. Ал билим берүү системасында негизги орунда төмөнкү диндик мектептер ээлеп,көбүнчө исламды пропаганда кылуу жана аны эл арасына кеңири таратууга гана багытталган.

Билим берүүнүн тиби болгон медреселер алыскы шаарларда болуп, андан билим алууга тиешелүү каражат жетишпегендиктен, кыргыз жаштары мусулманча билим алуунун биринчи баскычын бүтүрүү менен гана чектелишкен. Андай мектептерде окутуу негизинен куранга негизделип, орто кылымдарда жазылып, көбүнчө Мухаммад пайгамбар ж.б. динге тиешелүү маалыматтар берилип, андан тышкары эсептен төрт амалды, тарых, географияга байланыштуу илимдер менен да үстүртөдөн таанышгыруу менен гана чектелген.

Традиция боюнча сабаттуу болуу үчүн билим берүүнүн башкы методу механикалык түрдө курандын сүрөөлөрүн жаттап алуу менен араб графикасында өзүнүн оюн жаза билүү болуп эсептелген. Мындай мектептин бүтүрүүчүлөрү көбүнесе айылдык жерлерде бала окутуу менен гана чектелип кен.

Ал эми чоң шаарларда ачылган медреселерде окуган жаштар мечитте иштей турган молдолорду, окумуштуу-геологдорду, мусулмандын укуктарын пропаганда кылуучуларды жана билимдүү мугалимдерди даярдаган. Андай окуу жайларынан билим алуу көбүнчө колунда байлыгы бар кишилер тарабынан гана турмушка ашырып, тиешелүү финансылык чыгымдарын төлөп турушкан. Бул окуу жайларында дин илимин, мусулмандардын укугун кеңири үйрөнүп,

араб тилинин грамматикасын, риторика, математика, география, астрономия ж.б. сабактарды да окушкан.

Бирок билим берүүнүн мусулмандык системасы ар кандай адистикке ээ болгон кишилердин көп болушун талап кылган капитализимдин өсүшүнө карай бара жаткан элдердин минималдык керектөөлөрүн да аткара алышпагандыктан, I-иретте Батыш Европалык мамлекеттердин, Россиянын окуу системасы менен тааныш болуп, эски тартиптеги мусулман мектептерине өзгөртүүлөр киргизип, илим менен техниканын жетишкендиктерин өздөштүргөн жаштардын санын көбөйтүү зарыл экендиги түшүнө баштаган. Ушуга байланыштуу татар, башкыр, азербайжан ж.б. түрк элдеринде окутуунун эски системасына реформа жүргүзүлүп, жаңыча окуткан мектептердин саны улам көбөйө баштады.

И. Арабаев мындай жаңылыктар менен тааныш болуп, биздин жергебизде да ошол сыяктуу өзгөртүүлөрдү киргизүүнүн зарыл экендигин жакшы түшүнгөн. Ошону үчүн ал өз жеринде бала окутуп жүргөн кезинде окуган китептеринин мазмунуна түшүнбөгөн балдарга боору ачып, мындай ойго келген: "Кап сени! Кудай таала бизди жарык дүйнөгө чыгарып, өз тилибизде китеп чыкса Кылычтын "Зар заманын" бастырып, калкыма таратсам дечү элем. Анан балдарга "Алиппе" окутуп, мазмунун сураганда маанисине түшүнбөй: Молдоке бул эмне деген сөз"деп сураганда, өзүбүз да маанисин билбегендиктен, болбогон бир нерселерди түшүндүргөн болуп, анан алар кетип жалгыз калганда көзүбүздөн жаш чыккан убакыт да болгон эле деп эскерген. *

И. Арабаев он жылга жакын бала окутуп жүргөн кезинде окутуунун методикасынын өркүндөтүп, окуучулардын сабаттуу болушун кантип тездетүү көп аракет жасаган. Билими тайкы айылдык молдолордон окуп, сөздөрдү көп жаттаганы менен анын маанисине түшүнбөгөндүктөн толук сезип, окутуу жаатында..гы өзүнүн бөксө жерин толтуруу максатында ички шаарлардагы медреседе барып, билимин жогорулатуу маселеси аябай тынчын алган. Экинчиден, Молдо Кылыч сыяктуу акындардын ырларын бастырып, окуучу балдар үчүн өз эне тилинде жазылган окуу китептерин бастырып чыгаруу жагы да кабыргасын кайыштырган. Ушул сыяктуу ойлорун иш жүзүнө ашыруу максатында жашы отузга келип калгандыгына карабастан, Оренбург, Казан шаарларына барып, анан Уфада ачылган "Галия медресесине" кирип, окуусун улантуу бактысына туш болот. Дал ошол жерге баргандан кийин бүткүл өмүрүн биротоло агартуу ишин өнүктүрүүгө арнаган. Ички шааралардагы

---

* Молдо Кылычтын 1911-жылы Казандан чыккан "Киссаи Зилзала" деген китебинен, 3-бет.

тарыхый-маданий эстеликтерди көрүү, прогрессивдүү адамдар менен таанышуу И. Арабаевдин билимге болгон кызыгуусун ого бетер көбөйтүп, анын коомдук-саясый жана маданий көз карашын калыпка келтирүүдө чечүүчү ролду ойноду, анткени бизге караганда бир кыйла өнүккөн татар, башкыр элдеринин маданияты менен таанышуунун натыйжасында ал көп жаңылыктарды үйрөнүүгө жетишти.

Уфада окуп жүргөндө көптөн бери тынчын алып, терең ойлонткон максаттарын акырындап ишке ашыра баштады. Алды менен Молдо Кылычтын "Киссаи Зилзала" деген кол жазмасын китеп кылып чыгарды. Өзү менен бирге окуган Х. Сарсекеев менен бирдикте кыргыз-казак балдарына арналган "Алифба яки төтө окуу" деген алиппесин бастырышат. Буга чейин казак тилинде басылган "Алиппе" китептери бир канча болсо да кыргыз балдарына арналган биринчи китеп болуп саналат. Ошол жагынан бул окуу китебинин мааниси абдан чоң экендиги талашсыз.

Кийинки жылы "Жазуу өрнөктөрү" деген китепчесин жазып, аны Оренбург шаарындагы "Вакыт" басмасынан чыгарат. Ушунун өзү эле ага окшогон башка студенттер күндөлүк сабактарын окууга араң жетишип жүргөндө, И. Арабаев алдыңкылардан болуп сабактарын эң жакшы окуп, жайкысын казак айылдарын кыдырып бала окутат да, өзүн бага турган акча-тыйын топтойт. Анан жогоруда көрсөтүлгөндөй окуу китептерин жазып, аны басмадан чыгаруунун өзү эле канчалык көп иштерди бүтүргөндүгүнө далил болот. Андан бери бир кылымга жакын убакыт өтсө да, тигил же бул шаарда окуп жүргөн кыргыз жаштарынын ичинен мындай чоң иштерди бүтүргөн студенттери көргөнүбүз же укканыбыз жок. Окуп жүрүп өз элинин келечегин ойлоо менен канчалык кыйынчылык болгондугуна кайыл болуп, үч китепти басууга жетишүүнүн өзү эле чоң эрдик экендигин өзгөчө белгилеп көрсөтүүгө тийишпиз. Ошол кезде көрүп кайра катып кое турган китептер жок болуп турган кезде элибизде билим берүү системасынын аябай начар экендигине толук түшүнүп, ага аз болсо да көмөк көрсөтүү максатында бардык кыйынчылыктарга чыдап, аны турмушка ашыруу ар кимдин эле колунан келе бербестиги бышык.

Эми өз эне тилинде окуу китептерин басып чыгарганды жакшыртуу боюнча мындай бир кырдаалды эске алып коюу керек.

XX кылымдын башында Орто Азия жана Казакстан боюнча орустук-жергиликтүү мектептердин саны көбөйтүп, окуучулардын сабатсыздыгын жоюу боюнча тыбыш методу менен окуутуунун артыкчылыгы белгилүү боло баштайт. 1902-жылы Ташкеттик мугалим С.Саидазизов тарабынан тыбыш методунун негизинде жазылган биринчи өзбек алиппеси басылып чыгат. Бул китеп андан кийин 14 жолу басылып, өз убагында андан кыргыз мектептери да пайдаланышкан. Ушул окуу китебинин методикалык түзүлүшү

жагынан ага чейинки алиппе китептеринен айырмаланып, адегенде айтууга жеңил тамгаларды окуп, татаал тамгалар китептин аягында берилген. Ар түрдүү жазыла турган тамгалардын сөз башында, ортосунда жана сөз аягында келгенине карата мисалдар келтирет. Алиппеден кийинки мезгилде окуу үчүн мазмуну жеңил, түшүнүүгө оңой болгон ырлар, тамсил, макала-лакаптар көп берилип, бир катары орус тилиндеги китептерден которулуп алынган.

Үчүнчү бөлүмү курандын алиппеси болуп, аны жак-шы билсин үчүн айрым сүрөөлөрүн өзбекче которуп берген. Китептин эң баалуу жагы ал өзбекче жазылып окуучулардын тезинин сабаттуу болуп чыгышына мүмкүнчүлүк бергендигине. Ошол жылдары мындай алиппе китептерин жазган кишилердин саны көбөйүп, баш-аягы он бешке жакын китептер жарык көргөн.*

Ушул мезгилде казак тилинде да бир катар алиппе китептери басылат. Алардын ичинде М. Дебердиевдин "Казак балаларына кирагат китеби", М.Нурбаевдин "Казакша алиппе", И. Арабаев менен Х. Сарсекеевдин "Алифба йаки төтө окуу", М. Молдобаевдин "Казакша эң жаңы алиппе", С. Кубаевдин "Үлгүлүү бала", Бейсен уулунун "Казакша дурус жазуу кагидалары" ж.б. окуу куралдары басылып чыгат.**

Арабаевдер жазган "Алиппенин" кириш сөзүндө окууга жаңыдан келген кыргыз, казак балдарын сабаттуу кылуу үчүн жаңы метод тартибинде жазылгандыгын белгилеп, окуучуларды батырак сабаттуу кылып чыгаруу менен айырмалана тургандыгы көрсөтүлгөн. Ошого караганда ага чейинки алиппе китептеринин кээ бир жерлери үлгү катары алынса да окуучулардын сабаттуу болушун тездетүү үчүн бир катар жаңы методикалык ыкмалар пайдаланып, мүмкүн болушунча анын материалдарын жеңилдетип берүүгө аракет кылышканы байкалат. Бул китеп жөнүндө казак китептерин изилдөөчү А.К. Бектемисов бул "алиппе" окуучулар үчүн бир :::йла жеңилдетип түзүлгөнүнө мисалдар келтирген.

Китептин аягында элдик оозеки чыгармалардын үлгүлөрүн жыйноо менен унутулуп бара жаткан кыргыз элинин байлыктарын сактап калуу максатында алиппенин аягына ар кандай ырларды, табышмактарды, макал-лакаптарды, тарыхый мааниси бар чыгармаларды салып жиберүүлөрүн өтүнгөн.

1912-жылы "Айкап"журналынын N I-санына "Оренбордон

---

* Н. Абдулдаев. Обучение грамоте в старых узбекских школах, Ташкент, 1961, стр. 10.

** А.К. Бектемисов. Книгоиздание в Советском Казахстане, Алма-Ата, 1970, 33-бет.

Ташкенге келе эскерүү" очерки жарыяланып, анда бул шаардагы медресе жана анда окуган казак-кыргыз балдарынын санын көбөйтүп, билимдүү кылуу жөнүндө өз пикирин ортого салат. Көрсө, Уфага барганга чейин мында бир жылча окуган экен.

Уфадан окуусун ийгиликтүү бүтүргөндөн кийин иштеген Коңур-Өлөң айлына келет да, мугалимдик ишин андан ары улантат. 1915-жылы Тоңдогу Төрт-Күл кантонуна которулуп, балдардын окуусун жакшыртуу үчүн бардык күч-аракетин жумшайт. Ушул жылдары Нарын, Каракол кантондоруна да мектептер ачып, жер-жерлердеги агартуу иштерине көмөк берет.

И. Арабаевдин ою боюнча мектептер ар бир баланын билимин жогорулатып, акыл-эсин байытып турууну камсыз кылууга тийиш. Аны үчүн балдарга айлана-чөйрөдөгү турмуш жана жаратылыш жөнүндө кеңири түшүнүк берип, ар кандай китептерди көп окууга тийиш деп эсептеген. Ошондуктан окуучуларды мугалимдин айтканын кунт коюп угуп, өтүлгөн сабакты талапка ылайык өздөш- түрүүгө жана мыкты окууга чакырган.

Эл арасында жаңы мектептерди уюштуруу ишине активдүү катышып, ар бир болушта өзүнчө мектеп ачуунун зарылдыгын, мугалимдер кадрларын даярдоо жөнүндө көп аракет жасаган. Жаңыдан иштей баштаган мугалимдерди өз тажрыйбасы менен тааныштырып, бала окуутунун ар кандай методикалык ыкмаларын шакирттерине үйрөтүүгө аракеттенген.

Ал элдик оозеки чыгармалардын үлгүлөрүнө абдан кызыгуу менен аны өз ишинде кеңири пайдаланып, казак, татар, өзбек тилинде чыккан газета, журналдарды үзбөй окуу менен кыргыз элинин келечеги жөнүндө ой жүгүртүүнүн натыйжасында анын мектеби жаңы багытта болгондугу менен айырмаланган. Ал улам жаңы мектеп ачып, өзүнүн айланасына бир катар демилгелүү мугалимдерди чогултуп, эми ишти кызуу жүргүзө баштаган кезде 1916-жылдагы кыргыздын козголону башталып, үркүндө кыргынга учураган эл менен аргасыздан Кытайга (Үч-Турпанга) качат. Ал жакта жүрүп мал-мүлкүнөн ажыраган, арып-ачкан эл менен бирге падыша өкмөтү кулагандан кийин гана кайрадан өз жерине келип, азыркы Тоң району Коңур-Өлөң жериликтүү Комитетинин башчысы болуп, малмүлктөн кол жууган мусапырларга камкордук көрөт. Анын "Казак" газетасына (1917, 17-июнь) "Бечара кыргыз бооруңарды унутпагыла" деген макаласы жарыяланып, казак журтчулугу тарабынан көп жардам алууга себепчи болду. Ошол макаланын алдына редакция тарабынан мындай кошумча берилген: Бу. катты И. Арабаев Уфадагы "Медресе Галийди" бүтүрүп, элине чоң медресе ачып, өзүнө талапташ маалымдарды алдырып карацгы кыргызга илим нурун чачып турган өз улутунун жигити. Былтыркы кесепеттүү 25-июнь жардыгы кыргыз элине бүлүк түшүрүп, Кытай

жерине боздуруп, кыргынга, ачарчылыкка дуушар кылды. Алаштын азаматтары! Эгер таш боор болбосоңор, кыймылдагыла! Журтчулук кылгыла, пейилди кең салгыла! ("Бишкек шамы" 1991, 29-август) Ушунун өзү эле Ишенааалынын кошуна казак элинин алдында канчалык кадыр-баркы бар экендигин билдирип турат.

Ал 1918-жылдан тартып өкмөттүн башкаруу чөйрөсүнө кошулуп, Түркстан эл агартуу комиссариатынын тапшырмасы боюнча бир катар кыска мөөнөттүү педагогикалык курстарды уюштуруп, аны окуп бүтүргөндөр өз райондорунда ошондой курстарды уюштуруу менен мугалимдердин саны жылдан-жылга көбөйө баштайт. Ошентип, алгачкы мугалимдердин көбү Арабаев уюштурган курстун бүтүрүүчүлөрү болуп саналат. 1920-жылдардан тартып Алма-Атада жашоо менен жооптуу кызматтарда иштеп, бир катар борбордук жана жергиликтүү съезддерге делегат болуп шайланат. Ошол кезде өзү алыс иштесе да Тоңдогу мектеби менен дайыма байланышта болуп, Төрт-Кул айлына мектебин салдырып, ага мыкты деген мугалимдерди топтогон. Андагы шакирттери менен дайыма кат жазышып, кезегинде Тоңго келгенде кем карчысын толуктап, келечекте мыкты болушу үчүн дайыма кам көрүп турган.

1923-жылы Ташкентке которулуп, Туркстан эл агартуу комиссариатынын инспектору жана коллегия мүчөсү болуп иштейт. Ушул жылдарды эл агартуу иштерин жакшыртууга байланыштуу ар кандай чогулуштарды өткөрүп, докладдар жасап, көрсөтмөлөр берип, окуу-методикалык китептерди түзүү боюнча көп жумуштарды аткарууга үлгүрөт. 1922-жылы Жети-Суу облустук "Кошчу" бирлигинин орун басары болуп турганда Москвадагы Бүткүл Россиялык Советтердин IX съездине делегат болуп барган.

1924-жылы июнь айында Оренбургда өткөрүлгөн казак-кыргыз илимпоздорунун I-съездине Туркстан АССРинин эл агартуу Комиссариатынын өкүлү катарында делегат болуп шайлануу менен күн тартибине коюлган маселелер боюнча доклад жасап, бир жолу жарыш сөзгө чыгып сүйлөйт. 1925-жылы июнда өткөрүлгөн Кыргызстан мугалимдеринин тунгуч съездинде К. Тыныстанов кыргыз жазуусу, И.Арабаев илимий терминдерди кабыл алуу боюнча докладдар жасашкан. 1926-жылы жаңы латын алфавитине өтүү боюнча Бакуда өткөрүлгөн туркологдордун бүткүл союздук съездине О. Алиев, К. Тыныстанов, И.Арабаевдер Кыргызстандан делегат болуп барышып, съездин күн тартибендиги бардык маселелер боюнча активдүү катышат. 1924-жылы Кыргызстан өзүнчө автономиялык область болуп бөлүнгөндөн тартып, Ишенааалы Кыргыз облревкомунун мүчөсү, илим комиссиясынын (кийин академ. борбордун) төрагасы, "Эркин-Тоо" газетасынын (О. Алиев, С.Карачев менен бирге) редколлегиясынын мүчөсү болуп, бир катар мамлекеттик иштерди өтө билгичтик жана

жоопкерчилик менен аткарууга жетишкен. Илим комиссиясынын негизги милдети эл агартуу иштерин жакшыртуу үчүн ага терең талдоо жүргүзүп элдин өкүлдөрүн илимий иштерге тартуу менен зарыл керектүү болгон окуу-методикалык жана адабий китептердин планын түзүп, эл агартуу комиссариатынын алдындагы илимий-методикалык мекемелердин иштерине жетекчилик кылып, аларга тиешелүү көрсөтмөлөрдү берүү менен биринчи иретте эне тилинин программасын, окуу китептеринин кошумча окуу куралдарын түзүү болгон.

Ошол кезде мындай иштерди өз убагында сапаттуу кылып бүтүрө турган кадрлар жок болгондуктан, ага чейин окуу-методикалык китептерди түзүү жагынан жетишерлик билими жана тажрыйбасы бар окумуштуу-методист катарында мындай жооптуу иштерди тезинен бүтүрүү И. Арабаевдин энчисине туура келген. Ал казак-кыргыз билим комиссиясынын тапшыруусу боюнча алгачкы "Кыргыз алиппесин" жазып, 1924-жылы төрт миң тираж менен Ташкенден басылып чыгат.

Китептин кириш сөзүндө бул шашылыш түрдө жазылып, мугалимдердин талкуусуна түшпөгөндүктөн, анын үстүнө Ташкендеги кызматчыларыбыздын күчүнүн аздыгынан көп кемчиликтери болсо да бир жылга жетерлик кылып гана бастырып жатабыз. Ошондуктан "Алиппени" окуткан мугалимдерден өтүнүп сурарыбыз аны түбүнөн түрө текширип кароо менен өз пикириңиздерди билдирип коюуңуздарды өтүнөбүз. Анын бардыгын экинчи басылышына карай оңдоо менен мугалимдерге рахматыбызды айтыбыз - деп жазылган.

Автор белгилеп көрсөткөндөй полиграфиялык базанын жоктугунан китепке бир да сүрөт берилбей, тигил же бул тамгаларды үйрөтүүгө байланыштуу сөздөрдүн саны да жетишсиз болуп, анын ичинен кээ бири ылайыксыз болуп, окуучулар үчүн кээде түшүнүксүз сөздөр кирип кеткени эскертилет. Андай кемчиликтери болсо да өз учурунда "дың" бузган алгачкы алиппе жана кийинки түзүүчүлөр үчүн үлгү болуп, эне тилинде басылган китеп жок болуп, окуучулар суусап турган кезде анын жарык көрүшүнүн мааниси абдан чоң болгундугу талашсыз.

Анын өзү кыргыз элинин маданий-агартуу турмушундагы эң чоң окуялардын бири болду, анткени ага чейин татар, өзбек тилиндеги китептерди окуп келген кыргыз балдары эми өз эне тилинде окууга, жазууга үйрөнүү менен алардын сабаттуу болушун бир кыйла жеңилдетти.

"Алиппе" китебинин улам кийинки басылышына карата көп оңдоолор, олуттуу өзгөртүүлөр, алымча-кошумчалар киргизүү менен анын сапаты бир кыйла жакшыртылды. Алсак, 1925-жылы экинчи басылышында көлөмү 58 беттен 84 бетке көбөйтүлүп, кыргыз элинин каада-салтын, урп-адатын терең билүүгө байланыштуу элдик оозеки чыгармалардын үлгүсүнөн окуучулардын жаш

өзгөчөлүктөрүнө карай кошумчаланат. Ошол эле "Алиппе-ге" бир катар оңдоолор киргизүү менен 1928-жылы 128 бет болуп басылат. 1930-жылы бул окуу китебинин авторлор коллективине Сатыбалды, Султандар кошулуп, бүтүн сөз методунун негизинде кайрадан түзүү менен мурункусундай ар бир тыбышты үйрөтүүгө карата өзүнчө бир бет берилбей, ошол тыбыштарды катыштырып, бүтүн сөз методу менен түзүлөт.

Жыйынтыктап айтканда И.Арабаев тарабынан түзүлгөн "Кыргыз алиппеси" өз учурунда улам оңдоолор, түзүтүүлөр киргизүүнүн натыйжасында эң мыкты жазылган татыктуу окуу китеби болуп, кийинки алиппе китептери үчүн үлгү болуп калса да, ак жеринен жамандалып камакка алынгандан кийин бул окуу китептерин жазуу иши башка авторлор коллективине тапшырылган.

И. Арабаев балдарын акыл-эсин байытууну камсыз кыла турган билим берүүнүн кубаттап, айлана-чөйрөдөгү чындыкты, жаратылыштын кубулуштары менен жыл мезгилдери жөнүндө кеңири түшүнүк берүүнүн зарыл экендигин көрсөтүп, кыргыздын үрп-адаттары, каада-салттары менен тааныштыруунун маанисин чоң экендигине өзгөчө белгилеген. Ошондой болгондо гана, окуучулар ага этияттык менен мамиле жасоого аны терең өздөштүрөт деп эсептеген.

Ал элдик оозеки чыгармалардын үлгүлөрүн жыйноого, өзгөчө "Манас" эпосунун ар кандай варианттарын жазып калууга көп көңүл бурган. Революцияга чейин эле Тыныбек манасчыдан "Семетейдин" Айчүрөккө үйлөнгөн жерин" жазып алып, аны 1925-жылы Москвада "Элдик эпос Семетей" деген китепти (баш сөзүн жазып) бастырат. Илим комиссиясын төрагасы болуп турганда бул ишти андан ары улантып, оозеки чыгармалардын ар кандай түрлөрүн чогултууна колго алып, "Эл адабиятын жыйноочуларга колдонмо" түзүп, ошонун негизинде жер-жерлерде командировкада болуп, ар кайсы жактарга каттар жазылып, макалалар жарыяланып, ар кимдер тарабынан чогулткан кол жазмалар илим-изилдөө институтуна өткөрүлө башиайт. И. Арабаев "Манас" эпосун эл оозунан жыйноо ишинин эң биринчи демилгечиси болуп, Сагымбай Орозбак уулунун айткандарын бүт жаздырып калуу үчүн адегенде Каюм Мифтаховго жаздырып, анан бул ишке жан-дили менен берилип, артынан сая түшүүгө куштар болуп жүргөн Ыбырайым Абдрахман уулуна тапшырып, ал 4-5 жылдын ичинде Манастын туулганынан каза болгонуна чейинки жомоктун биринчи бөлүмүн (500 басма табак) бүт жазып аалуга үлгүрдү. Боогачы Жакыпбек уулунун ырларын топтоп "Сскетбай" деген ат менен Москвадан өзүнчө китеп бастырып чыгат.

Бир макалада И. Арабаевдин ишмердүүлүгүнүн бардык салаарына карата толук баян кылуу мүмкүн болбогондуктан, мектеп балдарына жана чоңдорго арналган "Алиппе" китептеринин мазмуну жана анын илимий-методикалык

түзүлүшүнө карата айрым пикирлерди айтууну ылайык көрдүк.

1924-жылы басылган "Алиппе" китеби жогоруда көрсөтүлгөндөй шашылыш түрдө жазылса да, эчен бөлүмдөн туруп тыбыш методунун негизинде түзүлүү менен алиппе мезгили 24 бетти ээлеп (азыркы алиппеде 78 бет), көлөмү жагынан аз болгону менен ар бир тыбыштын сөздүн башында, ортосунда жана аягында келишине карата мисал келтирген сөздөрдүн саны жагынан азыркы алиппеден көптүк кылат. Мисалы, г тыбышын үйрөтүүгө карата 24 сөз таблица түрүндө берилип, дагы ошончо сөз айкашы сүйлөмдөр алынган.

Калган тыбыштарды үйрөтүү үчүн да болжол менен ошончо сөздөр жана сөз айкаштары алынат. Анын өзү окуучулардын сөз байлыгын өстүрүп, ошол тыбыштар катышкан сөздөрдүн туура окулушун жана жазылышын үйрөнүү ишине көп көңүл бурулгандыгын көрсөтөт.

Г тыбышын үйрөтүүгө карата таблица түрүндө отуздан ашык сөз берилип, анан төмөнкүдөй сүйлөмдөрдү окууга сунуш кылынат. Тамчы шорголоду. Малчы малга тамга салды. Сагакы атка минди. Атага бала кубаныч. Сагын окууга барды. Сабагыңды жакшы оку. Мындай сүйлөмдөргө г тыбышы катышкан сөздөрдү туура окууга бат машыгып, туура жазууга үйрөнүшөт. Мындагы ат менен жоргонун, желдирди-жорголоду, тамчы тамды - тамчы шорголоду, малга белги салды - тамга салды деген сүйлөмдөрдөгү айтылышы жагынан ар түрдүү болгону менен мааниси жагынан бири-бирине жакын экендигин окуучулар ажыратып билүү менен алардын сөз байлыгын көбөйтүү жагына өзгөчө көп көңүл бурулган. Бул жагынан бүгүнкү күндө пайдаланып жүргөн "Алиппе" китептерине да көп жагынан таасир берип, үлгү болууга татыктуу.



Кыргыз эл жазуучусу,
академик

Түгөлбай Сыдыкбеков

ИШЕНААЛЫ АРАБАЙ УЛУУ

"Алип-бээ жаки төтө окуу" - "Букварь или обучение скоростному чтению" кыргыз тилинин саамалык жазмасы (азбука) Уфадагы "Шарк" басмасынан 1911-жылы 53 бет көлөмүндө жарык көрдү. Ошондон тартып эне тилибизде: "Имланын эрежеси", же "Жазуу өрнөктөрү" - "Основы правописания" Оренбургда "Вакыт" басмасынан 1912-жылы жарык көрдү. "Оренбургдан Ташкенге келгече" жол очерки Троицкда чыгуучу "Айкап" журналынын N 1 санына басылды.

"Алип-бээ" Совет мезгилинде жарык көргөн эң алгачкы басма сөз 58 бет, Ташкент, Орто Азия мамлекеттик басмасы, 1924-жыл. "Кыргыз алип-бээси" оңдолуп, толукталып экинчи басылыши. "Жазуу жолунда саамалык" - эне тил боюнча туура жазуу мугалимдер үчүн колдонмо, 23 бет. Бул эмгектер 1925-жылы Москвадагы СССР элдеринин Борбордук басмасынан жарык көрдү. Ошондой эле ошол эле жылы Борбордук басмадан "Баштооч мектептерге эсеп үйрөтүү жолу" китепче болуп чыкты.

"Алип-бээ" Социалисттик Чыгыштын мектептери үчүн, 128 бет, Кыргыз мамлекеттик басмасы, 1928-жыл, "Жаңылык" чоңдор үчүн алип-бээ, "Биздин мектеп" балдар үчүн алип-бээ 1930-жылы, "Эл адабиятын жыйноочуларга

колдонмо" 1931-жылы Кыргыз мамлекеттик басмасында басылып турду.

Жогоруда аталган китептер - Ишенаалы Арабай уулу жазган тунгуч басма сөз саамалыктары. Ал эми ушул алгачкы окуу куралдарын жараткан Ишенаалы Арабай уулу "Табият тааануу" окуу куралына Д. Шамгунов менен, "Жаңылыкка" К.Карасаев менен авторлош. "Табият тааануу" СССР элдеринин Борбордук басмаканасында 1932-жылы басылды.

Элдик эпос "Семетейден" өзү жазып алган бөлүмгө баш сөз жазып, Боогачы Жакыпбек уулунун "Секетбайын" түздү. Экөө бирдей 1925-жылы СССР элдеринин Борбордук басмасынан жарык көрдү.

Ошондой эле, "В.И.Лениндин өмүр баяны жана иштеген иши" деген эмгекти жыйнактап түзүп, ага Абылкасым Жутаке уулунун "Ленин кошогу" дастанын кошуп, 1925-жылы Ташкенден чыгартты. В.И. Лениндин "Жаштар Союзунун милдети" деген 2-өктөбүр, 1920-жылы жалпы россиялык жаштарынын үчүнчү с"ездин сүйлөгөн сөзүн кыргыз тилине которуп, 1926-жылы СССР элдеринин Борбордук басмасынан чыгарды. Карпинскийдин "Эмгекчи дыйкандардын көсөмү" деген Ленин жөнүндөгү эмгегин, Г.И. Ивановдун "Географиянын баштапкы курсунун" биринчи бөлүмүн кыргыз тилине которду.

Жалпы эле агартуу ишине колунан келишинче ушунчалык ак эмгек өтөгөн Ишенаалы Арабай уулу деле өзү ким болгон? Тоо арасында күн көргөн кадимки көчмөн үй-бүлөдө өз балалык курагын өткөрүп, сергек өскөн Ишеналы илимге умтулду.

Ал Уфадагы туземдик орус мектеби деңгээлинде илим берүүчү "Медресе Галияны" 1913-жылы бүтүрүп келген соң 1916-жылга чейин Ысык-көл менен Нарын аймагында бала окутуп жүрдү.

Бүткүл Жети-Суу эли ак падышанын кысымына каршы баш көтөргөн козголоңду падышанын жазалоо кошуну аёсуз басканда кийин эркисизден ата конушун калтырган жердештери менен бирге Ишенаалы Үч-Турпанга барып, Өктөбүр көңтөрүшүнөн кийин Мекенге кайтты.

1918-жылдан тартып Жети-Суу ревкомунун мүчөсү, облусттук Союз Кошчунун төрагасынын орун басары болуп иштеп турган кезинде 1922-жылы Москөөдө өткөн Жалпы Россиялык Советтин IX с"ездине өкүл катары катышты. Ошол эле жылы, ал Туркстан АССРинин Эл агартуу комиссариатында иштеп, жаңы уюшулган Кыргыз илим-билим комиссиясын башкарды.

Ал комиссиянын өз наамы айкындап тургандай - анын өтөгөн иши эне тилибиздин өзгөчөлүгүнө ылайыктап алфавит түзүү, жаңы окууга шарттуу "Алип-бээ" китебин жазуу, чоңдор үчүн окуу куралын түзүү, мугалимдерге методикалык колдонмолор даярдоо, оозеки чыгармаларды

жыйноо жана аларды бастыруу, терминдерди иштөөгө киришүү, эне тилибизде кезит, журнал чыгаруу камын көрүү.

Бул алгачкы кара кыргыз илим-билим комиссиясынын мүчөлөрү жаш тилчи-акын Касым Тыныстан уулу, Ташкендеги казак, кыргыз таалим-тарбия институтун жаңы бүтүргөн Базаркул Даныяр уулу, кийинчерек штаттан тышкары Кусейин Карасай уулу, комиссияның катчысы Константин Кузмич Юдахин ошол кезден жаңы илим, маданияттын учугун улашкандар.

1924-жылы июнь айында Оренбургда өткөн казак, кыргыз илимпоздорунун туңгуч жыйынына Ишенаалы Арабай уулу Туркстан АССРинин Эл агартуу комиссариатынан өкүл (делегат) болуп катышты.

Ал жыйында: жазуу эрежелери, Алиппе маселеси, ооз эки адабиятты жыйноо, окуу китептерди, илимий адабияттарды көбөйтүү чаралары, башталгыч мектептердин программасы сыяктуу эң кыжаалат жана маанилүү маселелер каралды.

- Казак, кыргыз калкы караңгы наадандыктан бошонуп, маданият жолуна түшкөнүн көрсөттү... - деди Ишенаалы ал жыйында. - Өктөбүр Көңтөрүшү элдин турмушуна кандай өзгөрүш киргизсе, илим адабият жүзүнө да ошондой өзгөрүш жасады. Биздин бул жыйында иштеп олтурган ишибиз да ошол көңтөрүштүн бир жемиши... Казак, кыргыз калкынын уйкусу ачылып, маданият жолуна илгери басуу үчүн мындан ары бардык күчүбүздү Кеңеш өкмөтү жүктөгөн ишке чегүүбүз керек (Казак, кыргыз илимпоздорунун туңгуч жыйыны, 1925-жыл 117-бет.).

1924-жылы кыргыз эли эркүү Кара кыргыз облусу болуп бөлүнөр алдында Орто Азия бүйрөсүнүн тапшыруусу боюнча, Кара кыргыз илим-билим кемесиясын эне тилинде кезит чыгаруу камылгасын өз мүмкүнчүлүктөрүнө карай кыйла дыкан өтөштү. Улут тилинде жаралган туңгуч кезитибиздин биринчи саны Өктөбүр көңтөрүшүнүн урматына - 1924-жылы 7-ноябрда жарык көрдү.

Ушул туңгуч кезитибизге арналган "Эркин Тоо" деген макаласында Ишенаалы буларды жазды: "Эзелден берки кыргыз элинин мекени Ала-Тоо, Улуу-Тоо болгон. Саргарып, зарыгып алдынан күткөн үмүтү эркиндик, теңдик болгон эле. Мына эми кыргыз элинин көптөн күткөн эркиндиги өз колуна тийип эркүү облус - өзүнчө мамлекет болуп түтүн булатып олтурат. Ошондуктан кезитибиздин атын "Эркин Тоо" койдук. Эми "Эркин Тоону" колуңардан чыгарбай бек кармап, үзбөй окуп, мунун бетине арыз-муңуңарды тартынбай жазып тургула" ("Эркин-Тоо", 7-ноябрь, 1924-жыл, 1-саны).

Ушул жерден эске алар дагы бир маанилүү кырдаал: - Касымдын Кеңеш өкмөтүнө арнап казак тилинде жыйырманчы жылы эле жазган "Таң", "Бүгүнкү күн" деген ырларынын бирин чыгаралы. Туңуч кезитибизде акын үнү угулсун, - деген пикирди Касым кубаттап, мурдатан өзүм

уюштуруп жүрүп өз ырымды басканым уят болор. Арабызга жаңы келген Садык Карач уулунун кезитке арнаган "Эркин-Тоо" деген ыры басылсын, - дейт.

Анда Садык:

- Жаңы келсем да мени жооптуу катчы койдуңар. Өзүм чыгарып жатып, өз ырымды басканым кандай болор экен. Ушунда бир сары жигит ыр жазып жүргөндөй көрүнгөн. Сураштырып көрөлүчү, - деп Сыдык иликтеп, ошол кезде Ташкенден чыгып турган "Ак-жол" деген казак кезитинин башкармасынан (редакциясынан) Аалы Токомбай уулунун "Өктөбүрдүн келген кезин" алып, биринчи санга чыгарышат. Кезиттин экинчи санына атайы арналган Сыдык Карач уулунун "Эркин-Тоо" деген ыры, үчүнчү санга Касым Тыныстан уулунун "Койчуман менен Бакачы" деген аңгемеси, алтынчы санга Мукай Элебай уулунун айтылуу "Зарыгамы" басылат.

Туңгуч кезитибиздин чыгышына байланыштуу жогоруда биз жазма адабиятыбыздын башатын эске ала кеттик. Неге дегенде жазмабыз менен адабиятыбыздын өзөктөш өнүгүшү бул аныктаманы дайыма талап этет.

Ал эми колунан келишинче жазмабыздын башатына өз салымын кошкон Ишенаалы Арабай уулу илим-билим кемесиясынын тапшыруусу боюнча "Кыргыз алипбесин" түзүп, билим кемесиясынын кабылдоосу менен 1924-жылы Орто Азия мамлекеттик басмасынан Ташкенде 4000 нускада жарык көрдү.

Ушул "Алип бээнин" баш сөзүндө автор буларды жазды: "Муна бул "Алип бээни" Кара кыргыз кемесиясы бөлүнө электен мурда, ашыгыш түрдө жаздык. Ошондуктан бул "Алип бээнин" кемчиликтери албетте бар. Ал кемчиликтерди дароо оңдоп жибере албаган себебибиз: 1) Мугалимибиздин тажрибасынын аздыгы, 2)кыргыздагы калем тартарлык окугандарыбыздын жана да мугалимдеribиздин талкуусуна түшпөгөндүк, 3) Ташкендеги кызматчыларыбыздын күчүнүн аздыгы болду. Ошон үчүн бул жылкы бастырылган китептеribизди өлчөп бир жылга жетерлик кана кылып бастырып олтурабыз" (Арабай уулу "Кыргыз алип бээси", Ташкент, 1924-ж.).

Билим көксөгөн калкыбызга жана алардын уул, кызына илим-билим жайган баштапкы окуу куралдары да дал ушундай демилгеде өнүгө баштады Жыгырманчы жылдын башында дал ошол Ишенаалы, Касым, Кусейиндер түзүшкөн "Алип бээ", "Окуу китептеринен" илим улаган улан, кыздар отузунчу жылдын башында бири мугалим, бири журналист, бири жазуучу, бири агроном, сүрөтчү, инженер болуп чыга келишти.

Жазуу эрежесин тактоодо, жалпы эле илим-билимди, адабиятты өстүрүүдө тынымсыз кызмат өтөгөн туңгуч тилчи-окумуштуулардын бири Ишенаалы Арабай уулу 1926-жылы Бакуда өткөн биринчи түркологиялык жыйынга өкүл болуп катышты.

Арап тамгасынан латын тамгасына көчөр замат жаштардан тилчи-окумуштуу чыгышына тилектеш Ишенаалы Кусейин Карасай уулу менен авторлошуп чоңдор үчүн "Жаңылык" алип-бээсин түзүштү. Ал, 1928-жылы латын тамгасында 10000 нускада жарык көрдү.

Ушул жерден эскерер дагы бир маанилүү маалымат:

Азыркы кезде Москвада Революция музейинде сакталып турган "Жаңылык" алип бээ китеби жөнүндө ЮНЕСКОнун "Курьеринде" маалымат берилип, китептин сүрөтү басылган.

Тил илиминин кандидаты Аскар Осмонкуловдун "Кыргызстанда агартуу иштеринин тарыхы жана кыргыз тилин окутуу" (Мектеп" басмасы, 1974-жылы басылып чыккан) китебинде, профессор Киреше Иманалиевдин "Мектептерде эне тилди үйрөнүү тарыхы боюнча баштапкы эмгек" ("Кыргызстан маданияты", 1975-жыл, 17-июнь), тилчи Зияш Бектеновдун "Кыргыз алип бээлеринин, орфографиясынын өнүгүш башаты" ("Эл агартуу" журналы 1975-жыл, N 8-саны) жана башка эмгектерде Ишенаалы Арабай уулу окумуштуу - агартуучу катары алгачкы жазмабызга кошкон салымы менен маданият тарыхынан ак ордун ээлегендигин эскерсек, Өктөбүр көңтөрүшүнүн жетимиш жылдыгын урматтаган болор элек.

Тилекке каршы, "Сагынбай Орозбак уулунун "Манасын" улутчул Ишенаалы Арабай уулу жазган" деген айрым адамдардын "аныктамасы" жарыя айтылгандыктан жооп иретинде бизге ушул маалыматтарды билдирүүгө туура келди.

1. "Манасты" элдик мурас катары кагазга түшүрүү жеке Арабай уулу эмес, ошо жыйырманчы жылдардын башында түзүлгөн илим-билим кемесиясынын демилгеси.

2. Ишенаалы Арабай уулу улутчул эмес, уруучулдуктун кесепетинен Кыргызстанда эч болбогон - "Социал - туран партиясынын уюштуруучуларынан" деген жалган жалаа боюнча 11-май, 1933-жылы камакка алынып, кылмышы далилденбегендиктен ТуркВОнун аскер прокурору тарабынан 1956-жылы 5-июлда айыптоо иши кыскартылып, маркум биротоло акталган.

Славян жазуусун түзгөн Кирилл жана Мефодиялардын аттарын мектеп босогосун аттаган ар бир уул, кыз жакшы билишет. Неге дегенде, бала көз ачып эс тарткан кезинде ата, эне тилинен үйрөнгөн сөздөрдү мектепте кагазга түшүрүп жаза баштаган кезинде: ал, өз колуна илим шамын алып, өз өмүрүн жарыкчылыкта улайт.

Эмесе, ошол жарыкчылыкты замандар бою көксөй, көз тунарткан элибиздин уул, кызына тамга таанытып, алгачкы "Алип бээни" окуткан Ишенаалы Арабай уулу сыяктуу алгачкы агартуучуларыбыздын ысмын биз да өркөнү өскөн калк катары урматтайлычы.



З.К. Курманов,
В.М. Плоских

СЫДЫКОВ И АРАБАЕВ - ЛИДЕРЫ ОППОЗИЦИИ ОФИЦИАЛЬНОГО КУРСА РАЗВИТИЯ КЫРГЫЗСТАНА

В годы тоталитаризма сложилась порочная практика - изучать конкретные исторические персонажи советской эпохи вне связи с их ближайшим окружением. Исследовательский пыл и талант проецировался только на одну "выдающуюся" фигуру, на фоне которой остальные выглядели попросту невыразительно и блекло. Этот феномен тоталитаризма продолжает удерживать прочные позиции и в историографии Кыргызстана. Сколько торжественных юбилеев по усопшим жертвам сталинизма проведено, но эпизодическими выглядят случаи, когда исследователи пытались бы глубже осветить портрет политического деятеля посредством характеристики его сподвижников. Ведь недаром в народе говорят: "Скажи мне - кто твой друг и я скажу - кто ты". Сыдыков и Арабаев - в политической истории Кыргызстана XX века равноценные личности, которые взаимодополняют и взаимообогащают друг друга. Они нашли друг друга в зрелом возрасте, когда мировоззрение становится устойчивым и прочно ограждено от случайных поверий. Общность во взгядах, мыслях, идеях, понимании происходящего, нравственных критериях сначала сблизила их, а затем переросла в огромную дружбу, верность которой сохранили вплоть до трагического конца. Они были всегда рядом, и в

радостях, и невзгодах. Поэтому так похожи биографии этих необыкновенных людей.

Об одном из ближайших друзей и единомышленников Ишеналы Арабаева, которого тот уважительно величал "молдоке национальной интеллигенции", наш короткий рассказ.

Абдыкерим Сыдыков был на 7 лет младше своего друга. Родился он в 1889 г. в местности Башкара-Су ныне Аламединского района в семье богатого манапа. Учился в мусульманском мактабе. Затем в привилегированной Верненской гимназии - лучшем учебном заведении Туркестана. Здесь он сложился, как будущий историк, этнограф и экономист. Более того, гимназия стала для него хорошей школой политического воспитания. Напомним, что из ее стен вышли такие известные революционеры, как М. Фрунзе, У.Джандосов, К. Сарыкулаков и др. Затем в жизни Абдыкерима была Казань, университет, где учился В.И. Ленин... Болезнь... и преждевременное возвращение домой, в родной Пишпек. Служба писцом-переводчиком в уездной управе в чине коллежского регистратора, что соответствовало воинскому званию подпоручика. В Пишпекском уезде он был единственный офицер-кыргыз. Да и офицеров-то всего было 5 человек. Эта веха из его жизненной биографии впоследствии сослужила А. Сыдыкову плохую службу. За манапское происхождение и службу в колониальной администрации он неоднократно преследовался, исключался из партии, понижался в должности и в конце концов погиб в сталинских казематах. В большевистском государстве, где все было перевернуто с ног на голову, такие люди, как Арабаев и Сыдыков, были обречены. Нельзя было выжить в стране, где о консервативности или революционности того или иного человека судили по такому несовершенному критерию, как социальное происхождение. Хотя истории известны многочисленные факты, когда рабочие яро отстаивали монархизм, или, наоборот, дворяне защищали демократию. Эти факты имели место и в Кыргызстане. Кому сейчас не известны имена выходцев из "чуждых" классов - Юсупа Адрахманова, Ибрая Тойчинова, Белека Солтоноева, Сулаймана Кучукова, потомков Курманждан-датхи - Кыдырбека Камчибекова и Джамшитбека Карабекова, стяжавших славу на ниве борьбы за социализм. Они с воодушевлением встретили революцию, поверили в ее лозунги, но затем жестоко в ней разочаровались и были уничтожены. Разве не только об этом свидетельствуют исповеди - дневники, письма, протоколы допросов жертв сталинских репрессий Ю. Абдрахманова, А.Сыдыкова, О.Тынаева, Э.Эсенаманова и многих других.

Если придерживаться классовой идеалогии, то А. Сыдыков был царским офицером, И. Арабаев - молдо, а следовательно были "врагами народа". С таким ярлыком они погибли и долго виделись в одурманенном сознании нескольких поколений граждан. Но ведь Ч. Валиханов тоже был султаном и

царским офицером. Шабдан, Джантай и Курманджан-датха тоже состояли на царской службе, получали высокие звания и награды. Почему мы с уважением отзываемся о них? Не видим в их действиях злой умысел? Как человек новой генерации, близко знакомый с европейской культурой, А.Сыдыков, как и Ч. Валиханов, не желал замкнуться на вековых традициях, подчиниться им и отдать предпочтение уютной и размеренной жизни состоятельного феодала-кочевника. Стоило ли ради этого постигать азы науки, зубрить латынь, совершенствоваться в русском... Работа в уездной управе - единственно значимом государственном учреждении, открывала возможность перед А. Сыдыковым поближе сойтись с образованными людьми, найти единомышленников, быть всегда в гуще происходящих событий. Именно здесь в Пишпеке он близко знакомится с И. Арабаевым, Т. Худайбергеновым, К.Тыныстановым, С.Муратталиным и другими деятелями - цветом кыргызской интеллигенции 20-30 годов. Их объединила не только общая боль и тревога за собственный народ, который они хотели видеть целостным и единым, избавленным от тяжелой ноши трайбалисткой психологии, но и вера в его историческую перспективу, свободную и цивилизованную жизнь. Подтверждением этому служат их деяния, о которых уже немало известно и написано. Обратите внимание на место рождения этих людей. По ним можно изучать географию Кыргызстана. Например, И. Арабаев был выходцем из Центрального Тянь-Шаня; Ю. Абдрахманов, К. Тыныстанов - были родом с Иссык-Куля; А. Сыдыков, Т.Худайбергенов - из Чуйской долины; А. Орозбеков - с юга Кыргызстана и т.д. Разве этот пример не должен послужить уроком для нынешнего поколения кыргызстанцев, среди которых с легкостью ветра распространяются родо-племенные и местнические традиции?

А. Сыдыков с радостью встретил известие о крушении царизма, принимал активное участие в аресте уездного начальника. Его заметили и выдвинули на должность зам. комиссара Временного правительства в Пишпекском уезде. Но пробыл он в этой должности недолго. Временное правительство продолжало по отношению к кыргызам политику геноцида. Надежды первых кыргызских интеллегентов на прекращение репрессий и национальную свободу не оправдались.

Летом 1917 г. А.Сыдыков, совместно с И. Арабаевым, К. Тыныстановым, Н. Тулиным и др., создает пишпекское отделение национальной партии "Алаш", которая оказала большую помощь кыргызско-казахским беженцам из Китая, бежавшим за кордон в результате жестокого подавления восстания 1916 г. Эта партия, как и многие другие партии всевозможного толка, вышла в народ под лозунгами свободы, равенства, демократии, суверинитета, дружбы кыргызского и казахского народов. Это не была партия баев

и манапов, как утверждала большевисткая идеология. Преобладали в ней интеллегенты, национальная буржуазия. Было немало учащихся, дыйкан и даже рабочих. Как и в любой партии, у нее было свое радикальное, центристкое и консервативное крыло. После покушения на Ленина партия была объявлена конрреволюционной и разогнана. Начался "красный террор". В результате часть членов партии "Алаш", разочаровавшись в революции с ее ужесточением и кровавым насилием, ушла в эмиграцию, другая часть примкнула к контрреволюции и басмачеству, третья - пошла на сотрудничество с Советской властью, чтобы строить новую жизнь. Среди последних оказались Арабаев и Сыдыков.

А. Сыдыков и ряд его единомышленников - И. Айдарбеков, С.Мураталин, И. Кобеков, С. Чукин, Т. Худайбергенов состояли и в партии левых эсеров, которая в Кыргызстане организационно оформилась раньше большевиков. Не установлено - состоял ли в ней и И. Арабаев. По своему национальному составу эта партия была преимущественно русской. Поэтому коренное население проявляло к ней известную настороженность, т.к. в результате колониальной политики царизма и геноцида 1916 г. среди него укоренилось мнение, что все русские одинаковы и не способны понять нужды и чаяния кыргызского народа, тем более принести ему национальное освобождение и возрождение. Тем не менее, наиболее сознательная часть кыргызов, не зараженных оголтелым национализмом, не торопилась обрывать связи с русскими партиями левых эсеров и большевиков, стремилась понять их программу, объединить свои усилия в борьбе за свободу и равенство. Вот такой неудобный штрих для критиков "националиста" А.Сыдыкова.

Чем же еще были привлекательны левые эсеры кыргызской интеллигенции? Многим эта партия нравилась своей решительной борьбой с царизмом, славными революционными традициями, берущими начало от народников, которые были организаторами нескольких покушений на царей. А это был немалый факт для угнетенных национальностей, которые все свои беды связывали с царизмом. Нельзя забывать и то, что в аграрном Кыргызстане идеалы крестьянской партии, какой была левоэсеровская организация, были ближе, нежели пролетарской партии большевиков. Во всяком случае, было бы большим упрощением думать, что массы, особенно крестьянско-дыйканские, с самого начала делали выбор между капитализмом и социализмом. Скорее всего массы были за народовластие и демократию, а не пролетарский социализм. Не верится, чтобы в Кыргызстане за годдва смогли полноценно усвоить и переварить марксизм, который тогда казался венчал собой сокровищницу человеческой мысли. Главное в массах произошел важнейший психологический сдвиг - осознание бесперспективности своего существовония в рамках старой колониальной обще-

ственно-политической системы. В этой связи обращает внимание, с какой искренностью А.Сыдыков - коммунист с 6-летним стажем отвечал на вопрос партийной анкеты: "Теоретически марксисткого богажа не имею, но по возможности начинаю готовиться". Что тут говорить об основной массе кыргызских дыйкан?

Союз левых эсеров и большивиков распался, не выдержав испытания Брестким миром. Бывшие союзники коммунистов были запрещены. Незадолго до Беловодского восстания в ряды большевиков, почти одновременно с Арабаевым, вступает и А.Сыдыков. К тому времени относится первая попытка организовать политическое судилище над А. Сыдыковым, инспирированное большевиком Х.Хасановым. Но она тогда провалилась.

В 20-х годах Сыдыков и Арабаев работают на ответственных постах в Семиречье. Первый работает председателем Семиреченского облисполкома, второй - зам. председателем союза "Кошчи" области. Вместе они выступают инициаторами создания самостоятельной Кыргызской Горной области весной-летом 1922 г. Этот проект был окрещен "националистическим" и отменен решением И.Сталина. В действительности этот акт имел целью реализовать право кыргызского народа на самоопределение и создание национальной государственности в рамках Туркестанской Федерации. После этих событий А.Сыдыков с некоторым перерывом пережил подряд три исключения из партии, главным образом за социальное происхождение.

С 1922 по 1924 гг. Сыдыков и Арабаев работают в Ташкенте. Сыдыков занимал должности начальника в Наркомземе ТАССР, Госторге. И. Арабаев сочетает политическую и просветительскую деятельность: возглавляет Научный центр, преподает в САГУ. Вместе с С. Карачевым, К. Тыныстановым и другими товарищами, друзьями активно участвуют в работе по выпуску первой кыргызской газеты "Эркин Тоо", готовят для нее статьи и публикации.

В годы образавания Кара-Кыргызской АО, И. Арабаев, как один из авторитетнейших деятелей, был включен в состав Ревкома и Оргпартбюро области на правах рядового члена. Но в составе этих органов не оказался А. Сыдыков, который в очередной раз был исключен из партии и вынужден был вновь без вины оправдываться перед большевиками. С другой стороны, в это время начинает восходить звезда Ю. Абдрахманова - талантливейшего политика и государственного деятеля. Сыдыков и Арабаев познакомились с ним еще в годы работы в Семиречье и с тех пор стали неразлучны. Ю. Абдрахманов назвал Сыдыкова "своим учителем".

Сыдыков и Арабаев стали инициаторами и авторами заявления так называемой "тридцадки" - первого серьезного документа, противостоящего официальному курсу управления всевластия партаппарата.

Документ, подписанный тридцатью видными лидерами кыргызской интеллигенции во главе с А. Сыдыковым, летом 1925 г. был направлен в три адреса: ЦК РКП/б/, Средазбюро и Киробком партии. В нем было сформулировано экономическое и политическое кредо инициаторов курса государственного переустройства Кыргызстана иного, чем тот, на который он уже вступил в рамках развивающего общесоюзного тоталитарного режима:

"Национальное размежевание Средней Азии и создание Автономной области должно было внести единство среди кыргызского народа, постепенно ликвидировать родовую вражду и все те группировки, которые создавались как следствие долгих лет колониальной политики, проводимой царским правительством на далекой окраине". Но этого, говорилось далее в заявлении, не произошло. "Партаппарат строился по групповому принципу близости и личной связи того или иного работника с руководящей верхушкой Обкома, еще больше разгорелась внутрипартийная групповая борьба и родовая борьба в массах, появилась линия игнорирования целого ряда коренных работников, знающих прекрасно местные условия работы и могущими быть полезными партии и Советской власти в проведении правильной линии на местах, особенно земельной политики".

И авторы заявления предлагали свое решение:

"Мы всецело поддерживаем полное равенство коренного и европейского населения при проведении планового землеустройства, имея в виду устроить в первую очередь в порядке землеустройства безземельные группы населения".

Далее, характеризуя тогдашнее положение республики, подчеркивали: "... в сильнейшей мере дает себя чувствовать мелочная опека и вмешательство руководящей власти Обкома даже в техническую работу советского аппарата, что полностью обезличествует, парализует авторитет перед широкими трудящимися массами, ни в коей мере не наблюдается разграничение в работе советского и партийного аппарата, так как Обком занимался всеми вопросами."

Ответом на заявление "тридцадки" явилось не исправление положения в области (тогда это уже было немыслимо: страна стремительно скатывалась к диктатуре партаппарата), а исключение ее лидеров из партии и освобождение от руководящей работы. Вот, что говорилось в постановлении Исполкомиссии Средазбюро ЦК РКП(б) от 29-30 июля 1925 г., "а) Сыдыкова, как трижды исключавшегося из партии и не прекратившего участия в группировках и выступлениях против партийного комитета, вносящего разложение как внутри парторганизации, так и в советские органы, признать заслуживающим исключения из партии, но в виду ранее состоявшегося решения об его исключении комиссией по проверке - вопрос о его партположении считать исчерпанным и одновременно признать его пребывание в Кыргызской Автономной области невозможным: б) Арабаева.

бывшего муллу, активного организатора группировки, не знающего и не желающего знать политику и тактику партии, исключить, считая возможным использование его на советской работе; в) Янгулатову, Айдарбекову, Артыкбаеву объявляются строгие выговора. Они отзываются в распоряжение Средазбюро. Алымбеков со строгим выговором откомандировывается на учебу. Худайбергенов, Джумагулов, Мураталин, Дербишев, Чонбашев, Абуканов, Зульфибаев, Колубаев, Уразбеков отделались строгими выговорами... Николаев за участие в групповой борьбе со строгим выговором по партийной линии снимается с работы в облздраве. Он отправляется в г. Нарын рядовым врачем". Зав. облзавотделом В. Николаев был тридцать первым участником заявления. Но его не принимали в полный расчет, т.к. тогда выступление оппозиции трудно было бы квалифицировать, как попытку "националистов внести раскол в ряды партии". Факт участия Ю. Абдрахманова в выступлении "тридцадки" не был доказан (в это время он работал в Средазбюро, где он тоже оказался не по своей воле). Но материалы об его участии в групповой борьбе на стороне Сыдыкова-Арабаева были переданы в ЦКК РКП(б).

Расправой над тридцадкой смельчаков, обрывается политическая карьера Сыдыкова и Арабаева. После исключения из партии А. Сыдыков обосновывается в Ташкенте, активно занимается научно-исследовательской и педагогической работе в САГУ, Хлопковом институте, Наркоземе Узбекистана. Пишет ряд фундаментальных работ по экономике кочевых хозяйств, истории и родовому строю кыргызского народа. Попутно заканчивает экономический факультет САГУ. В 1932 г. по личному приглашению председателя СНК Киргизской АССР Ю. Абдрахманова беспартийный А. Сыдыков возвращается на работу зам. председателем Госплана республики, где он трудился вплоть до своего ареста 9 мая 1933 г. по обвинению в организации контрреволюционной Социал-Туранской партии.

И. Арабаев, имевший блестящее религиозное образование и опыт преподования в САГУ (казахский язык, история и литература) остался работать рядовым преподователем в первой республиканской совпартшколе и медполитехникуме. Здесь он проработал до дня своего ареста.

Часть его товарищей уже была арестована, над другими сгустились тучи, со всех сторон был обложен и сам Арабаев. Но друзья его щадили, его имя долго не фигурировало в материалах следствия, пока, наконец, из арестованных не "выдавили" его имя. В представлении ГПУ такой человек, как И. Арабаев, интеллектуальный национальный политик, не мог оставаться в стороне намеченного сценария громкого политического дела СТП. Тем более, что по показаниям А. Сыдыкова, А. Шабданова, А. Сопиева разрабатывалась программа и воззвание партии. А идеи программы как бы вытекали и во всяком случае перекликались с пись-

мом И. Арабаева В.И. Ленину в 1920 г. и заявлением "тридцадки" в 1925 г. Программа организации, в показаниях А. Сыдыкова, сводилась к следующему (приводим ее в общих чертах - З.К.,В.П.):

1. Построение социализма в одной стране невозможно. Социализм может быть построен успешно во всемирном масштабе при овладении высокой техникой. Попытка построения социализма только в СССР неизбежно повлечет обнищание населения, особенно в бывших колониях царской России, как культурноотсталых, не владеющих техникой.

2. Репрессии по отношению к бай-манапству Киргизии повлекут за собой хозяйственную разруху.

3. Выдвижение на государственные должности дехкан, рабочих, технически малограмотных и теоретически не подготовленных к управлению государством приведет только к развалу и хаосу в управлении. На сегодняшний день, не имея достаточно кадров, необходимо отказаться от принципа выдвиженчества.

4. Ленинская политика в национальном вопросе является по существу правильной и приемлимой, но фактически проводимая коммунистической партией в Киргизии искажается.

Несомненно, здесь А. Сыдыков высказывал свои сокровенные мысли, тщательно отредактированные и домысленные следователем.

Повторяем, арестованные товарищи И. Арабаева долго не показывали на него. Тем не менее арестовали и привлекли по делу СПТ буквально через два дня после ареста А. Сыдыкова, А. Сопиева, С. Курманова, Н. Тулина в г. Фрунзе. Сыдыкова и других арестованных в день ареста доставили в Ташкент, где начались допросы. И. Арабанва привезли немного позже - 6 июня 1933 г. На следующий день его навестил следователь Левшин, а вечером он был найден мертвым. Был ли этот акт добровольного ухода из жизни перед угрозой пыток или отравили И. Арабаева сокамерники - сейчас трудно сказать. Посмертно И. Арабаев был реабилитирован 5 июля 1958 г. за недоказанностью предъявленного ему обвинения.

Муки А. Сыдыкова протянулись на несколько лет. 28 февраля, а затем 28 июля 1934 г. военным трибуналом ТуркВО он был приговорен к 10 годам лагерей. Заключение отбывал в Чите и Коми АО. В связи с началом новой волны насилия в Кыргызстане, куда нарком внутренних дел Н.Ежов спустил план - "уничтожить десять тысяч врагов народа", А. Сыдыкова в 1938 г. снова этапируют во Фрунзе, где к этому времени заново вырыли "чучело СТП". 10 февраля 1938 г. он был повторно осужден по делу СТП к расстрелу. Приговор был приведен в исполнение 18 февраля 1938 г. Он погиб в возрасте 49 лет. Всего на два года его пережил И. Арабаев, погибший в возрасте 51 год.

Таковы основные вехи жизни и деятельности видных деятелей политической оппозиции Кыргызстана 20-30 годов, еще пока достойно не оцененных А. Сыдыкова и И. Арабаева. Надеемся, что долго вытравливаемые имена известных политических деятелей Кыргызстана отныне займут достойное им место в восстановленной истории кыргызского народа.



Академик

Какиш Рыскулова

ЭСКЕРҮҮ

Ишеналы молдокем атамдан кичүү эле. Биздин түпкү атабыз Түкүбай деген-уругу катаган саяктан, Манастын жоокер башчыларынан болгон экен. Мына ушул күнгө чейин кыз алышпаган туугандардан.

Ишеналы молдокем өзүнүн бир туугандарынан жана кудасөөктөрүнөн Четиндиге чогултуп, адегенде "ТОЗ", андан кийин "Артель", андан соң "Четинди" колхозун 1928-жылы уюштурган.

Адегенде эле көпчүлүк иште туура койгондугунун натыйжасында иш илгери жүргөн. Ишеналы агабыздын акылмандыгы аркалуу, биздин Четинди айлында кулакка тартылгандар болгон жок жана 1931-1933-жылдардагы ачкачылык да болгон эмес.

Ишеналы агабыздын демилгеси менен 1932-жылы "Четинди" колхозунда инженерлик иш жүргүзүлүп, суу түтүгүнөн (водопроводдон) суу ичүү аракетинде изилдөө болгон. Ошонун натыйжасында Кыргызстанда биринчи болуп "Четиндиде" колхозчуларыбыз бир булак сууну жаап, темир түтүктөр аркылуу тарттырып келип суу ичишкен. Малдары үчүн бир булак суу ачык ыолгон. Тилекке каршы суу түтүгүнөн элдердин суу ичкенин өзү көрбөй калды, себеби куру жалаа менен камалып кетти. Агабыздын акылынын

терендиги, элдин камын ойлогондугу мына ушундан билинип турат. "Четинди" колхозу аябаган бай колхоздордон болгон. Ата Мекендик согуш убагында 200 миң сомду самолет жс танка курганга деп берилген.

Мен кичине бала чагымда шаарда иштеген ошол кездеги көп кызматчылар келишип, боз үйлөрдө турушуп, кыргыздын элдик оюндарын - ордо атышып, упай ойношуп көңүл ачышчу эле.

Каникулга келген окуучулар жайында жумуштан келгенден кийин элдерди эки үч үйгө чогултуп алышып, окуганды үйрөтүп, сабатсыздыгын жойдурган. Чоңдор менен бирге барган балдар да тамгаларды таанып калышкан. Ал эми кышында болсо дагы чоңдорду окууга тартышып, көпчүлүк элдин кат-кагаз окуганды үйрөтүнүшүнө чоң жардам кылышкан. Молдокем элдин сабатын жойгонго да өзүнүн чоң салымын кошкон.

Ишеналы агабыздын элге камкордук кылганы төмөнкүдөн да билинип турат. Ал колхозду уюштуруп эле тим койбой, малдарды-үйларды, жылкыларды, кой-эчкилерди асыл тукум малдарга айландыруруга көп аракет жасаган. Мына ушунун натыйжасында Ата-Мекендик согушта көп сандаган жылкы атчандар полкуна "Четинди" колхозунан алынган.

Кыргыздын мурунтадан бери урунуп келе жаткан элдик буюмдарды, идиш аяктарды, жабдууларын чогултуп шаардагы музейге өткөргөн. Ишеналы молдокем жеке гана колхозду уюштурган эмес, кыргыз элинин адабиятына, маданиятына чоң көңүл бурган. Кыргыздын үрп-адаттарын, үй тиричилик терин көрсөтүш үчүн эл арасында илгертен бери урунуп келе жаткан идиш аяктарды (күзгү кап, чыны кап, аяк кап, көшөгө, чий, шырдак, ала кийиз, ороо кийиз) жана башка буюм-теримдерди-суску, жыгач кашык, жыгач табак, жыгач аяк, көөкөр, саба, чанач), ат жабдыктарды (ээр токум, жүгөн, ноктоо, үзөнгү) жана башкаларды жыйнап, Фрунзедеги музейге өткөзүп берген. Эң биринчи болуп элдин сабатсыздыгын жоюш үчүн кыргыздын биринчи алипбээсин түзгөнүн азыр жалпы эл билет. Элдин арасындагы манасчылардан Сагынбай Орозбак уулунан "Манас" эпосун жаздырган, мындан башка илимий китептерди жазган. Тоң районунда мугалим болуп иштеп туруп мектеп салдырган.

Ишеналы Арабай уулу жаштардын билим алышы үчүн көп аракет жасаган, окуймун деген балдарды өзүнүн үйүнө чогултуп алып, мектепке берип окуткан. Мисалы, менин атам Ырыскул 1928-жылы "ТОЗго" мүчө болуп өткөн жылы декабрде өлүп калды. 1929-жылы сентябрде И. Арабаев мени үйүнө алып келип, Фрунзедеги кыргыз мектебине берди. Казыркы драмтеатырдын ордунда болуш керек эле. Биринчи классты бүткөндөн кийин Аламүдүн районундагы Таш-Төбөдөгү башталгыч мектептен окудум. Кийинки жылы Таш-Төбөдө ачылган колхоз жаштар мектебинде (КЖМ) -

"школа колхозной молодежи" (ШКМда) окудум. Өкмөттүн эсебинде тамак-аш, кийим-кечек, жатакана ж.б. бар экен. Колхоз жаштар мектебине чарба жер бөлүп берген, ал жерге эгин жана өсүмдүктөр тигилип, аларды өзүбүз бакчубуз, жыйначубуз. Ошондуктан ошол кездеги кыйынчылыкты көп анча билбей калдык.

Ишеналы молдокем бир топ жылы Фрунзедеги медтехникумда мугалим болуп иштеген. Тилекке каршы 1933-жылы май айында камакка алынып, июнь айында каза болгон. Кийин 1958-жылы акталды (реабилитация болду).

Ишеналы Арабай уулунун жазып кеткен эмгектерин, жасаган иштерин, өзүнүн калоосу менен көп жерлерге барып, эмгектерин топтоп, бир нече жолу китептерге, журналдарга, гезиттерге жазып көпчүлүк элге таныштырып жүргөн залкар илимпоз ишмер акылманыбыз, агабыз Зыяш Бектен уулуна жүрөктөн чыккан чоң ыракматыбызды айтамын. Кантип айтбай коемун, буга окшогон чындыкты сүйлөгөндүгү үчүн бир эмес, эки курдай түрмөгө олтуруп чыкты да. Элибиздин мындай залкар адамдары чың деп соолукта болуп, көпкө жашай беришсин, колунан калеми түшпөсүн, оозунан шекер сөздөрү төгүлүп, жазыла берсин.

Элибизге белгилүү ардактуу академигибиз, аксакал, окумуштуу профессорубуз элибиздин сыймыгы, энциклопедист Кусеин Карасай уулу агабыз Ишеналы Арабай уулу менен жаш кезинде бирге иштеп, бирге жазган иштерин айтып отурса угуп олтуруп убакыттын кандай өткөнүн билбей каласың. Акылман агайыбыз Кусеин да көп жыл бою бир топ кыйынчылыктарды башынан өткөрдү. Чындыкты жазып Ишеналы Арабай уулун элге кеңири тааныштырды. Урматтуу агабыз Хусаинге чын жүрөктөн чыккан ыракматымды айтуу менен бирге дең соолук каалайм жана көп жылдар бою жашап, элибиз үчүн иштей берсин.

Арабай уулу Ишеалыны жамандап жазган К. Мифтахов көп жылдар бою Кыргызстан илимдер академиясында иштеген экен. Жеке эле биздин агабыздын убалына эмес, башкалардын убалына да калганына да шек жок.

Казыркы убакта ачык айтып, учуруна адамдарды күнөөсүз каматкандардын аттары айтылса жаман болбос эле.



В. Плоских,

профессор

МОЛДОКЕ НАЦИОНАЛЬНОЙ ИНТЕЛЛИГЕНЦИИ

Так называл своего учителя и друга лидер кыргызской интеллигенции 20-х годов Абдукерим Сыдыков. Так уважительно звали учителя первых кыргызских учителей, "совесть кыргызской нации" периода ее становления, создателя кыргызского алфавита на основе арабской графики, автора первого кыргызского букваря, составителя первых кыргызских учебников по грамматике и естествознанию Ишеналы Арабаева.

Его имя пока мало что говорит непосвященному. Попав еще в 20-х годах в оппозицию официальному курсу государственного строительства, он был отстранен от активной политической деятельности, необоснованно репрессирован как идеолог национализма в Кыргызстане и погиб в застенках ГПУ в Ташкенте в 1933 году. И если о первых годах жизни и оппозиционной деятельности И.Арабаева в специальной научной литературе еще можно кое-что прочитать (еще совсем недавно, правда, тенденциозно негативное, а теперь появились и более объективные статьи в периодике), то о последнем годе жизни и смерти ничего неизвестно.

Напомним вкратце основные ВЕХИ его БИОГРАФИИ. Родился в октябре 1882 г. в Центральном Тянь-Шане в с.Кун-

батыш, ныне Кочкорского района. Окончив русско-туземную школу, И.Арабаев с 1900 г. занялся просветительской деятельностью, начал учительствовать в с.Кунбатыш, с 1910 г. по май 1912 г. учился в г.Уфе в знаменитом высшем духовном медресе "Галия", затем преподавал на Иссык-Куле, где, говорят, и сейчас сохранилось здание основанной им первой школы.

По некоторым, правда, документально не подтвержденным сведениям, И.Арабаев до революции совершил хадж в Мекку и Медину, учился в Константинополе, обучался в медресе "Хусаиния" в Оренбурге, а затем уже окончил медресе "Галия" в Уфе. Еще в 1911 г. в Казани он издал с собственным предисловием составленную слушателями уфимского медресе "Галия" одну из первых книг на кыргызском языке видного акына-письменника и мыслителя Молдо Кылыча " Кысса Зилзала" ("Землетрясение"). В предисловии, кстати, он подчеркивал: "Из рода сарыбагыш поэт Молдо Кылыч в течение 20 лет написал много стихов на чистом кыргызском языке". А ведь еще совсем недавно у нас в республике глубокомысленно утверждалось, да и принималось как аксиома, положение об отсутствии у кыргызов до революции письменности. Насколько абсурдны такие утверждения, становится ясным при первом же обращении к И.Арабаеву. В этом же предисловии И.Арабаев отмечал: "Молдо Кылыч писал для того, чтобы события, виденные глазами, остались в истории". И повествовал он о знаменитом землетрясении, принесшем много разрушений и слез его жителям в родном Кемине в 1911 г.

Тогда же, в 1911 г. в Уфе, в издательстве "Шарк" И.Арабаев в соавторстве с К.Сарсекеевым опубликовал "Букварь, или обучение скоростному чтению" для казахских и кыргызских детей ("Алип бээ хаки тото окуу"). В 1912 г. в Оренбурге он издает "Основы правописания", стоит у истоков кыргызской письменности.

И.Арабаев был близким другом известного казахского просветителя и политического деятеля, лидера партии "Алаш" Ахмета Байтурсунова и сам в 1918 г. возглавлял Бишкекский филиал "Алаша". "Алаш" оказал большую благотворительную помощь кыргызским беженцам восстания 1916 г., возвращающимся после революции из Китая на родину. В рамках этой политической деятельности в 1920 году И.Арабаев с рядом других кыргызских представителей (Д.Байджанов, И.Шайбеков, И.Шабданов и др.) обращается с письмом к "Товарищу Ленину лично", как "вождю Российской революции" (письмо в печати нигде не приводилось). В этом письме - крик души о бедственном положении кыргызов Пржевальского, Нарынского, Токмакского и Пишпекского уездов с просьбой уделить особое внимание бывшим повстанцам, возвращающимся из Китая. "Если кто-нибудь задаст нам вопрос, - писали заявители, -

пользуются ли кыргызы Семиреченской области свободой сословной революции, то на это мы ответили бы , что мы не пользуемся свободой и таковой у нас нет". Заявители просили чрезвычайных полномочий и денег Особой комиссии "дляустройства кыргыз-беженцев, живущих до сего времени в Китайских стенах и не могущих по своей воле вернуться на родину", "возвращаемым из Китая кыргызам-беженцам предоставитьправо их от крестьян".

В.И.Ленин в своей резолюции переадресовал письмо "Сталину (или Каменскому) на отзыв в 2-х словах". Ответ на бланке народного комиссара по делам национальностей РСФСР подписал Д.Каменский - заместитель В.И.Сталина.

Текст ответа гласил:

"Товарищу Ленину.

В прошении кыргызы Семиреченской области:

1. Жалуются на чинимые им притеснения русским населением (Требует проверки - возможность допускаю);
2. Просят о ряде мероприятий по улучшению их жизни. (Многое сделать можно и необходимо);
3. Предлагаю весь материал передать в Наркомнац для принятия соответствующих мер".

Справедливости ради надо сказать - соответствующие меры были приняты, устройству беженцев обращали особое внимание, были выделены и немалые финансовые ассигнования.

На этом фоне наряду с просветительской деятельностью И.Арабаев все более занимается и политикой. Правда, в те времена все это было неразрывно взаимосвязано. В 1921 г. он - делегат 1-го съезда союза "Кошчи". В 1922 году И.Арабаев был в Москве делегатом на IX Всероссийском съезде Советов и видел В.И.Ленина. С 1922 г. он - зам. председателя Семиреченского Союза "Кошчи", один из инициаторов создания самостоятельной Горной области кыргызов. В 1924 г. - председатель академического центра Кара-Кыргызской области.

Дополненное и переработанное учебное пособие И.Арабаева по кыргызскому языку переиздается в 1925 году. В период борьбы за ликвидацию неграмотности большую роль сыграл его букварь для взрослых. В те же годы он создает учебные пособия для начальных классов по арифметике, природоведению, переводит на кыргызский язык начальный курс географии, значительное количество литературы общественно-политического характера, в том числе несколько работ В.И.Ленина и др.

Позже он принимает участие в заявлении "тридцатки" - официально оппозиционного документа тому курсу, который намечался и проводился большевиками в Кыргызстане, затем вынужден был отступить в тень и работать лишь на просветительском поприще.

Тем не менее, это не спасло его от репрессий. И.Арабаев в одной команде с А.Сыдыковым подпадает под "Дело" о так называемой социалистической туранской партии. Была весна 1933 года.

Его товарищей уже арестовали, над кем-то сгустились угрозы ареста, со всех сторон был обложен и И.Арабаев. Но его щадили товарищи, и его имя долго не фигурировало в следствии, пока, наконец, арестованных не "придавили" и не заставили показать на И.Арабаева. В представлении ГПУ такой человек, как И.Арабаев, интеллектуальный национальный политик, не мог остаться в стороне намеченного сценария громкого политического дела "Социал-туранская партия" (СТП). Тем более, что по показаниям А.Сыдыкова, А.Шабданова, А.Сопиева разрабатывалась программа и воззвание партии. А идеи программы как бы вытекали и, во всяком случае перекликались с письмом И.Арабаева В.И.Ленину в 1920 г. и заявлением "тридцатки" в 1925 г.

Повторяем, уже арестованные товарищи долго не показывали на И.Арабаева, хотя он был их единомышленником. Тем не менее его арестовали и привлекли по тому же делу СТП. Он был арестован через два дня после ареста Сыдыкова, Сопиева, Курманова, Тельтаева и Тулина в г.Фрунзе. Постановление об аресте было подписано ташкентским следователем - оперуполномоченным особого отдела Среднеазиатского военного округа С.В.Левшиным и утверждено зам. нач. ГПУ Кирг.АССР Четвертаковым, лично контролировавшим все ведение дела по СТП.

Арестованных доставляли в Ташкент, где следователь Левшин вел "Дело". И.Арабаева привезли в Ташкент 6 июня. На следующий день его навестил С.В.Левшин, а вечером И.Арабаева нашли в камере мертвым. Сохранился рапорт следователя и акт судебно-медицинской экспертизы. Никаких других документов, касающихся И.Арабаева, в тюремном деле нет.

Произведенным судебно-медицинским вскрытием 8/VI-1933 г. было установлено, что И.Арабаев будто отравился имевшимся у него жевательным табаком "нас".

Закономерно встает вопрос: отравился И.Арабаев сам, или его отравили?

Во-первых, едва ли человек, закаленный в политических битвах, еще до первого допроса, следовательно и до пыток, добровольно ушел из жизни. Тем более, сам попросивший разговора со следователем один-на-один, без присутствия сокамерников.

Во-вторых, не в интересах следствия, тем более тенденциозного, было убирать со сцены одну из ключевых фигур "контрреволюционного заговора". Следствию было выгоднее получить его показания и добиться признания вины, а в том, что они этого добьются, никто не сомневался: все обвиняемые признавались; другое дело, что большинство на

последней стадии, на суде отказывались от ранее данных показаний.

В-третьих, - вариант отравления И.Арабаева заключенными сокамерниками. Были среди них и уголовники. И, возможно, боясь каких-либо разоблачений, услышав, что И.Арабаев хочет поговорить со следователем наедине, без посторонних, тут же отравили его жевательным табаком. На это потребовалось всего-навсего немногим более трех часов.

Таковы три варианта, один из которых напрашивается сам собой. Но он почему-то не был принят во внимание тюремными властями. (Чтобы не поставить себя под удар?) Легче было представить дело самоубийством, которое снимало все проблемы и всю вину ответственности за безалаберность в тюремной службе.

Как бы там ни было, человека не стало, а память о нем была очернена обвинением, хотя и не доказанным, в контрреволюционной деятельности. Отныне на имени выдающегося деятеля кыргызской науки и культуры лежала печать "врага народа".

С наступлением хрущевской оттепели начинается волна реабилитации политических заключенных и в Кыргызстане. 26 июня 1957 г. дочь И.Арабаева Аккагаз Азыкова и его сын Эркин Арабаев обращаются в КГБ Кирг.ССР с просьбой пересмотреть дело отца. И только через год - 9 июля 1958 г. выходит реабилитационное постановление по И.Арабаеву. Приведем полностью этот заключительный документ. "1958 года 9 июля. Помощник военного прокурора Турк.ВО подполковник юстиции Никитин, рассмотрев дело по обвинению Сыдыкова Абдукерима и других,

НАШЕЛ

На основании показаний участников антисоветской организиции, именуемой "Социал-Туранская партия" Сыдыкова Абдукерима, Шабданова, Сопиева, Курманова Султана и других органами ОГПУ 11 мая 1933 г. был арестован как участник той же организации Арабаев Ишеналы. Находясь под стражей, он 7 июня 1933 г. покончил жизнь самоубийством путем отравления. Во время нахождения под стражей он ни разу не был допрошен. Органы ОГПУ постановления о прекращении дела на Арабаева не выносили.

При проверке обоснованности ареста И.Арабаева и привлечения к уголовной ответственности Сыдыкова, Шабданова и других, всего 23 человека, как участников антисоветской организации, установлено, что они привлекались к уголовной ответственности необоснованно. На этом основании в отношении их внесен протест в военный трибунал Турк.ВО на предмет отмены постановления коллегии ОГПУ от 24 февраля 1934 г. и прекращении дела на них за недоказанностью предъявленного им обвинения.

На основании изложенного, руководствуясь примечанием II к ст.2 УПК Уз.ССР,

ПОСТАНОВИЛ

Дело в отношении Арабаева Ишеналы прекратить за недоказанностью обвинения.

Помощник военного прокурора
Турк.ВО подполковник юстиции
Никитин".

Правда, родственники И.Арабаева на свой запрос получили справку от зам. военного прокурора Турк.ВО полковника юстиции Пастушенко, датированную 4 сентября 1958 г., которая кратко удостоверяла, что "уголовное дело по обвинению Арабаева Ишеналы, арестованного 11 мая 1933 года, прекращено военной прокуратурой Туркестанского военного округа 5 июля 1958 года за недоказанностью предъявленного ему обвинения. Арабаев реабилитирован посмертного".

Но - маленькое разночтение в датах - мелочь, не стоящая внимания.

И только сейчас, много лет спустя наконец-то имя Ишеналы Арабаева занимает достойное место в культуре своего народа. Принято решение возвести его скульптуру, назвать его именем школу и улицу, переиздать научные труды.



Кыргыз эл жазуучусу

Шүкүрбек Бейшеналиев

ҮЧ ЗАЛКАР
(Молдо Кылыч,
Сагымбай, Арабаев)

Кыргыз элинин тарыхы менен маданияты Молдо Кылычсыз, Сагыбайсыз, Арабаевсиз ... бөксөрүп турарлыгына бүгүн эч ким шек санабас. Үчөөнүн өмүр, чыгармачылык тагдыры бири бирине эриш арак тутамдаш. Тоо мейкининен толкуп серпилген алп таланттар: Молдо Кылыч менен Сагымбай ажайып чыгармаларынын эээрине мезгилинин билимдүү, намыстуу азаматы Ишеналы Арабаевди сыймыктантып, мына азыркы урпактарга жеткирүүгө калайык журттун түбөлүк казынасынын кенчине айлантууга шыктандырган.

Убагында таптык, саясий күрөштүн курмандыгына чалынып караланган ишмелер, алсак Ишеналы Арабаевдин шериктеши казак Акмат Байтурсунов сыяктуу ондогон көйкашкалар эми толук акталып улуттук баатыр катары даңазаланууда.

Улутунун кызыкчылыгы үчүн кара жанын карч уруп алга талпынып эмгектенген Ишеналынын канчалык кудуреттүүлүгүнө кыскача серп салып көрөлүчү. Ал 1882-жылы Кочкор аймагындагы Күн-Батыш айлында саяк уруусундагы өз оокатына тың бардар Арабайдын чамгарагынын астында төрөлгөн тукуму. Ишеналы бала чагынан жергиликтүү молдодон сабаты ачылып, өзүнүн

ээндүлүгү, талбаган далалаты аркылуу жазма, окума өнөрдүн кызыгына батып, аң-сезимин өркүндөтө берет. Он жети жаштан тартып балдарды окутуп, мугалимдик адистикке өтүп, өмүр бою өркүндөткөн агартуучулук ишмердигинин алгачкы сапарын баштайт.

Элет жергесинде жети жыл сабак берип, өзүн өзү өркүндөткөн таалимдүү окутуучу катары аздыр-көптүр калайыктын оозуна алынып, жигиттик, толукшуган куракка жеткен Ишеналы билимин, көз карашын тереңдетүүнү самайт.

Таланташ жашаган таасын таланттардын, өзгөчө жазма акын Молдо Кылыч менен укумуштуу жомокчу (манасчы) Сагымбайдын чыгармачылык табылгалары замандаш жердештеринин гана кумарын кандырбастан болочок урпактардын жана да кең ааламдын жарандарынын энчисине китепке түшүрүлүп жетсе деген тилек мээсине уюйт. Баралына толуп, каражатат да камдап асыл максатын аткаруучу көздөп Ишеналы илим, өнөр өнүккөн ички мамлекеттериден таалим алууга аттанат. Анын байсалдуу сапары 1907-жылы Туркиянын Константилополуна барып окуусу менен башталат. Мусулмандардын ыйык ордосу Сауд арабстанындагы Мекке менен Мединага зыярат жасаган.

Эл, жерди кыдырып далай такшалуудан өткөн, көзү каныгып ишеними бекемдеген кезинде Ишеналы Оренбургдагы Хүсейин, анан Уфадагы Галия-татар институтунун ийгиликтүү бүтүргөн. Кыргыздын саамалык "Алифбе" ве төтө окуусун" түзүп, 1911-жылы Уфадагы "Шарк" басмасынан чыгарган. Ошол эле 1911-жылы Молдо Кылычтын "Кыссаи зилзала" казалын мындай" алгы сөз" менен Уфадан китеп кылып бастырган: "Сарбагыш уругунан, сабаттуунун тукугунан, Кара Кочкор туругунан чыккан, Машфур шайыр (акын) Молдо Кылыч 20 жылдан бери акындык менен көп казал жазып чыгарган эле. Кыраат китепчелерди басмакана ыраак болгондон эч бир бастыра албай, кол менен жазып, тил менен сүйлөп жүрткө көрсөтчү эле, биздин басмакананы көргөн бир адам болбой турган эле. Биздин элде жүргөндө Молдо Кылычтын казалып, эшитип, бир аз көңүл көтөрүлүп, бул ааламда нелер бар экени көз алдыбызга келүүчү эле. Ойлочу элем: "Кап сени! Кудай таала бизди жарык дүйнөгө чыгарса Кылычтын "Зар заманын" бастырам, калкыма таратсам" дечү элем, хам да балдарга алипбе окутуп, балдар маанисин билбей: "Молдоке, бул не деген сөз?" - деп сураганда, өзүбүз да маанисин билбей калгандыктан, не айтарды билмейинче, алда бегана жооп берип, балдар күтүп жалгыз калганда көздөрүбүздөн жаштар чыккан убакты болгон эле. "Ата, өз тилибизде балдар окурлук китеп бастырсак ай!" - деп, мына бул жылдарда, иншалла, аздыр-көптүр Уфадагы ("Медресе Галияда" окуп жаткан кыргыз (казак) шакирттери ошол ойлорубузду чыгарууга киришкен эле. Молдо Кылыч биздин аракетти угуп, ушу "Кыссаи зилзала" деген казалды берип жиберген, көз менен

көргөн окуя тарп болуп калсын деп жазган экен, Ишеналы Арабаев".

Айрым кыргыз, көбүнчө Оренбург, Торгой тараптан жайылган казак мейкиндеги мектептерде төз окууга үйрөткөн "Алифбе, же төтө окусу" менен 1912-ж. Оренбордогу "Вахит" басмасынан чыгарган "Жазуу өрнөктөрү"(сулуу жазуунун үлгүлөрү) китеби колдонмо курал катары ийкемдүү пайдаланылганын, Молдо Кылычтай даремети күч акындын казалын кыргыз тарыхында алгач басмадан жарык көргөзгөнү үчүн журтчулугунун алкоосуна белсенгенүн угуп билген Ишеналы бүткүл өмүрүн илим-агартуу ишине арналды. "Оренбордон Ташкенге келе эскерүү" сапар наамэсин 1912-жылы казактын "Айкап N 1 журналына жарыялады. Ишеналы ичкери шаарлардагы маданий чөйрөдөн өскүлөң канығып ата конушуна кайткан соң, 1913-16-жылдары Нарын, Каракол кантондоруна мектептер ачып жана курдуруп, мугалимдик-агартуучулук кесипти өрнөктүү уланткан. 1916-жылдагы орусыя падышачылыгынын аёсуз запкысынан чыккан көтөрүлүштө кыргынга дуушарланган калайыкы менен кошо Үч-Турпанга (Батыш Кытайга) качкан. Падышача бийлиги кулаганда үркүндөп кеткен жердештерин баштап мекенине кайткан. Мал-мүлктөн ажырап мусапырлыкта арып ачкандарга камкордук көрүп, боорукерлик (жардам) комитетин уюштуруп, аны жетектеген.

Арабаев Бишкекте баштапкы уюмун түзгөн белгилүү окумал ишмер Абдыкерим Сыдыков ж.б. өнөктөрү менен бирге Казакстандагы А.Байтурсунов башындагы "Алаш" партиясында мүчө эле. Шериктеши А.Байтурсуновдун редактордугу астында Оренбордо чыккан (1913-1918-ж. "Казак" гезитине мурдатан алакаш Ишеналы 1917-ж. 17 июндагы санына жарыяланган "Бечара кыргыз бооруңардын унутпагыла!" деген алты болуш элдин жардам комитетинин баштыгы катары колун коюп, боордошторго кайрылуу макаласы казак журтчулугу тарабынан зор жардам уюштуруугa түрткү болгон.

Аның өтүнүчүнүн аягына редакциядан бул кубаттоо басылган: "Бул катты жазган Ишеналы Арабаев - кыргыз. Уфадагы медресе Галийди бүтүрүп чыгып, элине кайтып, чоң медресе ачып, (Төрткүл айлындагы "Курмания" мектебин салдырган ш.б.). Өзүнө талапташ маалымдарды алдырып, карангы калың кыргызга илим нурун чачып турган өз улутунун өрнөктүү жигити. Былтыркы көсепеттүү 25-июнь жарлыгы кыргыз элине бүлүк түштүрүп, кытай жерине боздуруп, кыргынга ачарчылыкка дуушар кылды. Ишеналынын Медресе Галийде бирге окуган жолдошу Ыскак Канаат уулу деген жигит кечээки өкүметтүн заманында жазыксыз дарга тартылды.

Алаштын азаматы! Эшиттиңерби, "өлүм алдында кол булгалап,көзүбүздөн жаш кылгырып, жардам сурайбыз" деп жатат. Жаныңар ачыбайбы, сай-сөөгүңөр сыздабайбы! Эгер

таш боор болбосоңор, кыймылдагыла! Журтчулук кылгыла, пейилди кең салгыла! ("Казак" 1917, 17-июнь, N236).

1918-жылдан өкмөттүк башкаруу чейрөсүнө кошулуп, улутунун кызыкчылыгын көздөгөн жетиктигинин аркасында ишмердик кадыр-баркы Ишеналыны жеке кыргыз эмес, бүткүл Туркстан чөлкөмүнө кеңири таанытат.

Туркстан республикасынын өкмөтүнүн дайындоосу менен мугалимдерди даярдоочу пед. курс жана элдик чыгармачылык мурастарды жыйноо боюнча уюштуруучу болуп иштейт. Даңазалуу биринчи кызыл мугалимдер Ара-баевдин таасирлүү курсунан такшалып чыгышкан. "Манас" баштаган элдик чыгармачылык кенчти (фольлорду) изилдөө, жазуу масселеси да Арабаевдин билгичти жетечилиги арылуу башталып өрчүтүлгөн. Бул ардактуу ишке Ишеналы адегенде Уфада бирге оуган татар улутунан К. Мифтаковду, тили, алалдыгы жагынан чатагырагынан аны четтеткен. Сабаттуулугу, ак ниетүүлүгү чексиз Ыбырай Абдыракмановду (өмүр картайганча иликтөө, жазуу ишин жүргүзгөн) жана кыйла шакирттерди тарткан.

"Өңгөнү коюп Манасты айт" ата сөзүн ыйлык тутуп Ишеналы атактуу Тыныбектин "Манасынан" өтө көркөм "Семетей" белүмүнөн үзүндүнү Тоңдук Д. Эсеналиевдин айтуусунунан көчүртүп, 1925-жылы Мосвадан чыгарткан.

Бала күнүнөн үгүп куштарлыгы таркабаган Сагымбайдын таңшуусунда айлап, жылдап айткан сайын кайнар булактай ташкындаган "Манас" дастанын картайып баратса да али демдүү кезинде чыпчыргасын коротпой жазып калуу парзын өтө ишенимдүү, такыба азамат Ыбырай Абдыракмановго ыйыктап тапшырат.

Улуттук сыймыктын туу чокусу болгон "Манасты" келиштире айткан мыкты жомокчулардан ошо мезгилге жеткен көзгө басары Сагымбайга жан шерик жазмачылык вазифаны аткаруу канчалык ардакка бөлөсө, ошончолук азаптуу түйшүккө дуушарлатса да Ыбырай (элде ак молдо аталган) намыстуулук, туруктулук, талыбас эмгекчилдиги аркасында улуу дастанчынын көзү өткөнчө "зикирин кагып" салмагы ала тоодой элдин аялуу мүлкүн жетекчиси Арабаев табыштаган, такай көзөмөлдөп кам көргөн ишенимди аткарды. Арабаев 1920-23-жылы Алматыны туралтап, Жети-Суу облревкому менен облаткаруу комитетинде жооптуу кызматтарда иштеп, жергиликтүү жана борбордук съездерге делегаттыкка шайланып, арааны жүрүп турган кезинде да Төрткүлдөгү "Курмания" мектебинде кезегинде өзү уюштурган "ооз эки чыгармачылыкты жыйноо ийриминдеги" шакирттерине үзбөй кат жазып, нускоо берип, алардан жооп алып турган.

Айтмакчы, ошол алгачкы элдик чыгармачылыкты жыйноочу ийримден тарбияланган дардын арасында өткөрө шыктуу, ишкердүү: Жумадыл Түлекабылов, Сапарбай Сооронбаев, Орзакун Лепесов, Жума Жамгырчиев ж.б. адабият таану илимибиздин башатында баалу кызмат

өтөшкөн. Алар Каракол, Нарын аймагындагы таланттарды издеп таап Тыныбектин "Манасынан", Арстанбектин, Кылычтын, Тоголок Молдонун, Молдобасандын, Боогачынын, Мусанын ... ыр, казалдарынан, дагы кыйла сөзмөр адамдардан санжыра, жомок, калп, арман, кошок, секетбай түрмөктөрүн жазгандары азыр Илимдер Академиябыздын кан салыгынын көрк ачарлырынан.

И.Арабаев 1923-жылы Алматыдан Ташкенге которулду. Туркстан АССРнын эл агартуу комиссариатынын коллегия мүчөсү, инспектору, Кара Кыргыз облревкомунун мүчөсү, илим комиссиясынын, академиялык боpбордун башчысы. "Эркин Тоо" гезитинин алгачкы үч кишиден турган (Осмонкул Алиев, Сыдык Карачев менен бирге) редколлегиясынын мүчөсү кызматтарын өтөгөн. 1924-жылы Арабаев демилге көтөрүп, Ташкенге Сагымбай менен Тоголок Молдону Ыбырайдын коштоосу менен атайылап чыкырткан. Тоголок Молдо кандайдыр баралбаган. Ошондо Орто-Азыя элдеринин орток борборунда Сагымбайды куштап күтүп, жетекчи кызматагы өкүлдөр менен кыргыз студент жаштарына (болочокку бийлик жана чыгармачылык ишмерлерге) жолуктуруп, чыгармачылык кечелер өткөргөн. Өзү айкөл манасчыны далай күн төрүндө алпештеп, субхатташып чер жазышкан, азыркы карыя муддарис, ошондогу талаптуу студент, шакиртти Кусеин Карасаевди жетектетип Ташкендин ажайып жайлары менен тааныштырган. Жеке кыргыз эмес бүткүл адам затынын маданий казынасын байыттуучу "Манастын" үчилтигин толук жаздырууну Сагымбайдан өтүнүп, Ыбырайга дагы бекемдеп табыштап... көңүдөрүн көтөрүп шыктантып узаткан.

Ошо жылдары колдоого бөлөнгөн Арабаев күргүштөп жемиштүү эмгектенет. Жарыяланган китептеринин аттарын гана санап көрөлүчү:

1. Алип-бээ. Кыргыз алип-бээси, Совет доорундагы алгачкы басылыш.

Ташкент. Средазгосиздат. 1924-ж., 58-бет.

2. Кыргыз алип-бээси, оңдолуп, толукталып 2-басылышы. Москва. Центриздат народов СССР. 1925-ж., 84-бет.

3. Жазуу жолунда саамалык. Эне тилдин жазуу өрнөгү боюнча мугалимдер үчүн колдонмо. Москва. Центриздат народов СССР, 1925-ж. 23-бет.

4. Баштооч мектептерде эсеп үйрөтүү жолу. Москва. 1925-ж.

5. Сабатсыздыкты жою куралы. Фрунзе, 1925-ж.

6. В.И. Ленин, анын өмүр баяны иштеген иши. (Китепке Абылкасым Жутакеевдин "Ленин кошогу" киргизилген), түзгөн И.Арабаев. Ташкент, 1925-ж.

7. Элдик эпос "Семетей" (Тыныбектен). Басмага даярдаган, баш сөз жазган И.Арабаев, Москва. Центриздат, 1925-ж. 184-бет.

8. Секетбай. Боогачы Жакыпбеков. Түзгөн И.Арабаев. Мо-

сква. Центриздат, 1925-ж.
9. О.Карпинский. Эмгекчи дыйкандардын көсөмү. Орусчадан которгон И.Арабаев. Москва. Центриздат, 1925-ж.
10. Г.И. Иванов Географиянын баштапкыч курсу 1-бөлүм. Орусчадан которгон И.Арабаев. Москва. Центриздат, 1925-ж.
11. В.И. Ленин. Жаштар союзунун милдеттери. Орусчадан которгон И.Арабаев. Москва. Центриздат, 1926-ж.
12. Алип-бээ. Социалисттик чыгыш мектептери үчүн. Фрунзе. Кырмамбас, 1928-ж. 128-бет.
13. Жаңылык. К.Карасаев менен бирге чоңдор үчүн, араб тамгасынан латынга өткөндө түзүлгөн саамалык алип-бээ Фрунзе, 1928-ж.
Кыргыз эмгекчилерин тез сабаттуулукка жеткирүүдө Арабаев менен Карасаевдин "Жаңылык" алип-бээси ийкемдүү кызмат өтөгөн.
14. Биздин мектеп. Балдар үчүн алип-бээ. Биргелешип жазылган. Фрунзе, 1930-ж.
15. Эл адабиятын жыйноочуларга колдонмо. Кырмамбас. Фрунзе, 1931-ж.
16. Табият таануу. Толук эмес орто мектептер үчүн (Д.Шамгунов менен бирдикте) Москва, Центриздат, 1932-ж.

Жогорудагы далилдер илимий даярдыгы, аттулдук кудрети күч И.Арабаевдин калайыгы үчүн жанын үрөп жумшаган эмгегинин тендешсиз баалулугунун күбөөсү эмеспи. Асыл ойлуу адамды улутчул, эл душманы деп, ак эмгегин каралап, кийинки муундарга жеткирбей камакка тумук-туруп келсек, ошончулук опосуз дүйнөнүн опуртмалуулугуна азгырылдык. Эми жалгандыктын утурумдук үстөмдүгүн акыры женүүчү чындык ачтара салганда кимдин кимдигин даана түшүнүүчү, аларды өз ордуна өткөрүүчү доорду адилет пайдаланууубуз абзел. Ачийне, актапган ишмерлерибизди эскерүүдө, наамдарын коомдук жайларга берүүдө чаржайыттыктар, калпыстыктар, кээде укум-тукумдарынын таасирлүүлөрүнө карай мамиле жасоолор орун алууда. Акыйкатта ар кимдин эмгегине, кимиси качан, кандай шартта, канчалык элинин, өлкөсүнүн кызыкчылыгына пайда киптиргенин тактап,ар кимин өз даражасына ылайык эстелик куруп, ысымдарын бигарууга тийишпиз. Бул жагдайда президенттин, өкмөттүн командасында калыстыкты туу тутукан, тарыхый чындыкты изилдеген, жасакөр пайдакеч эмес жетик адамдардан атайын кенешчилердин чакан тобун түзүү максатка ылайыктуу. Антпесе ар жерде, ар чөйрөдө ар кимдер өз ата-бабасына, жакындарына (албетте таасирлүүлөрү) каалаганындай той-аштар өткөрүп, наамдарын бигарып, эстеликтерин кура берсе (караары жоктор же алыстадар антүүгө кудреттери жетпесе), баш аламандык өкүм сүрөөнү. Ошондуктан, жалпы кыргыз журчулугу үчүн

кызмат өтөгөн азаматтар өкмөтүбүз тарабынан акыйкат таразаланып коомчулуктун нааразылыгын туудурбай турган деңгелде эстеликтерин түбөлүккө калтыруу маселеси чечилгени жөндүү.

Азыркыга чейин унутулуп келгендердин бири И.Арабаевге кайрылалы. 1924-жылы июнда Оренбургда ачылган казак, кыргыз илимпоздорунун туңгуч курултайына Түркстан АССРнын эл агартуу комиссариатынан делегат И. Арабаев президиумга шайлануу менен мына бүгүнкү күндө кайрадан мааниси ачылган маселени жарыш сөзүндө козгойт:

"Биз чыгарып таштайбыз деген төрт тамганы алип-бээден чыгарып таштасак, биз башка түрктөрдүн жазганын такыр окуй албай турган болобуз. Алар биздин адабиятыбызды да окуй албай турган болот. Бул чоң ката. Төрт тамгадан жийиркенбөөбүз керек. Аны менен казакча сөздөрдү жазбай турган болсок да, аны алип-бээ китебине киргизип, чет тилден кирген сөздөрдү жазганда колдоно турган тамгалар катарына балдарга тааныштыргандай болушубуз керек" (Казак-кыргыз илимпоздорунун туңгуч съезди. Кырмамбас. Оренбург. 1925-ж. 32-бет.

1925-жылы июнда өткөрүлгөн эрктүү кыргыз автономиялуу облусунун мугалимдеринин алгачкы курултайында Арабаев илимий терминдер тууралу, Тыныстанов кыргыз жазуусу жөнүндө маанилүү баяндамалар жасашкан. 1926-жылы жаңы алиппе боюнча түркологдордун Бакудагы жыйынына О.Алиев (жетекчи), К.Тыныстановтор менен бирге И.Арабаев да ишкердүү катышкан.

"Манасты" жаздыруудагы И.Арабаевдин эбегейсиз салымы жаатында алдыдагы пикирибизди бышыктоо үчүн энциклопедиялык кең маалыматтуу карыя окумуштуубуз, "Манасты" жеткире изилдөөчүлөрдүн бири З.Бектеновго бурулалычы:

"И.Арабаев 1922-жылы "Манас" жомогун эл оозунан жыйнатуу ишинин эң биринчи демилгечиси болуп, атактуу жомокчу Сагымбай Орозбак уулунун оозунан жаздыруу ишин уюштурат да, жазып алууну Каюм Мифтаковго тапшырат. Аның жазганын текшерип көрүп, жомокчунун айткан сөздөрүн кыргыз тилинде таза жазбайт экен деген чечимге келет да, ал ишти Ыбырайым Абдыракман уулуна тапшырат. 1922-26-жылдардан аралыгында Ыбырайым Сагымбайдын жомоктун биринчи бөлүмүн (Манастын туулганынан каза болгонуна чейинки 500 басма табак көлөмүндөгү окуяны) бүт жазган. Сагымбайдын жаздырган "Манасы" коркомдуу жана окуяларынын толуктугу жагынан башка жомокчулардын айткандарынан алда канча жогору турат" "(К.М., "16-июнь 1988-ж.).

Үшөрдөн Тыныбектин "Семетейинин" кандайча, кимден жазылгандыгы жөнүндө эки пикирдин жашашына токтолоткөнүбүз жөндүү. Жогоруда адабиятчы М.Мамыровдун версиясы боюнча Тоңдук Л.Эсеналиевде жазылганын айт-

канбыз. Ал эми З. Бектенов так кесири минтип бышыктады: "Ишеналы Арабаев революцияга чейин Тыныбек жомокчунун оозунан "Семетейдин Айчурекке үйлөнгөн жерин" жазып алган экен.Ишеналынын ал материалы 1925-жылы Москвадагы СССР элдеринин Борбордук басмасынан чыккан болучу"("КМ" 16.06.1988-ж.) Анча талаш туудурбаса да тактоо керектир.

Ишеналы сөздүн терең маанисиндеги ири коомдук, саясый ишмер болгон. Интелектуалдык түнүшүк деңгээли жогору, өз доорундагы интеллигенттердин алдынкысы, журт тагдырын башкы максат кылып койгон, араб, фарсы, түрк, славян тилдериндеги адабияттарды такоолсуз окуп, шар сүйлөй, жаза билген, ичкери шаар, сырт өлкөлөрдү кыдырып, далай акылмандарга жолукkан кыргыздын кеменгер залкары болгону күмөн туудурбас.

Дал ошондуктан Арабаев илим, агартуу жагдайы менен катар саясый-жетекчилик чөйрөдөгү ишмердигин да (четтетилгенге дейре) жандуу багыттаган.

Бу жагдайга кыргыз элинин эркиндигин көздөгөн эки орчундуу окуянын уюштуруучуларынан болгондугун кыска гана жорупайлы. Биринчиси, сабаттуу, башкаруу алкагындагы жетик кызматкелер: Сыдыков, Арабаев, Айдарбеков, Абдыракманов, Алиев баштаган кыйласы кыргыздарды Казакстандын (Жети-Суу, Сыр-Дарья областарынын) курамына кошуу долборуна каршы чыгышкан. Алардын далилдүү койгон маселеси боюнча РКП(б) БК, ТүркБАК жана Жети-Суу парткомунун макулдугу берилип, Тоолуу Кыргыз областын түзүүгө камынып, 1922-жылы 1-июнда Учредителдик съезд чакырылган. Съезд кыргыздын мамлекеттик түзүлүшүн жарыялап, элибиздин өз тагдырына ээлик бийликти орнотмок. Бирок, Кудайкулов уюштурган аларга каршы "бөлүнбөөчүлөрдүн"тобу айыгышкан чатак башташып, жаатташууну күчөтүп, уруш-мушташка дейре жеткирип, борборго айыптоо арыздарын жаадырышып, РКП(б) БКнын мурдагы чечимин жокко чыгартууга жетишишти.

Анда Тоолуу Кыргыз облусун уюштуруу буржуазиялык улутчулдуктун көрүнүшү, бай-манаптык элементтердин таасири делип съезд таркатылды.

Эркиндик үчүн күрөшкөн азаматтар бу сапар максаттары ойрондолсо, эртең, ишке ашарына терең ишениншкен. Асыл мүдөө, акыйкат үчүн "чабуулду" эч чегинбей уланты-шып, эки жылдан кийин Кара-Кыргыз автономиялуу облусун (РСФСРдын тутамында) уюштурууга жетишишти.

Экинчиси, Орток борбор Ташкенде иреттелген ККАО олбревкомунун мүчөсү, Академиялык борбордун председатели... И.Арабаев башка бийлик жетекчилери менен эгедерлүү өлкөсүнө, Бишкек калаасына шандуу келишкенде көп узабай мансап талашуунун, жаатташунун өчөгүшүнүн салакасына чалдыкты.

Биринчи, болгондо да партиялык жетекчи М.Каменскийдин (Эйдистин) тайкылыгынан, Кудайкулов менен Бабакановго таянып, алардан алда канча билим, кыраакылык, ишмердик даражасы жогору, калайыкка кадыр-барктуу Арабаев, Айдарбеков, Абдыракманов, Алиев, Сыдыковдорду жаатчыл, улутчул, бай-манапчыл деп куугунтуктоосу, жеке алар гана эмес кыйла келечектүү жергиликтүү кызматкелердин кендирип кескен.

1925-жылдын март айындагы Кыргызстандын областтык I-партконференциясында, ага удаа ККАОнун советтеринин Учредителдик съездинде жогоруда аталган жана аталбаган азаматтарды партиялык жана советтик жетекчи органдарга шайлатпай, четтетүүгө үлгүрүштү. Алсак: обкомдун 2-секрстары Ж.Абдыракмановду, алгачкы президент И.Айдарбековду, ОКнын уюштуруу бюросунун мүчөсү, "Эркин Тоонун" редактору, ЛКСМ ОКнын биринчи секретары О.Алиевди (кызматтарынан бошотпой туруп) Обкомнун составына киргизишпеди. Облсоветтин аткаруу комитетинин курамына Ж.Абдыракманов да, И.Арабаев да, А.Сыдыков да шайланбады. Абдыракмановдун ордун Бабакановго эзлетишти.

Таасирлүү ага муундун өкүлү Арабаев менен Сыдыковдордон айрылманалып жаш, демилгелүү, Ташкенде башкаруу ишине такшалган билим, көз караштары жетик, келечектүү Абдыракманов менен Алиев кантсе да коргоого алынат. Ж.Абдыракманов РКП(б) БКнын Орто-Азия бюросунун карамагына чакырылып, уюштуруу бөлүмүнүн башчысынын орунбасарлыгына дайындалат. О.Алиев (сыягы алмаштыруруга учурунда теңдеши табылбаганбы, же анын мыкты сапаттарын эске алышканбы) саясый маанилүү кош кызматында калтырылып, бат эле кайрадан ОКнын бюро, пленуп мүчөлүгүнө өткөрүлөт.

1925-жылдын июнь айында Кыргызстандын аттуу-баштуу советтик 30 кызматкери партиянын обкомунун иш стили менен кадр саясатындагы орой жаңылышыктарды сындап РКП(б) БК жана Орто-Азия бюросуна кат аркылуу кайрылышат. Ошо себептен "отуздун тобу" аталып кетет.

"Отуздун" катында партиянын обкому майда маселелерге чейин бүт бийликти жүргүзүп, советтердин укугун басмырлаганы, улут саясатынын бурмаланганы, жергиликтүү кызматерлердин өз ара келишпөөчүлүктөрүн жоймок турсун күчөткөнү, советтик органдардын жергиликтүү бийликтеринин уюткусун түзүү ишинин чабалдыгы, биринчи Конференцияда шайланган РКП(б) Обкомунун жетекчи катмары ашыналык жаатчылыктын тарапкерлеринен түзүлгөнү, натыйжада ачыктык, туруктуулук мокоп, ички партиялык кагылыш менен катар калк арасындагы уруучулук күрөш күчөгөөнү, элдин кызыкчылыгын, шартын мыкты билген башкаруу ишинде такшалган жергиликтүү кызматкерлердин куугунтукталышы, кыргыз тилинде иш жүргүзүүнүн жолго коюлбаганы, жер

чарба, өнөр жай, соода өнөктүктөрдөгү кедергилерди, зордоо түрүндөгү оор салыктарды, агартуу-билим берүү өнөктүгүндөгү шалакылыкты... дааналап көргөзүп, Обкомдун азыркы жстекчи чордонунун Кыргызстандын мындан аркы тарыхый жоопкерчилигин актабай албас мажестигин, анын алмашылышын талап кылышкан.

Жогоруда мазмууну жорупталган "отуздун катында" КырОбкомдун ишендеги жарамсыз стили ачык сындалган. Анда антипартиялык,контрреволюциячыл-улутчулдук деп айыптарлык жүйөөлөр деле жок. Ошого карабастан РКП(б) БКнын Орто-Азия бюросу тарабынан күнөөлөнүп, партиянын Кыргыз обкомунун областтык конференциясында да "партияны бөлүп-жаруурга багыттылган бай-манаптык элементтердин ушакчылык амал-айлалары" катары күнөө тагылган. "Отуздун тобундагы" катка кол койгондордун баарына партиялык ар кандай жазалар берилген, кээси кызматтарынан четтетилген. Башкы уюштуруучулары А.Сыдыков менен И.Арабаев партиянын катарынан чыгарылган. Ж.Абдыракмановдун топтук күрөшкө катышы барлыгы көрсөтүлүп уяткарылган. Ал 1926-жылы (Каменский бошотулуп, борборго Ленинизм курсуна чакырылып кеткенсоң) кайра Кыргызстанга келип, 1933-жылдагы капсалаңдуу окуяга чейин өкмөттү башкарып, натыйжалуу эмгек өтөдү.

Ал эми И.Арабаев менен А.Сыдыков жетекчилик чөйрөдөн караманча алыстатылып, ар кандай майда кызматтарда баш калкалап, жан багып жүрүштү. Экөө тең 1933-жылы камалып, мифтик контрреволюциялык "Социал-туран партиясын уюштурууга катышкан, ал партия Кыргызстанды СССРдан бөлүү, Совет бийлигин кулатуу, ал эми иш онунан чыкпай калса-Кытайга качып, аякта антисоветтик иш-аракеттерди улантуу планын түзүшкөн имиш-деген айып тагылган. Арабаев опсуз кордоо менен кыйноого чыдабай, 1934-жылы Ташкентдин түрмөсүндө өлүп тынган. А.Сыдыков 1938-жылы атылган.

Жалган жалаадан өкүттөлүү өмүрлөрү кыркылган кыйла сыймыктанарлык ишмерлеribиздин катарында И.Арабаев, А.Сыдыков акталып, элдин көңүлүнө тирилгендей эскерилүүдө.

Эми И.Арабаевдин билгичтик камкордугунун аркасында элибиздин рухий мүлкүнө айланып даңазаланган эки залкар: Молдо Кылыч менен Сагымбайдын чыгармачылык мурасынын жагдайы жаатында азыноолак ой бөлүшөлү.

Канча ирет көмүлсө да чирибес алтындай канча ирет жарк эттире кайрадан табылган Молдо Кылычтын адабий мурастары акыры К.Тыныстанов менен бирге камоодон чыгарылып калкыбыздын колуна тийип куштарлыгын арттырды. Өткөн 1991-жылы экөөнүн тең юбилейи: Молдо Кылычтын 125, Тыныстановдун 90-жылдык өмүрлөрү салталаттанмак. Кулак кагыш макалалар, чыгармалардын жыйнагы жарык көрдү. Тыныстановдуку өкмөттүк комис-

сиянын башкаруусунда жогорку деңгелде туура белгиленди. Негедир биилик, чыгармачылык мекемелеринин кайдыгерлигинен би, же "ала койду бөлө жарган" көкүйлүгүбүздөнбы жолу катуу Молдо Кылыч бу саам да көз жаздымында сүрүлдү. Дале үмүт үзүүгө болбойт. Жакшылыктын эртели кечи жок эмеспи. Баса, Жеңижок 130 жылдыгы жделе бир жылдан кийин былтыр (1991 эки аймакта: Талас менен Аксыда шандуу майрамдалды. Демек, атактуу Молдо Кылычты быйыл деле борборубузда, берекелүү Көчкордо талаштагы татаал тагдырында бир мертебе эскерип кобюуга не болбосун. Бул "унутулган" маселени (М.Кылычтын юбилейин өткөрүнү) кайра кароону басма сөз аркылуу мамлекетибиздин президентинен, өкмөтүбүздүн жетекчилигинен өтүнөбүн, Кыргыз журтчулугуна кайрыламын.

Арийне ата-бабабыздан бери (тыюу салынган учурларда да) Молдо Кылычтын талантына таасим этпеген Ала Тоолук чандадыр. Ошондуктан да карыздарлык парзыбызды актоого тийишпиз.

Акыйкат сөз кезеги келгенде айтылганы дурус. Молдо Кылычтын чыгармачылык мурасы толугураак топтолуп "Казалдар" делип жакшы жасалгаланып тиркеме, түшүндүрмөлөр менен түзүүчү О. Сооронов дун аео мамилеси аркылуу 1991-жылы жарык көрдү. Түзүүчү 1911-жылкы "Кыссаи зилзаладагы" И.Арабаевдин "Алгы сөзүн", 1925-жылкы "Тамсилердеги" Б.Данияровдун "Сөз башын", 1946-жылкы "Иргелген казалдардагы" Т.Саманчиндин "Молдо Кылыч Шамыркан уулу Төрөгелдин" деген кеңири, мазмуунду баш сөзүн билгичтик менен киргизген.

Бирок, өлкулук кеткен. Түзүүчүдөн мурун "Башат" атап көлөмдүү пикир жазып китептин бет ачарына койдурган сынчы К.Асаналиев өзү ойлонуш керек эле. Бүт калайыкка бул саам Молдо Кылычтын колдоочусу болуп чыгып жаткан соң адамдык абийир, нарктуулук дегенди ойлонуш керек эле да. Кечээ эле Асаналиев өзү жазгандай ("Молдо Кылычтын" өлүп-тирилиши" (улуу акынды эки мертебе "өлтүргөндөрүн" кандуу кылычын шилтеп жүрүп, болгондо да I-жолу (1959-60-ж.). Тил жана адабият институтун жетекчилигиндеги илимий мекеменин докладчысы (Молдо Кылычтын чыгармачылыгы боюнча) каралап токтом чыгарып, кол коючусу болгонун бышыктады. 2-жолу жакында эле 1987-жылы чыккан "Кыргыз совет адабиятынын тарыхынын" I-томундагы өзү жазган "Кыргыз элинин көркөм мурасы" деген бөлүмүндө Молдо Кылычты Кылыгул, Арстанбектер менен "реакциячыл көз караштардын жана тар жергиликтүү чектелүүчүлүктүн рамкасынан чыга алышкан эмес. "Замана" адабиятына, айрыкча Молдо Кылычтын чыгармачылыгына таптык мааниде баа берүүдө көркөм мурас жөнүндөгү маркстик-лениндик окууну негизге алуу зарыл" деп аныктады.

Сынчынын мындай "ийкемдүүлүктөрүн" калайык билбей коймокпу. Кийинки жазгандарында аргасыз болгонун бетке

кармайт. Аны айыпка тартып жаткан эч ким жок го. Бирок да адам өз абийрине камчы чаппоо керек. Кечээ минтип карагаланын бүгүн мактай (же анын тескеринче) күн карамалык көрүнүш Асаналиевдин адамдык мүнөзүнө байланыштуу жорукка айланган. Ал өзү эл журт эмне дейт, менден азат бойлору жыйрылбайбы деп неге ойлонбойт. Асаналиевдин акчыланган "Башатысыз"деле Молдо Кылычтын "Казалдары" кастарланып окула бермекчи. Маселе ушунук мурастарга алал мамиле жасоодо турбайбы.

Сагымбайдын манасчылардын ичинен артыкча бааланган даңазасы баарыга маалым. Сагымбай Орозбак уулунун варианты боюнча жарык көргөн төрт томдук "Манастын" жеке көлөмү жагынан гана эмес, тарыхый окуялардын элестүүлүгү, адамзат, айбанат, жаратылыш көрүнүштөрү көркөм сүрөттөлгөн кереметтүүлүгү, эне тилибиздин азем байлыгы жагынан айтылуу дүйнөлүк эпостордун алдыңкы сабында шанданарлыгын далилдеди.

Кантсе да үзгүлтүксүз айтылып, жазылып келаткан "Сагымбайдын жомокко өзүнөн мурдагылар айтпаган жаңы окуяларды кошуусу" жаатында пикир кошолу. Сагымбай өзү акындыгы күтүүлүгүнөн дастанга айрым кошумчаларды киргизүүсү табыгый жосун. Талаш эпоско мүнөздүү эмес эпизоддор туурасында жүрүүдө.

"Манастын" көрүнүктүү изилдөөчүлөрүнөн болушкан Мухтар Ауэзов, Калим Рахматуллин Сагымбайга жомокту жаздыруу учурларында улутчулдардын таасири тийгендиги жөнүндө эскеришет" (I-китеп. 1079-ж. 292-бет.). Мындай пикирди жакында эле төөбастыга алынган жеке А. Токомбаев эмес М.Богданова, Т.Сыдыкбеков да бекемдешкен. (Караңыз "Киргизский героический эпос Манас" Москва, 1961-ж.)

Байкообузча бул ой жорутуулар Арабаев, кийинирээк Исакеев, Тойчунов ж.б. улутчул деп жазаланышкандан кийин кеңири таркалганы сезилет.

Ошол доордун күбөсү, бүгүнкү ардактуу карыя, энциклопедиялык кең маалыматтуу профессор К.Карасаевдин жарыяланган "Баштан өткөн мажаралар" деген эскерүүлөрүнөн шилтемелер келтирели.

"Ал кезде Сагымбай Орозбак уулунун оозунан жазылган гана "Манас" бар болчу. Бул эпоско айрым адамдардын тийгизген таасиринен бир топ "Манаска" тиешеси жок нерселер кирип кеткен. Ошондуктан пикир алышуу иретинде, билимдин тайкы кезинде жазган макалам" ("Манас" "К.К." 30.05.1930). Андан ары "Сагымбай Орозбак уулунун оозунан жазылган "Манастан" кемчилигин текшерген соң, "Манастын жаңы вариантын жыйноонун, ан үчүн манасчыны издөөнү ылайык таптык. Ошол максат менен мени Ысык-Көл айланасына командировкага жиберишти". Натыйжада "Эгер Саякбайды мен 1931-жылы алып келбегенде, менин тапшыруум боюнча Жунуш жыйнабаганда жалгыз Сагымбайдын варианты гана калмак болучу. Караласвдин

вариаты болбосо, жалгыз Сагымбайдын "Манасынын" жа-шашы да шектүү эле. Ал варианттын бир топ жараксыз жактары бар болучу. Бул жөнүндө кийин өз ордунда кеп саларбыз".

"Сагымбай Орозбак уулу окшогон гений манасчынын оозунан жазылган өтө баалуу "Манас" эпосу турганда, мурдунан кыйкырган маңка Саякбайды алып келүүнүн кандай себеби бар. Муну алып келип жүргөн ким? деп Баялы Исакеев айтыптыр" деген сөз таралып жүрдү"...

Учурундагы чындыкты жашырып жаппай бүгүнкүлөргө тартуулаган аксакал илимпозубузга ыраазылык гана билдирген келет. Арийне, чындыкты убактылуу уйпалоо мүмкүн, түбөлүгүндө минтип ойкуп чыгат.

Сагымбайдын 4 китептен турган "Манасын" чыгарууда жогоруда баса көрсөтүлгөн шектүү кошумчалардан тазаланганын адис окумуштуу С. Муспев ырастады: "Ырас, окуялардын аягында кезиге турган мусулман динине байланыштуу ой жоруулар, Сагымбайдын арыздары зарылчылыгы жок болгондуктан алынып салынды жана текст араларынан редакторлук максат менен кээде айрым саптарын кыскартууга жол берилди.Ошондой эле Манастын түндүккө жүрүшү, Мекеге барышы сыяктуу окуялар да мындан кийин басылып чыгуучу бөлүктөрдөн орун албашы шексиз. Бул варианттуу-бастырууда андагы айрым терс көрүнүштөрдү кыскартуу Сагымбайды оңдоо, жаман нерсени жакшы кылып көрсөтүү эмес, тек, элге элдик жомоктун өз текстин тартуулоо максаты ("Манас" 1-китеп 295-бет).

Сагымбайдын 125 жылдык салтанатын кечөө жакында Кочкорлуктар мүмкүнчүлүктөрүнө жараша өз демилгелүү өнөктүктөрдү жүргүзүп, жакшы откөрүштү. Ысмындагы мектептин алдына эстелигин коюшту. Мүрзөсүнө баруучу жолду оңдоп, бак шак тигип, күмбөз тургузушту. Улуу манасчы Сагымбайдын алгач белгиленген юбилейи Кыргыз мамлекетинин камкордугунда, өкүмөттүүк комиссиянын жетекчилигинде өткөрүлдү, улуттук сыймыгыбызды жеткире баалап жаткандыгыбызды билдирди. Эл ыраазы болду. Акырында Арабаевдин өкүнүчтүү тагдырына кайрылбай өтүүгөө абийирибиз чыдатпас. Бирин бири жектеген, айыптаган мезгил илимпоздорубуздун аз сандуу карлыгачтарын да кайраштырган. Кезегинде таалимин алган, жашы, жолу улуу, адис агартуучу, эне тилибиздеги окуу китептердин биринчи түзүүчүсү, Илим комиссиясын, Академиялык Борборду жетектеген кезинде шакирттикке алынып эмгек жолун ошо Арабаевдин колдоосу менен баштаган таланттуу окумуштуу-тилчи К.Тыныстанов "Кыргызстандагы жаңы алфавит үчүн күрөштүн он жылдыгы" очеркинде (сыягы докладынын негизинде - Ш.Б.) ага жана анынкесиптеш досу Казактын көрүнүктүү коомдук ишмери, чоң окумуштуу-казак грамматикасы менен синтаксисинин түзүүчүсү (Агартуу институтунда Касымдарга дарс окуган), Ленин-

дин кабыл алуусунда болгон, андан 1920-жылы кат аркылуу "1-Поставить во главе управления Киргизским (Казакским) краем настоящих коммунистов и испытанных честных идейных работников из киргизских (казахских) интеллигентов, которым народ вполне доверяет, но ни в коем образе коммунистов по названию"... ("Егеменди Казакстан" 26.12.1991-ж. деп талап койгон), азыр акталып улуттук көсөм катары даназаланган) Акмат Байтурсуновду ошондогу саясий-идеологиянын сокмогу менен экөөнү тең асосуз сындаган.

Карама каршылыктуу катаал учурга мажбурланган К.Тыныстанов кезегинде курч, "туура" күнөөлөгөн азыр болсо анын тескерисинче оң бааланган Арабаев менен Байтурсунов жөнүндө (улуттук, элдик кызыкчылыкты көздөгөн катары) жогорку очеркиндеги басым жасаган ойлорунан шилтемелер келтирели:

"Кыргыз феодалдарынын адабий тили деп саналган мына ушул чагатай тилинде айрым чыгармаларды басып чыгарууга да аракеттер жасалган. Мисалы, 1912-жылы Уфа шаарында О.Сыдыковдун "Кыргыз тарыхы" деген китеби басылып чыккан. Кийин империалисттик согуштун алдында, манап Шабдан Жантаев өлгөндөн кийин бул китеп "Шабдан кыргызынын тарыхы" деген ат менен кайрадан жарык көргөн. Кээ бир феодал-манаптардын ата-тегин сүрүштүргөн жана ал манаптарды мактап даназалаган бул "тарыхы" кыргыздарга караманча түшүнүксүз чагатай тилинин грамматикалык салттары баштан аяк үстөмдүк кылган. Революцияга чейин "Кыргыз тилинде" чыккан экинчи китеп (чынында биринчи Ш.Б.) К.Шамыркановдун "Зилзала" деген поэмасы болгон (китеп феодал чейрөсүнүн өкүлү Арабаев тарабынан редакторлонуп жарыкка чыккан)"...

Ал кезде элге билим берүү органдарын мыкчып турган жана өкмөт мүчөлөрүнө кирип алган улутчулардан ошол тапта казак тили боюнча окуу китеби менен артта калган кыргыз педагогдорунун арасында абдан белгилүү, көрүнүктүү казак контрреволюционери, алаш ордочул А.Байтурсуновду өздөрүнүн позициясын бекемдеш үчүн күн мурунтан съездге чакырып коюшкан. 1926-жылдын 25-майынан 27-майына чейин созулган съездде, Арабаев менен Байтурсунов башында турган улутчулдар менен катуу салгылаштан кийин резолюция кабыл алынды".

"Биринчи баскыч кыймылдын адепки башталында Байтурсунов менен Арабаев башында турган бай, манаптардын, динчилдердин биз жогоруда көргөндөй ачыктын ачык күрөшү менен мүнөздөлөт"...

"Маселенин түйүнү жаңы алфавиттин пайдасы үчүн чечилгенде буржуазиячыл улутчулдар өздөрүнүн жол-жосунун өзгөртүп, жаңы алфавитти киргизүүнүн мөөнөтү жөнүндө калайык калктын атында жамынып: "Биз жаңы алфавитке каршы эмеспиз, аны ишке ашыруу мөөнөтүнө каршыбыз. Адегенде эл маданияттуу болуш керек, андан соң гана жаңы

алфавитке өтүү керектир" (Меньшевиктер менен троцкийчилердин "философиясына" коендон окшош) деген ойдон чыгарма пикирди бетке кармашкан. Бул экинчи баскычка мүнөздүү ("Ала-Тоо" №9-10, 1991-ж.).

Бул соккусунан көп узабай Тыныстановдун өзү Арабаев менен Байтурсуновторго коюлган жалаага кабылып, алар тумуккан камактын,сурактын азабын тартып өмүрү эрте кыйылды. Эмки чындык үчөөнүн тең эч күнөөсүз, элине ак кызмат өтөгөн алдынкы азаматтар экенин айкындады. Кордолуп өмүрлөрү кыйылган менен өтөгөн, калтырган эмгектери жогору бааланып, бүгүн тирүүлөрдүн тирүүлөрүндөй сыймыкка, урматка бөлөнүүдө.

Булар тарыхый даректерди билүү үчүн гана эмес, кандай катаал доорлорду баштан өткөрүп келатканыбызды, дагы эмнелерге даушарланарыбызды элестетүү үчүн да керектир.

Арабаевдин эмгектерин өз демилгеси менен кайра чыгарып жаткан профессор, белгилүү тилчи К.Дыйкановдун аракети эрдикке тете. Ал эми КМУнун профессору А.Осмонкуловдун көптөн бери изилдөө жүргүзүп, И.Арабаевдин агартуучулук, илимий-педагогдук ишмердигинин өтө маанилүүлүгүн далилдеп, быйыл 110 жылдыгын өткөрүү тууралу "Кыргызстан Туусу" гезети аркылуу көтөргөн сунушун кыргыз окумуштуулары, бөтөнчө филологдор, миндеген педагогдор чейрөсү колдоого алып жүзөгө ашырышса максатыка ылайыктуу болбос беле!

12.01.-13.02.92



Профессор, тарых
илимдеринин доктору

Таштан Дүйшемалиев

ИРИ КООМДУК ИШМЕР

Кыргыз элинин эркиндиги жана жарыкраган келечеги үчүн өмүрүн арнап күрөшкөн мыкты адамдар кайра куруунун жылдарында даңазаланууда. Алардын ичинде кыргыз элинин жазма тилине негиз салуучулардын бири жана биринчи агартуусу Ишенаалы Арабаев да бар.

Ал жаш кезинде эле билим алууга дайым аракеттенип, кыргыз элинин маданияттуу болушуна бардык күч аракетин жумшаган. Айылда төрөлүп, анын бала чагы көчмөн жана жарым көчмөн турмушта жашаган кыргыз малчыларынын арасында өскөндүктөн алардын үрп адатын, чарбачылыгын жакшы билген зээндүү жаш жигит болгон. Бир жерден экинчи жерге малдары менен көчкөн малчыларды отурукташтыруруга, алардын маданияттуу болушу үчүн дайыма күрүшкөн, ар намыстуу эл сүйгөн, кадырлаган билимдүү адам болгон.

Ал жаш кезинде билим алыш үчүн ар түрдүү кыйынчылыктарга карабастан 1910-1913 жылдарда алыскы Башкырстандын борбору Уфадагы жогорку дин мектебине кирип, аны ийгиликтүү бүтүп, жогорку билимге ээ болот. Окуп жүрсө да убакыт таап кыргыз тили боюнча биринчи окуу китептерди жазып, басмадан жарыкка чыгарып Кыргызстанга жиберет. Россиядагы, Башкырстандагы, Та-

тарстандагы жашаган эмгекчилердин жашоо турмушун көрүп, алардын маданиятка умтулган аракеттерин терең түшүнөт. Ал Кыргызстанга келип, Ысык-Көл, Нарын областтарындагы райондордо мектептерди ачып, балдарды окутуп, алардын аң сезимин көтөрөт.

Октябрь революциясынын жеңишинен кийин, ал Кыргызстандагы Советтердин уюшулушуна жана чыңдалышына активдүү катышып, Бүткүл Россиялык Советтердин IX съездине, кийинки жылдарда Казахстан, Кыргызстандын илимпоздорунун съездине делегат болуп катышкан. Илимий иштердин маанилүү маселелери боюнча съездин кабыл алган мыйзамдарын даярдоого активдүү катышат.

1924-жылы Кыргызстан өзүнчө Туркестан республикасынан бөлүнүп автономиялык область болду. Ал областын революциялык комитетинин мүчөсү жана илим боюнча комиссиянын төрагасы болуп шайланып эл чарбасынын өнүгүшүнө жана элге билим берүү маселелери боюнча маанилүү иштерди аткарган.

Жыйырманчы жана отузунчу жылдардын биринчи жарымында Кыргызстандын өкмөтүнүн алдында оң жоопту туу маселе турду. Ал кылымдар бою тоо арасында көчмөн жана жарым көчмөн турмушта жашаган кыргыз малчыларынын отурукташтырып, алардын каалоолору боюнча ири чарбаларга бириктирүү керек эле. Кыргызстандын өкмөтүнүн тапшырмасы боюнча Ишенаалы Арабаев да Нарын, Ысык-Көл областарындагы эмгекчилерди колхоздорго бириктирүү боюнча жергиликтүү райондук айылдык Советтердин жооптуу кызматчыларына иш жүзүндө жардам көрсөтөт. Колхоздордун өндүрүшүндө иштегендердин эмгегин туура уюштуруп, алардын иштеген эмгетине жараша акы берүү боюнча айыл эмгекчилери үчүн доклад жасап, аңгемелерди өткөзөт, айрым учурларда бул иштерди туура уюштуруудагы иштерге өзү да катышат. Ал таланттуу тилчи окумуштуу болгондуктан айыл кыштактагы балдарга мектептерди куруу жана аларда балдарды окутуу боюнча мугалимдерге иш жүзүндө да жардам берет. Мугалимдерге окуу китептерди жазып, басмадан чыгарат. Ишенаалы Арабаев коомдун өнүгүшүн терең түшүнгөн жогорку билимдүү таланттуу тилчи гана болбостон, саясий жактан даярдыгы жогору кыргызстандын коомчулугуна даңкталган терең билимдүү адам болгон. Ал орус тилинен кыргыз тилине өкмөттүн токтомдорун жана мыйзамдарын сапаттуу которууда да өзүнүн замандаштарына кеңири таанылган мыкты котормочу болгон.

Ал Кыргызстандын революциялык комитетинин мүчөсү жана башка жооптуу кызматтада ийгиликтүү иштегени менен кыргыз элинин басымдуу көпчүлүгүн түзгөн көчмөн жана жарым көчмөн турмушта жашаган малчыларды отурукташтырууга иш жүзүндө өзү да катышкан

Кыргызстандын коомчуулугуна кеңири белгилүү коомдук ишмер болду. Буга бир мисал келтиребиз.
1930-жыл. Мурдагы Союздун бардык республикаларындагыдай эле Кыргызстандын айыл кыштактарында жашаган дыйкандар жана отурукташкан малчылар өз каалоолору боюнча ар түрдүү биригишип иштешкен ири чарбаларга биригишип иштеп жатышты. Бирок, айрым райондордогу айыл кыштактарда колхоздорду, совхоздорду уюштурууда каталар да кетирилди. Айрым жооптуу кызматчылар кээ бир райондордо жыл боюнча бир жерден экинчи жерге малдары менен көчүп жүрүшкөн кыргыз малчылары үчүн турак үй салып, аларды отурукташтырбай эле, аларды коркутуп, кысымчылыкка алып колхоздорго бириктирип койгон. Кээ бир айылдарда өз эмгеги менен малдуу болгон орто дыйкандарды жалаа менен кулак да кылышып, алардын малдарын жана башка менчиктерин алып коюшкан, айрымдарын шайлоо укуктарынан ажыратып, куугунтукташкан.
Айыл чарбада иштеген эмгекчилерди ирилешкен чарбаларга бириктирүүдө кетирилген каталарды жоюу жана ал чарбаларда иштеген дыйкандардын эмгегин туура уюштуруу жана алардын эмгектери боюнча акыны төлөөнү жакшыртуу үчүн Кыргызстандын өкмөтүнүн милдеттендирүүсү боюнча коомчулукка таанылган көп жооптуу кызматчылардай эле Ишенаалы Арабаев да райондук, айылдык Советтердин жетекчи кызматчыларына иш жүзүндө жардамдарды көрсөткөн.
1930-жылы жаңы отурукташкан малчылардын суроолору жана Ишенаалы Арабаевдин демилгеси боюнча Кант районундагы Ысык-Ата айыл советинин тоо арасындагы түз жерге "Четинди" деп аталган айыл чарба артели уюштурулган. Бул чарба асыл тукумдуу малдарын багуу жана алардан санын көбөйтүү боюнча адистештирилген "Четинди" айыл чарбасында тукуму жакшы малдар кыштын күнүндө жылуу сарайларда багылып, аларга жем, чөп, суу өз убагында жеткиштүү берилген. Жаз, жай, күз айларында чарбанын малдары чөбү көнөн жана сапаттуу Чуңкур-Төр сыяктуу ири жайлоолордо багылган. Асыл тукумдуу малдар эттүү багылгандан кийин, алар чыгашасыз асыралынып сандары жылдан жылга көбөйгөн. Бул адистештирилген чарбанын тукуму жакшы жана эттүү, сүттүү жылкылары, уйлары, койлору Чүй өрөөнүндөгү чарбаларга план боюнча берилген.
"Четинди" айыл чарба артелинин тукуму асыл, зоот жылкылары Ата Мекендик согуштун жылдарында генерал-майор Панфилов атындагы гвардиялык дивизиядагы кыргыз жоокерлерине да жөнөтүлүп турган.
Ишенаалы Арабаев Аламүдүн (азыр Кант) районундагы тоо арасындагы уюшулган "Карагай-Булак", "Тогуз-Булак", "Сары- Жыгач", "Алмалы", "Ичке-Суу" жана башка чарбаларда мезгил-мезгил менен болуп, алардын жетекчи-

леринс, адистерине ири чарбаларда эмгекти жана эсепти туура уюштуруу боюнча аңгеме өткөзүп, кеңеш берген.
Кыргызстандын өкмөтү жана айыл чарба уюмдары "Четинди" айыл чарба артелинин мал чарбасынын өсүшүнө баа берип, бул чарбаны үлгүлүү айыл чарба артель кылууга материалдык жардамдарды беришкен. Бул чарбада суу проводу 1931-жылдарда республикабызда биринчи жолу курулат. Ири чарбага айыл чарба машиналар, куралдар берилет. Чарбада иштеген малчылар, дыйкандар булактын таза суусун ичишип, аны үй тиричилигине да пайдаланышат. Дыйкандар айыл чарба шаймандарын, машиналарды өндүрүш жумуштарына үнөмдүү пайдаланышып арпа, буудай, конок, таруу сыяктуу дандардан жакшы түшүм алышат. Чарбада иштеген дыйкандар данга, унга, алардын малдары жемге кеңири жетишишет. Колхоздун экономикасы жылдан жылга өсөт. 1932-жылы колхоздорулардын демилгеси менен мектеп, клуб жана сарайлар салынат. Колхоздун мектебинде окуган балдарга сабакты берүү талапка ылайыктуу берүүнүн жолдору боюнча да мугалимдерге кеңеш берилет. Арабаевдин кеңеши боюнча мектептин окуусун ийгиликтүү бүткөн зээндүү жаштар Бишкек шаарындагы атайын кесипке ээ болуу үчүн орто жана жогорку билим берүүчү окуу жайларга киришкен. Азыр "Четинди" айыл чарба артелинде иштешип азыр пенсияга чыккан улгайган адамдар Арабаев Ишенаалынын жаш адистерди даярдоого кылган камкордугун дайыма эскерип, анын ишин жогору баалашат. Анын жардамы менен жогорку окуу жайларды бүтүп жогорку билимге ээ болгон адистер, илимий кызматчылар ири окумуштуу жана коомдук ишмер Ишенаалы Арабаевди бизгин агабыз, бизге камкордугун дайыма көрсөткөн деп эскеришет.
Кант районундагы - "Карагай-Булак" айыл чарба кооперациясында иштеген механизаторлор, малчылар жана Ишенаалы Арабаевди көргөн адистер, пенсионерлер селонун башкы көчөсүндө Ишенаалы Арабаевдин аты коюлсун дешип Райондук эл депутаттар Советине кайрылышып, элдик кишинин туулган күнүнүн 110 жылдыгын тосууга кызуу даярданышып жатышат.



Алгачкы мугалим

Жумагул Садыков

ЭЛДИК АДАМ

1922-жылдын жай айлары болсо керек, Ишеналы Арабаев агасы Омурбайдыкына келиптир дегенди угуп калдык. Айыл аксакалдары учурашып келебиз деп жонон калышты. Мен да бир куланды минип алып кошо жонодум. Биз Маядыр деген жайлоодон ойузлогу Ак-Белге келдик. Арабаев Ишеналы агасыныкында, айыл четинде эшикте отуздай киши менен сүйлошуп отурган экен. Биз аттарды байлап, кол берип учураша баштардык. Элдик аягында мен да кол берип саламдаштым. Мени карап алып: - чон азамат болгон турбайбы - деп жылмайып койду. Ал киши мурун да биздин айылга келип жүрчү. Анын үстүнө мага таяке да боло турган. Барган кишилер олтуруп, аман-эсенчиликти сурашты. Мурдакы олтурган элдин ичинде айыл аксакалдарынан Ташыбек, Орозалы, Токтоналы молдо ж.б. бар экен. Биз жактан баргандар: Алыбай, Муса, Ашырбек, Байдаалы жана башкалар эле. Сөздон сөз чыгып отуруп, кептин аягы мектеп салуу, балдарды окутуу иштерине отту. Ишеналы аксакал отурган элге: - өз каражаттарынар менен жакшы мектеп салгыла. Качанкыга чейин балдар эски мечитте окуй берет. Элди үюштуруп, заңгыраган мектеп кургула, балдарды калтырбай окуткула. Мурдакы окуу, би-

лим, маданияттан артта калганыбыз да жетишер. Совет өкмөтү окуп, билим алуу үчүн канчалык камкордук көрүп жатат. Ошондуктан өзүңдөр да аракет кылгыла. Мектепти куруп бүткөнчө окууну токтотпой, мечитке болсо да окута бергиле. Асты-үстү тактай мектепке ылайыктуу там үйлөр болсо да эски менен келишип, убактылуу мектепке алууга болот - деди сөзүнүн аягында. Ал жерде отурган эл бир ооздон мектеп салууга макул болушту. Мурда эле мектеп ордуна балдарды окутуп келген асты-үстү тактай үч бөлмөлүү тамын Алыбай Садык уулу деген биздин ага-ларыбыз мектеп үчүн биротоло бердим деп көпчүлүктүн алдында сөз берди. Эл ага ыракмат айтышты. Эмки сала турган мектепти ошол мектепке алган үйгө улай салууга макулдашышты. Жаңы мектепти курдуруу үчүн ошол жердин мугалими Чыңгышбаев Токтоналы, партия мүчөсү Буркеев Осмоналыга милдеттендиришти. Эл мектепке керектүү материалдарды таап берүүгө макулдашышты. Ошондо Ишенаалы аксакал Күн-Батыш сельсоветинде он күнчө туруп калды. Ошол учурда башка айылдарга да барып, мектеп салууга ошол элдин билермандары менен макулдашып келди. Биздин айылдагы сабаттуу балдарды Бишкектеги жаңы ачылып жаткан алты айлык мугалим-дерди дардоо курсуна жибердүүгө эл менен макулдашты. Мындан мурун да Токмокто ачылган мугалимдерди даярдоо курсунан окуп келген Табалдиев Шамшидин, Мураталиев Сыдык, Жалпетеков Абдразак деген жаңы мугалимдер бар эле.

Келген жумушун бүтүргөндөн кийин ал киши Ысык-Көл тарапка жүрмөк болду. Мени ат кошту кылып кошуп алды. Биз айылдан чыккан күнү Кочкордун Семиз-Белинин түбүндөгү арык деген элге барып кондук. Ал жердин кишилери да келип, Арабаев менен учрашып жатышты. Айыл аксакалдары, активдери менен жаңы мектеп салууга сүйлөшүп, убадаларын алып, сабаттуу балдарды Бишкек, Токмоктогу мугалимдерди даярдоо курсуна жибергүүгө макулдашты. Эртесинде биз Семиз-Белди ашып, тескейдеги Качыке Кыдырбаев деген жигиттикине кондук. Качыке молдокелеп, элеп-желеп болуп жатты. Ал мурда Ишенаалы Арабаев Тоңдо бала окутуп жүргөндө ушул кишиден окуп тарбиялалган экен. Мен аны Качыкенин өзүнөн уктум. Кийин Совет орногондо Алматыдагы ачылган алты айлык курсту окуп келген экен. Ошондон бери айылдык кызматта иштеп жүрүптүр. Арабаев Качыкеге бир топ келер-кетер сөздөрдү айтып, элди нааразы кылбай башкаргыла деди. Жаңы мектеп салуу, Алматыдагы, Бишкектеги, Караколдогу мугалимдер курсуна балдарды көбүрөөк жибергүү жөнүндө бир топ сөздөрдү айтты. Биз Качыкеникинен аттанып, Тоңду көздөй жүрүп кеттик. Жолдо баратканда мага акыл, насаат айтып, сен окуп адам катарына кошул. Алматыга баргын, ал жерде казак-кыргыз балдары үчүн институт бар, ошого киргизем. Анда окуп

жаткан кыргыз балдары бар дейт. Мен: - абыдан жакшы болот, молдоке-дейм. Ошентип биз Тоңго бардык. Молдокем мурун ошол жерде көп жылы балдарды окуткан экен. Аялынын төртүндөрү да ошол жерде экенин билдим. Арабаев ошол кайындарына барып түштү. Октябрь революциясына чейин ошол жерлерде көп жылы мугалимдик кылып, далайларды тарбиялап чыгарган экен. Кийин 1919-20-жылдары ошол жерде мугалим болуп жүрүп, Алматыга кетиптир. Уфадагы "Галия медресесин" бүтүп, дагы мугалимдер даярдоо семинариясынан окуса керек. Элден үгүшүм ошондой. Ал киши барганда эл кучагын жайып тосуп алышты. Тегеректеги укkан элдин баары келип учурашып жатышты. Арабаев ошол жерде он беш күнчө туруп калды. Кайда барса мен кошо жүрөм, антпегенде кантем, аткошчусумун да. Өзү да кайда барса жүр! деп ээрчитип алат.

Барган жерлеринде сөз кылганы мектеп салуу, окуу, сабатсыздыкты жоюу, балдарды окууга жиберүү ушул сөздөр айтылат. Эл баарын иштейбиз деп убада берет. Менин кийин байкашыма караганда аксакал ушул агартуу ишин эл арасында жолго коюуга чыкса керек. Үй-бүлөсү Алматында экен, ошол жакка кетмек болду. Мен Алматыга кошо кетсемби же үйгө барып Бишкектеги мугалимдерди даярдоо курсунан окуп билимимди көтөрүп, анан Алматыга барып окусамбы деп эки ойлуу болум калдым. Ал оюмду молдокем менен акылдашмак болдум. Бир күнү Кара-Каман, Балгарт деген жайлоого бир топ киши менен жөнөп калды. Мен да кошо жөнөдүм. Смайыл деген кишиникине келип түшүштү. Ишенаалы Арабаев келди деп угушуп, ар кайсы айылдан кишилер келишип учурашып жатышты. Кай бирөө аксакал десе, кай бирөөлөрү молдоке дешет. Биз жасалгалуу боз үйдө отурабыз. Эл келип учурашып кетип жатышты. Эл суюлуп калганда бир салабаттуу орто жашка барып калган аял эшиктен кирип келип, кол алышып учурашты. Аны менен кошо бойго жеткен бир ак жуумал кыз кошо кирди. Ал кыз да саламатсызбы молдоке деп кол алышып учурашты. Мен таң калдым. Ушундай да бети ачык, уятсыз кыз болобу, элдин көзүнчө уялбай эркек киши менен кол беришип учурашканы неси деп. Ал кыз ошол биз отурган үйдүн ээси Смайылдын кызы экен, жанындагы аял энеси экен. Айылчылап кетишип, жаңы эле келсе керек, мурда жок эле. Ушул кыз мурун Арабаевден окуп, сабатын ачкан экен. Мен эртесинде кыз өзү айтканда билдим.

Кыздын жашы он беш, он алты чамасында болуу керек. Биз ошол түшкөн үйүбүзгө кондук. Үй ээси Алматынын жайын, кыргыздын Алматыдагы иштеген кызматчыларын сурап отурду. Тамак желип бүткөндө мен үй ээсинин баласы менен үйүнүн жанындагы кичине чатырга жаттым. Эртең менен жай турдум. Эл кымыз ичип отурушуптур. Жуунуп, мен да алардын үстүнө кирдим. Баягы кыз жүктүн бурчунда китеп окуп отурат. Эч ким менен иши жоктой. Китептен

башын албайт. Китепке көз чаптырып байкасам менин китебиме окшош, жан чөнтөгүмдү сыйпаласам китебим жок. Мен уктап жатканда эртең менен ойготууга барса керек да чөнтөктөн чети чыгып жаткан китепке кызыгып алса керек. Ал китеп "Кызыл Казакстан" деген журнал болчу. Анда "Шооганын бели" деген аңгеме жазылган. Автору казак жазуучусу Байимбет Майлин деген. Ал журналды мага молдокем окуп жүр деп папкесинен алып берген болучу.

Эл кымыз ичип эшикке чыкканда мен үйгө кайра кирип кыздын жанына бардым. Ал мени карап күлүмсүрөп, тиктеп туруп: " Менде жумушуңуз барбы,"- деди. "Жумушум - китеп," - дедим. Кыз күлмүңдөп: "Өзүмдүн китебим, эмне белгиси бар эле." "Мен белги салган эмесмин, "Шооганын бели" деген аңгеме жазылган,"- десем, ал кайра: "Анда бул китепти мен таап алдым,"- деди. "Кайдан таптың?" "Чатырдын ичиндеги бир чөнтөктөн таптым,"- деди. "Мен киши таба албай турган жерден тапкан экенсиз,"- десем,- кыз күлүп калды. "Китеп сиздики болсо мага бериңиз, өзүңүздөй көрүп эскерип алып жүрөйүн, мага абдан жагып калды,"- деди.

- Эгер жагып калса алыңыз, деп, китепти калтырдым. Мен бул жерде ошол кездеги кыргыздын сабаты ачылган уул - кыздарынын китепке, окууга кызыгып, умтулганын айткым келип токтолгонум. Биз ал жерде үч күн болдук да молдокемдин Алматыга жөнөй турган убактысы да келди. "Мен сиз менен Алматыга кошо барамбы?"- деп сурап калдым.

- Жок, сен кете бер айылга. Быйыл Бишкектеги курстан окуп билимиңди көтөр. Өзүм кабар кылам, ошондо Алматыга келсең институтка өткөрөм,-деди.

- Курс ачылбай калса эмне кылам?- дедим.

- Ачылды, мен ачып коюп бул жакка келгемин,- деди. Мен ошондо билдим: Арабаев Алматыдан атайылап келген жумушу чылк окууга байланыштуу экенин.

Мен ошол 1922-жылы Пишпектеги ачылган алты айлык курсту окуп келдим да айылда иштей баштадым. 1923-жылы Ишенаалы Арабаевдин чакыруусу боюнча август айында өзүбүздүн бир атты жайлоодон кармап миндим да Алматыга качып кеттим. Качканымдын себеби - агаларым айтсам макул болбой коюшту. Мени менен кошо Абдыразак Жалпетек уулу кошо кетти. Аны атасы ыктыяры менен жиберди. Түн ичинде жөнөп кеттик да таңга маал Кегетинин капчыгайында болуп калдык. Артыбыздан бир киши жете келди. Ал Жумгалда туруучу ногой (татар) экен. Алматыга баратыптыр. Анын жолду билерине кубанып калдык. Ошол киши менен Кара-Кулак, Каштекти ашып Алматыга бардык. Ал киши бизди бара турган үйүбүзгө жеткизип коюп, кош айтышып кетип калды. Ошол кезде Ишенаалы Арабаев Алматыда эл агартуу бөлүмүндө иштеп жүргөн болучу. Өзү үйдө жок, командировкада экен, ага карабай текшерүүдөн өтүп институтка кирдим. Казак-

кыргыз институтунда мурдатан бери окуп жүргөн кыргыздын бир топ балдары бар экен. Мурдакы окуп жүргөндөрдөн Жумгалдык Курмандын уулу Султанидин, Кочкордон - Ыйманалынын уулу (Мураталиев) Садыбакас, Нарындан - Чынгыш уулу, Төлө Жылкычы уулу, Көлдөн - Жолдош уулу Токчоро, Абдылда уулу Жолдошбай, Касым Баялы уулу дагы башкалар, Чүйдөн Шабдандын балдары - Ажыкабыл, Ажыман дегендер. Иши кылып эски, жаңысы болуп кыргыздан отузга жакын бала окудук... Мен молдокемдин үйүнө барып, көөде конуп калып жүрдүм. Дем алыш күндөрү барып калганда кыргыздын кызматчылары ошо үйдө отурушканын көрчү элем. Алар: Жусуп Абдырахманов, Ыймаш Токбаев, Жайнак Саадаев ж.б. Алар эмне жөнүндө келип, эмне жөнүндө сүйлөшөрүн билчү эмесмин. Айтор аксакал деп бардыгы сыйлараш эле. Көзү жокто Ишекемдей көптүн камын ойлогон ак ниеттүү киши жок го деп макташар эле. Кыргыздын кызматчылары көбүнчө Ишеке, аксакал, молдоке деп айтышчу. Ушул жерден айта кетчу дагы бир сөз. 1924-жылы Кыргыз өзүнчө облус болуп бөлүнгөндө Арабаев 24-25-жылы элге чыгып, баягы өзү милдеттендирген мектептерди бүтүртүптүр.

Казакта Ыбырай Алтынсары деген киши болгон экен. Ал казак арасына биринчи болуп мектеп ачып, окууну жайылткан киши экен. Эли үчүн талыкпай иштептир. Ошону үчүн казак эли ал киши менен сыймыктанат дейт. Ошол сыяктуу биз дагы көпчүлүк үчүн талыкпай иштеген, кыргыз элине окууну биринчи жайылткан, калктын камын ойлогон, кыргыз элинин азаматы Арабаев Ишенаалыга окшогон кишилерибиз болгондугуна сыймыктанбай кое албайбыз. Арабаев аксакалдын эл үчүн иштеген иштеринин бир гана чарпындысы менин көргөн билгендирим. Ал эми мен билбеген иштеген жумуштары канча дейсиң. Аны билген адамдар көп. И.Арабаев кыргыз арасына жалаң гана агартуу иштерин жүргүзбөстөн, биринчи болуп элди колхозго уюмдаштырган киши болгон. 1928-29-жылдары Чүйдүн Жарбашы деген жеринде туруучу, ар уруктан чогулган жарды айылды колхозго үндөп, биринчи болуп уюштурган. Тоодогу бөкөдөн жер кестирип алып, элди ошол жерге көчүрүп барып, кыштак салдырып колхоздун аты "Четинди" болуп аталган. Колхозго өкмөттөн жардам алып берген. Өзү биринчи иретте колхозго мүчө болуп кирип, жардамын берип турган. Арабаев аксакалдын "Четинди" колхозунда 20 түтүндөй саяк туугандары бар болучу. Ошол туугандарын жана башка уруктарды кошуп колхоз кылган. Чүй өрөөнүндө биринчи болуп ушул уюшулган колхоз да ушул "Четинди" болучу. Ошол "Четиндиден" үлгү алып башка айылдар да колхозго уюша башташкан. "Четинди" колхозу кыштак салган жерде суу жок, 2 километр жердеги тоонун түбүнөн (булактан) суу ташып ичишчү. Арабаевдин аракети менен суу түтүктөрү курулган. Сырттагы эл ал колхозду Арабаевдин колхозу дешчү. 1927-28-жылдары

мен Фрунзеде совпартшколдо окуп жүргөнүмдө Арабаевдин колхоз үчүн аракет кылып, колхозду уюштурганын мен да билчү элем. Азыр деле "Ысык-Ата" совхозунун Карагай-Булак бөлүмчөсүнүн кайсы адамынан сураса да айтып беришет. 1934-жылы ошол "Четинди" колхозуна, Сары-Жыгач айлына мугалим болуп барып, бир катар жыл иштеп жүргөнүмдө ушунун баарын дагы бир жолу угуп, ал кишинин эмгегинин жемишин өз көзүм менен көргөмүн.



Кыргыз эл акыны

Нинакан Жүндүбаева

АЗА КҮҮСҮ ШОЛОКТОБОЙ, БОЗДОБОЙ...

(Окумуштуу, биринчи агартуучу И. Арабай уулунун эстелигине койгон гүл дестем)

Туман жиреп, чок кечиптир өмүрүң,
Бар тилегиң агартмакчы атбай кыргыз өмүрүн,
Араладың Бухара, Казан, Баку калаасын,
Булагына билимдин сугармакка жамы кыргыз баласын.
Албан күчүң, ак тилегиң, мончок терин төгүлдү,
Асыл иш үчүн азапка байлап өмүрдү...
Мектеп ачтың таштан курап дубалын,
Алиппе жаздың окуду кыргыз дубаның,
Көзү туруп көптү көрбөй калбаска,
Ала-Тооңо алгач жактың өнөрдүн өчпөс чырагын.
Өстүрдү белем илберинки улан, кызды турагың,
Ошолорду көргөндө жазылды бекен кумарың?...

Бери жагы Москөө менен Ташкенден,
Окудуң өзүң, окуттуң кыргыз жаштарын,
Жаза берип опол тоодой көп китеп,
Отузга жетбей агарган кундуз чачтарың,
Залкар байлык Сагынбайдын Манасын,
Калкың билет сиз жолдошуп өз ордосун тапканын.

Көп иш жасап, жетер кезде марага,
"Капкан" чаап кабылдыңыз жалаага,

Биламин анда сокур октун атканын...
Туюп турам каныңыз "оргуй акканын"...
Жаназа окуп, топурак салбай эл-журтуң,
Карт зынданын кай бурчунда жаткаңың...
Аза күүсү шолоктобой, боздобой,
Кайда күтүп калайык-калкың коштобой...
Үмүт менен кете бердиң шумкарча,
Тизгинин жыйса чарт үзүлгөн ноктодой...

Бештин айы, 1992-жыл



Согуштун,
эмгектин ветераны

Барий Азыков

ЖҮРӨГҮМДӨ САКТАП ЖҮРӨМ

Арабаев Ишеналы мага таяке болчу. Анын беш бир тууганы, анын эң улуусу Өмүрбай, калгандары кыздар, алардын эң кичүүсү менин апам, ыраматылык, Кенжетай эле. Эсимде эмнегедир таякем бир туугандарынын ичинен апамды өтө сыйга бөлөп, отурган-турган улуу адамдардын катарынан калтырчу эмес. Атамдан кичинемде жетим калып, Кочкор районундагы Кызыл-Дөбө мектебиндеги интернаттан Бишкек кааласына окусам деген ой менен таякемдикине келдим. Бул убакта таякем Бишкек шаарындагы медициналык мектепте мугалим экен. Үйү Береговая көчөсүндө, короосу кенен болор эле, көптөгөн жигиттер, кыз-келиндер таякем, тааженем Кадича, алардын кызы Аккагаз менен учурашып, ал-жайын сурашып кетишер эле. Кийинчерээк баамдасам маркум Жүкөш Мамбеталиев, Жапар Шүкүров жана азыркы аксакалдар - Кусейн Карасаев, Зияш Бектенов жана Түгөлбай Сыдыкбеков ж.б. экен.

Таякем Ишеналы орто бойлуу, албеттүү, маанайы ачык, бетинде сепкили бар, чоң мурун, кылкан муруттуу, сүрдүү адам эле. Ошондой болсо да жаракор, өзгөчө жесир-жетимдерге үзүлүп-түшүп жардам берүүчү.

Таякем 1928-29 жылдары Кант районундагы "Жарбашы" деген жерде жашаган ар уруунун элин ынтымакка чакы-

рып, колхоз уюштурган [illegible] ошол жерге көчүрүп барып кыштак салдырып, Четинди айлын негиздеген. Ал "Четинди" колхозунун алгачкы башкармасы колун араң коюган, бирок уюштургуч, элге калыс турган Мамбет деген киши көп жыл башкарып, колхозчуларынын кырманында тоодой үйүлгөн кызыл жыл сайын ашып-ташып турчу. Чарбаны жетектөөдө өздөрүнүн ишмер аракетчил адамдары - Эсеналы, Жапалак, Турумбек, Турдубек, Султан ж.б. жакшы иштешти.

Эсимде эмгиче турат. Бир күндөрдө И. Арабаев өзү уюштурган "Четинди" колхозуна келип, кары-жаштарын чогултуп, Совет өкмөтү окугула, билим алгыла, мектеп салгыла деп жатат. Өзүңөр аракет кылбасаңар болбойт деп аларга кайрылды. Отурган эл ошол күндөн тартып тез убакыттын арасында Четиндинин өрөөнүндө турак жайлар салынып, суу түтүктөрү орнотулду. Жаңы кыштак көркөө айланды, төрт бөлмөлүү мектеп курап бүтүштү. Мектептин алгачкы мугалими Садык уулу Жумагул, кийинчерек, мектепте директор болуп калды. Бул мектептен көптөгөн кары-жаш сабатсыздыгын жоюп, жаштарынын көпчүлүгү шаардагы техникум жана жогорку окуу жайларына окууга кириштти. Мисалга алсак азыркы Кыргызстан илимдер академиясынын мецицина боюнча академиги Рыскулова Какишти шаардан окутам деп агасы алибеттүү келген Борончу Какишти жана уулу Зарлыкты атка мингизип, ушул эле Аламүдүн суусунан кечип келе жатып, кирген сууда Зарлыктын аты ташка мүдүрүлүп жыгылат, Зарлык сууга агат, Какишти аман сактап, баласынын дең соолугунан айрылат. Кийин Какиш Бишкек шаарындагы медицина мектебинде Ишеналы таякемден окуп тарбияланат.

Айта кетүүм керек, ошол колхоздо 30-жылдары мугалим болуп иштеп жүргөн, жогоруда эскерткен Жумагулдун төрөлгөн баласынын аты Четин деп аталышы да бекеринен болгон эмес. Адегенде башка ат коюлса да бизден төрөлдү, аты Четин болсун деп эл болбой өзгөртүп коюшуптур. Ошол бала эми белгилүү окумуштуу болуп, Кыргыз илимдер академиясында иштеп жатат.

Таякемдин тарбиясын алган көптөгөн балдар: Калмурза, Ажике, Баткулда, Үркүнчү, Бүбүя, Жумагул, Кулуя ж.б. кийин эли жууртуна ак нисти менен эмгек сиңирген адамдардан болушту. Ата Мекенди коргоого барышты. Аларды да эл унутпайт.

Эмгиче эсимден кетпей жүргөн дагы бир учурду айта кетейин. 1931-жылдын жай айларынын бирөөндө мен бесеңкада отурсам, таякем жаныма келип отуруп калды да: - Кана билесиңби, эмне үчүн сенин атың Барий? деген суроо койду. Мен жооп бере алган жокмун. Ал киши күлүп, мурутун сылап: - Дүйнөлүк атактуу орус окумуштуусу Менделей деген - жаратылышта өтө сейрек кездешүүчү баалуу химиялык элементтерди тапкан, ошолурдун арасында Барий деген элемент бар. Качан чоңоюп, техникум же жогорку окуу

жайынан окуганда ошол элементтин маанисин түшүнүп билесиң. Азыр Бишкек шаары менен жакшылап таанып окууга керектүү китептерди, куралдарды камда, жакшы окугун-деп чекемен сылап, жылмайып туруп кетти. Көрсө менин атымды Барий деп ушул таякем койгон экен. Маркум таякем Ишеналыга ырахмат, өлөр-өлгүчө ыраазымын. Элесин дайыма жүрөгүмө сактап жүрөм.



Журналист,
республиканын
маданиятына эмгеги
сиңген ишмер

Жумакадыр Егембердиев

КАРАЛАГАНДАН ДА АКТЫГЫ ЖАНГАН ИНСАН

30-жылдардагы репрессиянын эпкини Ишенаалы Арабай уулун да камтый кетиши азыр бизди анчалык таң калтырбайт. Анткени ошол алаамат учурга туш болушкан, кой оозунан чөп алганды билишпеген жөнөкөй эле жумушчу дыйкандар да эл душманы болушуп, атылып кетип жаткан-да,калайыкка белгилүү агартуучу, илимпоз, ойчул, совет-тердин ишине жан дили менен берилген, ал үчүн керек болсо өмүрүн да кыйууга даяр Ишенаалыны жөн койбосу анык эмес беле. Анысынан да ошол эл үчүн жанын сая, түн уйкусунан кечип жатып жараткан залкар иштери жокко кетип, таржымалынын тамтыракайы чыгып, ысмын ыймансыздыкка жеткиргенине зээнибиз кейүүдө. Ишенаалынын онун тескериге айлантып, атын карарткан мисалдын бири 1934-жылдагы өткөн кыргыз жазуучуларынын 1-уюштуруу курултайындагы Аалы Токомбай уулунун эсеп-кысап докладынан кезиктиребиз. *

---

* "Кыргыз кенеш адабияты" журналы N 3-4, 1934-жыл, 4-22-беттер.

..."1905-жылкы революциядан кийин кыргыз элинин аздыр-көптүр жеке интеллигенттери көрүнө баштады-деп айтылган ал докладда. - Бирок алардын ичинен эмгекчилерден чыккан бир кишини да көрө албайбыз, алардын баардыгы дээрлик ошол падышага жана анын бийлигине ылайыктуу болгон куралдар болуп чыкты. Алардын баардык даярдыктары тилмечтик жана динчилдик жагынан өздөрүн бириктирип, ошол эзип турган таптын куралы болуп чыгышты: мисалы Осмонаалы Сыдык уулу, Ишенаалы Арабай уулу, Абдыкерим Сыдык уулу, Сатаркул Жангарач уулу, Кемел Шабдан уулу жана башкалар. Булар өздөрүнүн чыгыш сапаты менен жана умтулуштары менен көпчүлүк эмгекчилерди эзүү негизинде даярданып, үстөмдүк кылып турган бай-манаптардын ишенимдүү жана эң алдыңкы куралынан болуп эсептелди. Бир жагынан тилмечтер, экинчи жагынан динчилдер көпчүлүк эмгекчилерди залим падышанын саясаты менен курчап алып, эзип олтурушту.

Он төртүнчү, он бешинчи жылдарда гана Уфага, Казанга окуп жүргөн бай-манап интеллигенттеринин бир канчалык умтулуштары болду. Ал умтулуштар сөзсүз пантүркүсчүчүлүк негизде куралган. Башкача айтканда алардын умтулушу бүтүн түрк коомун бириктирүү жана алардын тилдерин бир кылуу негизинде болду. Ошол кездерде Осмонаалы Сыдык уулу, Ишенаалы Арабай уулу өңдүү жогорку таптын окмуштуулары адабият маселесине киришүүгө умтулумуш башулат. Алардын адабияты кыргыз тилинде эмес, пантүркизимдин куралы болгон чагатай тилинде болду".

Докладдагы Ишенаалыга тийиштүү бир аз жерин үзүп алуу менен караманча караланганын ошол учурдун мыйзам көрүнүшү катары эсептегенибизден тышкары, анын өмүр жолун толуктай турган көптөгөн мисалдарды таап олтурабыз. Доклад ушундай баалуу даректен кабар бергендиги менен баалуу болуп олтурат.

Бул Ишенаалынын Уфа, Казандан окуп өз доорунун эң бир билимдүү адамы болуп чыга келгендиги. Өзүндө эч бир окуу жайы жок, байыркы жазмасынан өйдө жоготуп салган караңгы кыргыз эли үчүн өтө кыйын болгон учурга карабай далай татаал жолдорду жортуп, тоскоолдуктарды жеңип, ызага чыдап, уйкусуз түндөрдү баштан кечирс азап менен окумуштуулукка жетиши.

Өз доорунун үркөрдөй болгон өтө аз алдыңкы илимпоз, өнөрпоз атактуу инсандары: Осмонаалы Сыдык уулу, Абдыкерим Сыдык уулу, Сатаркул Жангарач уулу, Кемел Шабдан уулдарынын анабашында аталышы бизди сыймыктантып олтурат.

Тилмеч жана динчилдигин каралаганынан улам орус жана башка түрк тилдерин аябай сабаттуу өздөштүргөнүн; диний дарсты мыкты билуу менен ага байланыштуу философиядан, географиядан, логикадан, тарыхтан жана башкалар-

дан жакшы кабардар болуп, фундементалдык илимге жетишип келгенин түшүнүп олтурабыз.

Андан тышкары Осмонаалы Сыдык уулу экөөнү жогорку таптын окумуштуулары деп атап, "адабият маселесине умтулумуш болушат, чындыгында алардын адабияты пантүркизмдин куралы болуп жогорку тапка кызмат өтөгөн" - деп келекелегенинен анын макта окмуштуулук да жазуучулук да, зор даремети болгондугунан, илимий эмгектерди, адабий чыгармаларды жазганынан кабардар кылып олтурат. Ал докладда мүмкүн Ишенаалынын алгачкы алиппени, андан кийинки бир нече окуу китептерин жазгандарын, көптөгөн баалуу эмгектерди которуп, кыргыз окурмандары менен алгачкылардан болуп тааныштырганын (анын ичинде Лениндин жаштарга кайрылып сүлөгөн сөзүн) же "Манасты" алгачкылардан болуп жаздырып изилдегенин, Молдо Кылычтын ким экендигин элге таанытып, анын "Зилзаласынын" өйдө Казан шаарынан бастырганын, айтылуу Боогачынын ысмын элге тарагканын жана да бизге толугу менен жетпей калган, контур болгондо алынып кетип, түп нускасы менен жок кылынган баалуу адабий мурастарынанан кабардар кылып жатса керек.

Эмнеси болсо да бул материал Ишенаалы Арабаевдин көп кырдуу залкар, таланттуу адамдыгынан толук болбосо да түнүшүк берип турат.

Ишенаалы Арабаевдин таржымалан толуктаган дагы бир кичине дарек менен жакында эле тааныш болдук. Ал даректи бизге мурда Нарын жана Ысык-Көл аймагында чарбалык жооптуу кызматтарда башкарма, райзоо, аткаруу комитеттеринин төрагасы кызматтарында көп жылдар эмгектенген, өрөөндүн экономикасын өндоодо көп эмгек сиңирген, азыр ардактуу эс алууда жүргөн, сексенден ашып калган Байсабаев Мансур карыя айтып берди. Ал кишинин Ишенаалыны жакшы билгендиги жана көргөндүгү бизди кызыктырбай койбоду, анткени Арабаевди көргөн-билген кишилердин азыр жокко эселиги белгилуу эмеспи.

Мансур карыяны туугандары кичинесинен Кочкор өрөөнүнүн Бугучу айлында ачылган медреседе окууга беришет. Аны куруп, ачып, окутган, ошол медресени негиздеген Кадырмолдо окуучуларына биринчи күндөн баштап эле жарлык сыяктуу кайрылат: -Биздин бул медреседе диниймян сабагынан гана үйрөтөбүз, - дейт окуучуларына. Эгер абдан чоң молдо болобуз, ар тараптуу илимден көкүрөгүбүз каныгат десеңер тиги Караколдун сеңиринде Абайылда элиндеги Канат бийдин айлындагы чоң медреседе баргыла. Аны Ишенаалы Арабай уулу деген чоң молдо көптөн бери жетектеп келет. Айрым балдар: - Ал эмне болуп чоң молдого жетишиптир? - дешип чуулдашып калышты.

-Ал Казан, Уфа, Букара, Ташкенден окуптур. Жеке эле арапча намаз, куранды эмес, башка дарсттарды да жакшы билип келип, ошолордун баарын окуучуларына үйрөтүп жатыптыр. Өз айлындагы ага-туугандарын гана эмес, баш-

ка жактан каалап келгендерди да окутуп жатат. Ал медреседен окуп, чоң молдо болгондор бар. Айтсам ал медреседен Молдо Кылычтын өзү сабатын жойгондугу бар экен. Осмонаалы Сыдык уулу да андан окуп, жакшы бүтүрүп чыккан соң ошол атактуу медреседе маалим болуп калган экен. Шакир, Ишенаалы, Абакир молдолор да ал медреседен илим-билим алышып, сабаттуу болуп чыгышкандар, - деп түшүндүрдү.

Мансур карыянын маегинен улам ошол өзүбүз туулуп өскөн айылдагы медресенин бала кезибиздеги көргөн сөлөкөтү көз алдыбызга элестей кетет...

Ишенаалы Арабай уулу контур болуп, ысымын атоонун өзү коркунучтуу болгон мезгилденби же Канаттын салдыганынан уламбы, эл аны Канаттын медресеси деп аташа турган. (1916-жылкы үркүндө түндүк кыргыз эли кан көтөрүп алган кадимки Канат кан жөнүндө сөз болуп жатат). Аалы Токомбаевдин "Кандуу жылдар" романынын алгачкы басылышында Канат кан деген бөлүмү бар эле, ошонун кесепетинен алыпын салынып, "Таң алдында" наамында кайрадан кыскартылып оңдолуп басылганы эсибизде. Жакында кайрадан мурдагы калыбында жарык көрүп олтурат. Мына ошол Канат кан салдырып, Ишенаалы Арабаев маалим болуп иштеген медресени 16-жылы орус аскерлери өртөп, Канат канды колго түшүрүп кетишет. Биз аны тунукеленген, заңгыраган апапак, көз жоосун алган кейпинде эмес ондон ашык терезелери, бир нече эшиктери аркая ачык турган, бышкан кирпичтен курулган, бийик дубалдуу уранды абалындагы узун чоң имарат кезинде көрүп, ичин аралай ойноп жүрдүк. Ага удаа узатасынан салынган байса короолор боло турган. Сеңир тарабында айтылуу Манас атабыздын кырк чоросунун күмбөздөрү деп аталган беш алты күмбөздөр үстүлөрү түшө жампая, теңинен көбү жер астына чөмүлө бозоруп жатаар элс. Ошол аралыкта медресе далай өзгөрүүлөрдөн өттү, айрым бөлмөлөрүнүн үстү жабылып, терезе каалгалары салынып, чабандардын жашаган үйү да болуп турду. Чарба кароолчусунун үйүнүн милдетин да өтөдү. Улуу Ата Мекендик согуштун аяк ченинде карайлаган эл кирпичткерин бирден чыгарып ташып жатышып, акыры анын изи гана калып өзү жок болду да калды.

Медресе жөнүндө бир аз сөз козгогонубуздун чоо жайы да анда Ишенаалы Арабаевдин иштеп, көп элдин сабатын ачып, далай белгилүү инсандардын чыгармачылык дүйнөгө келип телчигишинин, тушоосун кескендигинде болуп жатат.

Анын агартуучулук зор эмгегин урматтап, каякадыр белгисиз жакка айдалып, кор болуп, азап чегип жүрүп өлтүрүлгөнүнө кейий, арбагын сыйлап мамлекетибиздин эстеликтерди коргоо жана калыбына келтирүү мекемеси анын келерки маарекесине чейин эл журту менен биргикте ошол медресесин калыбына келтирип, эстелигин да орнотуп койсо гана.

Кыргызстанда Совет бийлиги өзгөчө кырдаалда орноду. Кыргызстан өз алдынчалыгына, мындайча айтканда, автономиялыкка кечирээк да, чоң азап менен да жетишти десек жаңылышпайбыз.

Биз адегенде Жети-Суу областына баш ийдик, андан соң Туркестанга, кийинчерээк Орто-Азия бюросунун карамагында келдик. Жогортон бөлүнгөн чарбалык, техникалык, ж.б. социалдык жардамдар бизге жете бербей, экономикалык жактан телчий албай артта кала бердик. Муну сезген, жаны кейиген Жусуп Абдрахманов сыяктуу кыргыздын чыныгы намыскөй атуулдары өз алдынча болуп бөлүнүүнүн жолун издешет. Закондор менен таанышып, башка өзүлөрүнө окшогон элдердин, ал тургай өзүлөрүнөн чакан калктын өз алдынчалыктарын мисалга келтирип, салыштырып, Москвага чейин кайрышат. Бул маселени иликтөө, эгер ылайык болсо, автономия берүү жөнүндө Комиссия түздүрүүгө жетишишет. Анын башында да Жусуп Абдрахманов турат. Мындай өз алдынчалыктын керектигин далилдеген жүзгө жакын баректан турган дарек жазышып, Москвадагы Борбордук Аткаруу Комитеттин алдына түшүнүк беришет. Эч бир кынтыксыз документ менен таанышкан соң, өз алдынча башкаруусу бар, автономиясын берүүнү чечээринде ошол убактагы Улут маселеси комиссарлыгынын эл комиссары Сталиндин сунушу боюнча, өзүн-өзү башкарууга бир нерсеси кемчил, ал болсо даярдалган билимдүү "улуттук кадрларынын жетишсиздиги" - деген сунуш ошол жыйырманчы жылдардын башында эле автономия алууга тоскоолдук кылат.

-Бизде андай кадрлар бар,- дейт Жусуп. -Болсо тизмесин бергиле. Ошондо гана уруксат ала аласыздар! - деген тыянак менен сабырлары суз кайтышат. ошону менен кайрылып келишип, кыргыз элинин чарбасын, маданиятын илимин жана башка тармактарын уюштуруп, өркүндөтө өстүрүп, андан ары алып кете турган билимдүү кадрларды издей башташат. Жеке эле кыргыз элинен эмес, Совет аймагынан издешет. Совет аймагынын туш тарабында ар кандай иште жүргөндөрдү азап менен таап, чогултуп келишет.

Ишенаалы Арабаевди да ошондо таап келишкени анык болуучу. Бүт аймактан табылган илимдүү он чакты кишинин бири катары тизмеге кирип, Москвага жүздөрү жарык барышып, 1924-жылы автономиялуу областыкка улуксаат алып келишип, бөлүнүп чыгуу тендигине, кубанычына жетишкени ырас. Ошол кубанычта Ишенаалы Арабаев уулунун да үлүшү зор болуп, өз алдынча областта илимий Комиссияны башкаргандыгы анык. Ал дегенибиз, азыркы кыргыз академиясынын алгачкы башаты болуучу.

Мансур карыянын эскерүүсүнөн бир аз чегинип баратканыбызга окуучулардан кечирим сурап, карыянын Ишенаалы жөнүндөгү баянын жыйынтыктайлы:

Советтик түзүлүштүн алгачкы жылдарында эски дин жаатын окуткан медреселер жабылып, жаңы совет мектептери ачылды. Чоң калааларда ар түрдүү окуу жайлар пайда боло баштады. Мансур да медресени таштап окуу издеп, үч төрт бала болуп Шамшынын белин ашып, Пишпек Шаарына келишет. Обкомдо секретарь болуп иштеген Исакеев Байаалынын жардамы менен партиялык мектепте окуп калат. Адегендеги эле тааныштыруу сабагында аларга. Ишенаалы Арабай уулу келип сабак өтө турганын айтат, бирок алар окуган "Кенеш партия мектебинде", "план боюнча тап күрөшүүнүн тарыхы", "партиянын тарыхы", "саясат чарбасы". "Чарба жана жер жүзүнүн жаарапиясы" өндүү сабактар гана окулуп, Ишенаалынын өтүүчү сабактары кирбейт экен. Бирок илимий комиссияда иштегендиги, медициналык жана педагогикалык окуу жайда сабак берери жана да көптөгөн баалуу эмгектери жөнүндө даңазалуу сөздөр боло берди.

30-жылдардын башында Педагогикалык техникумдун имараты өрттөнүп, партиялык мектептин окуучулары да жабыла барышты, ошондо гана айылда да, калаада да даңазалуу айтылып, жүргөн Ишенаалыны көргөндүгүн мындайча эскерет: "Негедир баарынан көбүрөөк күйүп-быша, колучдагы жеңил таягын жаңсай бирөөлөргө бир нерселерди көрсөтүп сүйлөп жаткан, орто бойлуу, кең далы, чырайлуу саргыч жүзүн бир аз сепкил баскан, мурду чоң, кыл мурут, бешенесинен ыймандуулуктун, акылмандуулуктун элеси көрүнгөн өткүр көз караштарынан сүрдүүлүктүн илеби келген, алибеттүү адамды көрсөтүшүп. Ишенаалы Арабаев экендигин айтышты". *

Мансур карыяга бул баалуу маеги үчүн аябай ыраазылыгыбызды билдирдик.

Эл үчүн жанын аябай эмгектене, ак жеринен азапка кабылып, азап менен өмүрүн кечирген Арабай уулу Ишенаалынын албан эмгеги, ыйык ысымы азыркы айкындык доорунда көбүрөөк ардактала берсе деген тилекте болдук.

---

* "Коммунист" журналы N 6, 1929-жылы 55-бети.



Диалектолог, филология илимдеринин кандидаты

Гүлжамал Бакинова

ЭШЕНАЛЫ АРАБАЙ УУЛУ - КОЧКОР ГОВОРУНУН ӨКҮЛҮ, КЫРГЫЗ АДАБИЙ ТИЛИНЕ НЕГИЗ САЛУУЧУ

Эшеналы Арабай уулунун каламынан жаралган басмадан чыккан 20дан ашык эмгектери азыр кыргыз тилинин эле эмес, кыргыз элинин маданиятынын, чарбасынын, мекенинин тарыхын ачууда, аны бардык жагынан изилдөөдө, ал жөнүндө нечендеген пикир айтууда уютку дарек берс турган булактардан. Анткендиги, "Кыргыз алиппесиндеги" эле автордун араб тамгалары менен берген мисалдарында, тексттеринде келтирилген сөздөр, тексттер ошол автор жашаган 1882-1933-жылдардагы кыргыз коомундагы абалдан, тарыхый этнографиялык, жаратылыш, турмуш тиричилик, саясий, маданий жагдайдан түшүнүк берет. Анда келтирилген мисал-тексттер айтып түгөткүс илимий талдоо жүргүзүүгө жарактуу булактан.

Мен азыр бул чакан макала-баяндамамда Эшеналы Арабаевдин китебиндеги жазылган тексттер менен ал жөнүндө Карбоз Дыйкановдун жазган баяндамасын текст аркылуу салыштырып туруп, кыргыз тилинин өзү мажбурлаган чындык факты материал негизинде төмөндө өз пикиримди айтмакчымын.

Биринчиден, Эшеналы Арабай уулунун "Кыргыз алиппесинде" бардык беттерде эрин созулма үндүүлөр дифтонг менен эмес, созулма үндүүлөр аркылуу берилгенин эскертким келет. Маселен:

арабча ۇ - уу: - Э.Арабай уулу
- уруу
- буруу
- дуу (16-б.)
- дуула (1-б)

ۈ - үү:
- черүү (28-б.)

ۆ - өө:
- экөө (30-б.)

ۇۋ - оо:
- жуурат (33-б.)
- ооз (34-б.)
- музоо (23-б.)

Тилдик бул факт автордун кыргыз тилинин түндүк диалектисинин Кочкор аймагындагы говордун нормасын толук чагылдырат. Ата Мекендик согуш жылдарынан кийинки диалектологиялык изилдөөлөрдө түндүк диалектинин тармагына кирген говорлордон дифтонг Талас говоруна гана мүнөздүү экени белгилүү. Ал эми Чүй, Кочкор, Жумгал, Нарын, Ат-Башы, Куланак, Ак-Талаа, Тогуз-Торо, Ысык-Көл аймагындагы кыргыз говорлоруна дифтонг мүнөздүү эмес, жалаң эринсиз, эринчил созулмалар гана мүнөздүү. Эшеналы Арабай уулунун китептериндеги фактылар менен биздин китептердеги аталыштарда дифтонг эмес, созулма үндүүлөр менен берилиши кийинки жылдардагы диалектологиялык изилдөөлөр менен шайкеш келип туранын белгилегибиз келет. Бирок көрүнүктүү тилчи, профессор Карбоз Дыйканов, окурман, күйөрмандардын колуна өз каражатына басмадан Э.Арабай уулунун 1924-жылы Ташкентте араб тамгасы менен басылып чыккан "Кыргыз алиппесин" жана ошондой эле Тыныстан уулу Касымдын "Эне тилибиз" деген Фрунзеде 1928-жылы Латынча басылып чыгарылган 69 беттен турган "Эне тилибиз" (Наш родной язык "Грамматика киргизского языка") китебиндагы "өз каражатына" 1991-жылы басмадан чыгарып бергендигине күйөрмандарынын бири мен ыраазымын. Болбосо, бул китептер менен таанышып чыгуу үчүн азыркы жаштар эмес, мен өзүм үчүн да библиотеканын жашыруун бөлүмүнөн табуу кыйынчылыкка турган. Бул жагынан Карбоз Дыйканов өтө гумандуу иш жасады. Ошондой болсо да, Карбоз Дыйкановдун бул китептин автору Эшеналы Арабай уулунун китебинде жазылган тыбыштык нормасын бузуп, өзүнүн кийинки 1990-1991-жылкы көз карашы менен эрин созулмаларды эрин дифтонгуна айландырып, бурмалап, ошондой эле окурмандарга кыргыз адабий тилинин нормасын жана Кочкор говорунун нормасын 20-кылымдын 1990-91-жылдары тартуулаганы көңүл бурарлык окуя. Тилдеги созулма үндүү, дифтонгдун болушу жөнөкөй нерсе эмес, ал тил тарыхы, анын эволюциясы менен тыгыз байланыштуу тарыхый закон ченемдүү маселе. Түркологиялык бардык эмгектерде дифтонг - байыркы, анын өнүккөн кийинки баскычы - созулма үндүүлөр деп таанылат (И.А.Батманов "Современный киргизский язык". Фрунзе, 1963, 39 б.; "Сравни-

тельно-историческая грамматика тюркских языков. Фонетика. Изд. "Наука", М., 1984, с.76-77).

Жалпы азыркы кыргыз тилинде мүнөздүү учур-созулма үндүү. Ал эми эрин дифтонгдордун изи аз сандагы кыргыз говорлорунда сакталган. Алсак, түндүк диалектинин ичинен жалгыз Талас говорунда, түштүк диалектинин ичинен Кыргызстан аймагындагы Жаңы-Жол, Чаткал, Ала-Бука тарапка жана Фрунзе, Баткен, Лейлек райондоруна чейин таралган. Ал эми Өзбекстан, Тажикстандагы кыргыздарда бүт дээрлик эрин дифтонгу ow, өw, yw, үw менен катар, саг-cow-соо түрүндө. Кыргыз адабий тилинин нормасына эрин дифтонгдору, ошондой эле так//таг, tow//тоу, саг//cow сыяктуу айкалыштар алынган эмес. Бул жол өтө туура болгон, себеби кыргыз жергесинде жашаган кыргыз муундарынын басымдуу көпчүлүгү ачык жана эрин созулма үндүү менен сүйлөшөт жана жазууда да аны колдонушат. Ал эми кыргыз адабий тилинин түзүлүп, калыптанып калган фонетикасына 69 жыл өткөндөн соң дифтонгду таануулаcак кыргыз тукумунан эч ким кабыл албас. Ал гана эмес, Карбоз Дыйкановдун өзү тарабынан 1980-жылы чыгарган "Кыргыз тилинин тарыхынан" жана 1992-жылы чыгарган "Фонетика, лексика" деп аталган китептери автордун өзү тарабынан эрин дифтонг менен эмес, созулма эрин үндүүлөрү аркылуу басмадан басылып чыгышы эле - эрин дифтонгдорду жазма кыргыз адабий тилинин нормасына таануулашы өтө жасалма калпыс көнүгүү экендигин айгинелеп турат. Бул маселе жөнүндө Үсөнбөк Асаналиевдин атайын жарыялаган сын макаласындагы келтирилген далилдүү пикирлерин биз толугу менен кубаттайбыз.

Экинчи дагы бир маселе - Эшеналы Арабаевдин Кочкор говорунун өкүлү экендигин далилдеген тыбыштык, лексикалык, грамматикалык факты материалдын "Кыргыз алипесинен" орун алышы. Маселен, бул көлөмү чакан китепте түндүк диалектиге мүнөздүү лексикалык аталыштар бар. Алар: музоо (23-б.), таз (23-б.), топу, топчу, торпок (24-б.), чоң (25-б.), май, айуу (26-б.), ичик, кемсел, тон, малакай, жоолук, байпак, чулго (32-б.), максым, жарма, көжө, бал, айран (33-б.), чака, кумган, чыны, айак (35-б.), уй мөөрөйт, кунажын ж.б.

Жогоруда келтирилген лексикалык аталыштар түштүк диалектиде ушул аталыштарынан тышкары башка синонимдик аталыш менен да активдүү колдонуусу мүнөздүү. Маселен: торпок (теленок), кэл//таз (плешивый), допу//доппу (тюбетейка), түймө//түйме (пуговица), чоң//кэттэ//кетте (большой), май//жак (сало, масло), тон//постун (шуба), жоолук//оромол, пайпак, чулго//пайтама, атала//атала жарма, көйө, асел//эсэл, катык, челек, пийала, кесе, сыйыр//мал//уй ж.б.

Китептин 32-бетине чейин арабча тамгалар, ага мисал үчүн бир, эки, үч муундан турган сөздөр берилген. Ошондой эле Кочкор говорунан маалымат элестеткен аталыштар китеп-

тин 32-бетинен башталып, өзүнчө тема коюлуп (мисалы, кийимдер, тууган-туушкан, оюн, тамактар, денедеги мүчөлөр, үй шаймандары, идиш-аяктар, мал аттары, малдан башка төрт аяктуулар, бака, жылан, курт-кумурска), жер түгүнүн аттары (мисалы, жыгач, карагай, табылгы, жаңгак, жады куурай, чекилдек, карандыз, жалбыз, чытыр, алабата, шибер, кемирчек, кожогат, согон, жоогазын ж.б.), жер жүзүнүн аттары (тоо, бөксө, адыр, будур, чыбыр, кыр, жон, секи, бурчук, кокту, колот, чоку, зоо, капчыгай, өндүр, өтөк, дөбөө, дөң, жанча, жыбыт, өзөн, жайык, жака, түз, коо, аң, дайра, булак, кудук, чалчык, саз, шалбыр, арашан, булуң, ашуу, сеңир), неченделген этнографиялык, биологиялык, зоологиялык, ботаникалык баалуу аталыштар жана санат, жаңылмач, табышмак, макалдар сыяктуу фольклордук материалдар, күн, ай, жыл сыяктуу астрономиялык аталыштар 57-бетине чейин келтирилген материал Кочкор говорунун нормасын элестетип, өтө көп нерседен маалымат берет.

Үчүнчү маселе - жогоруда келтирилген Эшеналы Арабай уулунун мындан 69 жылдай илгери жазган тилдик факты материалдары азыркы кыргыз адабий тилинин орфографиялык, орфоэпиялык жана лексикалык, грамматикалык нормасына дал келип турганын кабарлайт. Демек, кыргыз адабий тили кыргыз тилинин түндүк диалектисинин негизинде түзүлгөндүгүн Э.Арабай уулунун жана К.Тыныстан уулунун китептеринин тили, келтирилген бай материалы аны дагы айгинилеп турат. Бул эки залкар окумуштуу адам кыргыз адабий тилинин түзүлүшүндө анын башатында турган кыргыз окумуштууларынын биринчилеринен.

Мына ушул маселе жагдайында "Эне тил" газетасынын N 32 (34) 1992-жылдын ноябрь айында чыккан санында "Жети өлчөп бир кессе" деген темада Баткен районундагы мектептердин кыргыз тили жана адабияты мугалимдери төмөнкүдөй сунуш киргизишкенин эскертким келет. Алар мындай деп жазышыптыр: "Кыргыз адабий тили түндүк жана түштүк диалектилеринин базасында түзүлгөн деп бадырайта жазганыбыз менен жалпы эле түрк элине тиешелүү болгон фонемалык өзгөчөлүктөр кыргыз алфавитине кирбей калган эле, а бул өзгөчөлүктөр жаңы долбоордо берилиптир. Бул кыска жана созулма э, ээ тыбышы. Аксакал тилчилерибиз К.Карасаев, К.Дыйкановдун кыргыз тилинин өнүгүшү үчүн кылган эмгектери баа жеткис. Ошол эле учурда тилекке каршы алар провинциалдык түшүнүктүн деңгээлинен көтөрүлө алышпаптыр. Антпегенде ... 28 эле тамганы кабыл алышыбыз керек дешпейт эле го".

Баткендик тилчи мугалимдер бул сунуш макаласында эки түрдүү ката жиберишкен. 1-ден, "Кыргыз адабий тили түндүк жана түштүк диалектилеринин базасында түзүлгөн" деген пикир туура эмес. Кыргыз адабий тили Октябрь революциясынан кийин түндүк кыргыз диалектисинин жетектөөчү дифтонгсуз үч топ говорунун (Чүй,

Ысык-Көл, Тянь-Шань) негизинде түзүлгөн. Бул үч говордун өкүлдөрүнүн сүйлөөсүндө эрин созулмалар туура айтылат, эрин дифтонгдор жана э жок.

Эрин дифтонгдору (tow-towy, cyw-cywy, cywдун-судун) түндүк диалектинин составындагы говорлордон Талас говоруна гана мүнөздүү. Түштүк диалектинин Чаткал, Жаңы-Жол тарабында tow, cyw, туйра, куйур, куйрай; Баткен, Фрунзе, Лейлек, Алай райондору аймагында таг//так//tow, жогон//жоон болуп, эрин дифтонг созулма үндүүгө караганда түштүк кыргыз говорлорунун арбын аймагында созулма үндүүлөр менен параллель сакталган. Тил фактысындагы ушул тыбыштык эки учурдун өзү эле кыргыз адабий тилинин адегенде эле туура түзүлгөндүгүн далилдеп турат. Бул жөнүндө атактуу кыргыз тилчи окумуштуусу академик Болот Мураталиевич Юнусалиевдин далилдүү айткан ою да биздин пикирибизди кубаттап турганын Баткендик тил мугалимдеринин жана К.Дыйкановдун эсине салгым келет: Анда мындай деп жазылган:

"Ал эми фонетика жагынан түштүк говорлорго таандык тандай алды жумшак фонемасын албай коюудан адабий тил зыян тарткан жок. Таластык жана түштүк говорлордогу дифтонгуга (tow : towдун башы) караганда, адабий тилдеги созулма үндүүлөр (тоо: тоонун башы) тилдин тарыхый өнүгүшүндөгү кийинки жаңы форма болуп саналат" (Б.М.Юнусалиев. Тандалган эмгектер. Фрунзе, 1985, 312-б.).

Демек, кыргыз адабий тилинин калыптанып калган 1990-жылдардагы тыбыштык нормасына эрин дифтонгдорун жана тил алды ичке үндүү э тыбышын кошууну сунуш кылган тил илимпоздору, мугалимдер, жазуучулар, журналисттер болсо, алар катуу жаңылышат. Түштүк кыргыз говорлорунун өзүндө да э тыбышы анча туруктуу эмес, ал а, э тыбыштары менен алмашып айтыла берет. Мындай процесс өзбек тилинин говорлоруна да мүнөздүү.

Кыргыз адабий тилинин түндүк кыргыз диалектисинин негизинде башталып түзүлүп калышынын өзүндө алгачкы учурда бир нече экстралингвистикалык абалдар да себеп болуп кирген. Алар: жаңы түзүлгөн административдик борбордун түндүк диалектинин территориясы болгон Бишкек калаасына орношу жана биринчи кат сабаттуу интеллигенциянын түндүк диалектинин өкүлүнөн көбүрөөк болуп калуусу. Ага факт - кат сабаттуу алгачкы кыргыз илимпоздору Э.Арабай уулу, Касым Тыныстан уулу, Хусейин Карасай уулу, Аалы Токомбай уулунун ж.б. көптөгөн алгачкы кыргыз интеллигенциясынын жана ак таңдай акын манасчылардын, жомокчу, ырчы, комузчу эл таланттарынын түндүк диалект өкүлдөрүнөн көбүрөөк болгондугу, ошондой эле оозеки чыгармалардын илгертеден түндүк кыргыздарда арбын өнүккөндүгү себеп болгон. Ошон үчүн түндүк кыргыз диалектинин оозеки нормасы фонетика, грамматика, лексикасы жагынан башка тилдердин кошум-

ча таасиринен алыс жашап, илгертеден такталып өнүгүп калган калыбында 1924-жылга жеткен.

Төртүнчү маселе - Карбоз Дыйканов "ене тилибиз" наамындагы Тыныстанов Касымдын 1928-жылы Фрунзеде латын тамгасында басылып чыкка китебин өз каражаты менен 1991-жылы Алматыда бастырган. Бул китептин "Алгы сөз" деген бөлүмүндө К.Дыйканов тарабынан тарыхты, чындык турмуш көрүнүштү бир топ бурмалаган пикирлер айтылган. Алсак, китептин 10-бетинде "кыргыз, казак, өзбек, татар, азербайджан, ж.б. сыйактув түрк тайпалары чогулса ар ким өз диалектисинде сүйлөшүп, котормосуз түшүнгөн. Котормосуз сүйлөшкөн тил - бир тил, бир улут экендигин ал (А.Алтымышбаев) түшүнгөн эмес" деп жазат А.Алтымышбасвди сындап. Бул пикирин биз кубаттай албайбыз. Түрк тилдери - огуз группасы жана кыпчак группасына кирүүчүлөр болуп бөлүнөт. Биз - кыргыздар кыпчак группасына киребиз. Ал эми азербайджан, түркмөн, түрк калктарынын тили огуз группасында. Биз - кыргыздар азербайджан, түркмөн, түрк тилдерин толугу менен (анчамынча лексикасын андаганыбыз менен) түшүнө албасыбызды кантип танабыз. Азыр түрк калкы менен тыгыз байланыша баштадык. Бирок аларды биз, кыргыздар, бизди алар түшүнө албагандыктан, котормочулар жандап жүрөт ко! К.Дыйкановдун көп түрк калкын бир улутка бириктирип, ар биринин улуттук тилин жокко чыгарып, улуттук тилдерди диалект дешинин өзү эле сылык айиканда, өтө калпыстык. Кантип алардын ар биринин улут экендигин, диалект эмес, улуттук тил экендигин тана алабыз. Окумуштуунун азыркы илим өнүккөн кездеги бул пикири революцияга чейинки кээ бир орус окумуштууларынын жалпы түрк калкынын өз ара айырмасын, тарыхын жете түшүнбөй, алардын тилин өз-өзүнчө улуттук тил дебей, бир эле калк, бир улуттун диалектиси деп эсептеп келгенин кайталоо болуп турат. Бул болсо, азыркы билим, илим, сабаттуулук өнүккөн мезгилде чындыкты көрмөксөнгө салган кечиримсиз жаңылыштык болор. Биз - кыргыздар өзбөк, казак, кара-калпак тилин түшүнөбүз, алар бизди түшүнөт, бирок ал тилдердин адабий нормасына, көп лексемасына келгенде толук аңдай албай калышыбыз мүмкүн. Ошон үчүн толугу менен түшүнөбүз деп кесе айтуу болбос. Аталган элдин илгертеден орношкон, жашаган жери, урпадаты, тарыхы, маданияты, адабияты, тили бар го. Түрк калкынын баарын бир тилде сүйлөшкөн эл, бир улут деп чечим чыгарыш жаңылыштык болор.

Тыянагында айтарым: Эшеналы Арабаев, андан бир аз кичүү, бирок мезгилдеш, калемдеш жашаган Касым Тыныстан уулдары бири-биринен ажырагыс жазма кыргыз адабий тилин түзгөндөр деп таанылышы чындык. Бул залкар ойчул, сабаттуу адамдар өздөрүндөгү тубаса касиеттери менен кыргыз элинин маданиятын, адабиятын, тарыхын жолго коюп, аны бардык жагынан өркүндөтүүгө күрөшүп

жүрүп, репрессияга капталып, өмүрү эрте кыйылбаганда далай эмгектерди жаратып, Кыргыз коомун алга жылдырмак, маданият, адабият, тарых жагдайын эбегейсиз өнүктүрмөк. Мен өзүм Э.Арабаевдин өзүн жана байбичесин көрүп калдым. Алар өтө жөнөкөй, кичи пейил, бой көтөрбөгөн адамдар көрүнгөн. Э.Арабаевдин байбичеси менин апам менен курдаш болуп, ушул эле Бишкек шаарында катташып турушчу. Эшеналы агабыздын кызы Аккагаз, уулу Эркин Арабаев, небереси Эма да атасынын атын актап, кыргыз кадрларын даярдап, илимин өнүктүрүүдө ийгиликтүү эмгектенүү менен, ар-намыстуу кыргыз муундарынан болуп калышты.

Жетинин айы, 1992-жыл.



Филология
илимдеринин
кандидаты

Муидун Мамыров

ООЗЕКИ ЧЫГАРМАЧЫЛЫКТЫ ЖЫЙНООНУН БИРИНЧИ ИЙРИМИ

З. Бектенов менен Т. Байджиевдин орто мектептин 8-классы үчүн жазылып, 1948-жылы жарыкка чыккан "Кыргыз адабияты" аттуу биринчи окуу китебинде "1920-21-жылдары Каракол уезд Тоң болушундагы Тоң мектебинде окуучулар менен мугалимдердин арасында кыргыздын элдик оозеки чыгармасын жыйноо кружогу уюштурулган. Бул кружок Кыргызстандагы эң биринчи уюштурулган кружок болуп саналат.

Элдин оозеки чыгармасын жыйноо жагынан бул кружок тез эле көпчүлүктүн көзүнө көрүнө баштайт. Караколдун уездик эл агартуу бөлүмү 1922-жылы фольклор жыйноо үчүн Нарын уезддине атайы киши жиберет" (49-бет) деп көрсөтүлгөн. Эмесе, элдик оозеки чыгармачылыкты жыйноонун ошол биринчи ийрими - кружогу кайсы жерде, кантип, кандай уюштурулганы, катышкандар, жетектегендер кимдер болгондугун таптиштей териштирсек кээ бир маселелер ачык-айкындаштырылат. Ошол биринчи ийримдин тарыхынан, тарбиялык маанисинен да кеңири кабар берет. Чынында советтик жылдарда кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгын жыйноонун башат-тарыхы, Тоң аймагынан чыккан алгачкы партиялык-советтик кызматкерлердин, акын-жазуучулардын айрыкча биринчи жыйноочу-фольк-

лорчулардын, мугалимдердин, журналчылардын өмүр баяндары, иш-аракеттери да мына ушул биринчи ийрим менен эриш-аркак айкаша жаралган. Алардын тарых-таржымалы да ошол биринчи ийримден көз жарып, өсүп-өнүккөн. Бул биринчиден. Экинчиден, ийримдин тарыхына үңүлсөк, сөздү баштаганда эле окуу китебинен келтирилген айрым ойлор жана башка изилдөөлөрдөгү, макалалардагы, Кыргыз ССР илимдер Академиясынын кол жазмалар жана жариялоо бөлүмүндөгү учураган ар кыл пикирлер да бир четинен тактала баштайт.

Ошол биринчи ийримди уюштурган да, аны жетектеген да менмин деп жазат Каюм Мифтаков 1947-жылы СССР илимдер Академиясынын Кыргызстандагы филиалынын Тил, адабият жана тарых институтунун кызматкери З.Бектеновдун суроосу боюнча түзүп, тапшырган өмүр баянында. Аны Мифтаков өзү "1921-жыл ноябрь аягында кара кыргыз эл адабиятын жыйноо кружогун уюштурдум" деп жазган. (Академиянын аталган бөлүмүнүн фондусу, инв. N 96(298), 30-31-беттер. Мындан ары ушул фондунун номери, бети эле көрсөтүлөт. Мифтаков кандай жазса, ошондой берилип, оңдолбойт). Анда сөздү Мифтаков качан, кандайча болуп Кыргызстанга келип калгандыгынан баштасак козголуп жаткан маселенин мазмуну кеңири ачылат. 1911-20-жылдары ал Казакстандын ар түрдүү жерлеринде мугалим болуп иштегенин, 16-жылкы кыргыздардын улуттук-боштондук көтөрүлүш мезгилинде Иле тарапта болгонун, ошол жылы качкын кыргыздар менен таанышкандыгын да жазган. Биринчи таанышкан кыргыздары ысык-көлдүк арык тукуму, сарыбагыш уруулардын адамдары - Кыдык Бердаалы уулу жана Сарыбоз ажы болгондугун белгилейт. Кыдыктан "Кыргый менен үкү", "Карга балапандары", Сарыбоздон "Дыйкан менен доңуз", "Жылан менен чымчык" (инв. 7(200), 410-715-беттер) деген тамсилдерди жана бир нече макал, ылакаптарды да жазып алганын эскерет. Кыйынчылык мезгилинде таанышкан адамдарынан кыргыздар оозеки чыгармага өтө бай экендигин, өзгөчө "Манас", "Семетей" эпосторунун кеңири айтылышын, алардын эл тарабынан берилгендик менен жогору даңазаланышын угушу Мифтаковду аябай кызыктырат. Ушул жерде айтылгандар эле анын Кыргызстанга келүүсүнө себеп болот. Манас Таластан делип айтылышы да ошол аймакка барууну бериле эңсетет.

1920-21-окуу жылында Олуяата - азыркы Жамбул уездинин Горный районунда эл агартуу бөлүмүнө инспектор болуп ишке орношот. Талас аймагына мектептерди ачып, Көпүрө деген жерде кыргыздын эл адабиятын жыйноо ийримин уюштурган. Мугалимдерден бир Үмөт Түгөлбаевден башкасы дээрлик башталгыч мектепти бүтпөгөн чала сабат адамдардан болушкан. 20 мугалим араң эле биринчи класты бүтүшкөн. Ийримдин катышуучулары-мугалимдердин билими өтө тайкы болгондуктан оозеки чыгармачылыкты

жыйноого киреше алышпаган. Жалгыз гана Үмөт үч жылдын ичинде саруу уруусунун санжырасын жазууга үлгүргөн. Аны 23-жылы Мифтаков Таластан оозеки чыгармачылыкты жыйганы барганда көчүрүп алган Таластагы оозеки чыгармачылыкты жыйноо ийрими уюштурулган деген аты гана болбосо, жасаган иши көзгө көрүнбөгөн. Кыскасы, Таласта атайы салынган мектептин жоктугу окуу ишин ошол мезгилдин талабына ылайыктуу жүргүзүүгө кандай тоскоолдук кылса, ийримдин катышуучуларынын оозеки чыгармачылыкты жыйноого да ошондой терс салакасын тийгизген. Мектеп куруу керек деген маселени жергиликтүү мугалимдер менен бирге Олуяата уезддинин эл агартуу бөлүмүнө коюп, чече албаганда, жетекчи кызматкерлер менен келише албай кетип, Мифтаков Таластан Караколго жер котогон.

1921-22-окуу жылында Мифтаковдун жазканына караганда Тоңдун Төрткүл айлындагы 7 жылдык мектепке директор болуп дайындалган. Тоңдогу башка 29 мектепке да инспекторлик кылуу иши да ага тагылат. Ошол мектептердин мугалимдерине методикалык жагынан кеңеш берүү жагы да ыйгарылган. Тоңдогу иш-аракетине бардык жагынан ыраазы болгондугун өзү "кийин бара-бара мага маалым болду, бул Тоң болушу Кыргызстандын ошол убакытта эң культурный району болуп чыкты. Кыргызстанда биринчи мектеп аларда 1913-жылы ачылган экен. Ал башталгыч маалыматты 50 чамалуу адамга бериптир" (инв. 96(298), 29-бет) дейт.

Тоңдогу биринчи мектепти ачып, ошол аймактагы кыдык, саяктардын балдарын окуткан кыргыздын алгачкы агартуучуларынын туну Эшенаалы Арабаев болгон. Биринчи мектеп Тоңдун кайсы жеринде ачылганын сураштырсак, коңур-өлөңдүк 95 жаштагы карыя Алдашов Сейитказы мына булары билдирди. Тогуз-Булактын алдындагы аралда эски тегирмен боло турган. Ошол жерге жыйырмадан ашык үй тиктирип, Эшенаалы деген молдо бала окутканын билем. Мен өзүм окуган эмесмин. Эшенаалы молдо келет дегенде тоңдуктар алдын-ала үй тигип, союшун күтүнө камдап, өзгөчө урматтагандыгын билдире тосуп алышчу. Эшенаалы болгондо да чоң молдо болсо керек. Окуунун күчү менен адамдар угуп-көрбөгөн укмуштарды жасайт экен деген ар кыл сөздөр да эл арасында даңазаланып көп айтылчу. Мисалы окуунун күчү менен табарсыкты үйлөп учурат деген сыяктуулар. Көрсө, окуткан балдарын кызыктырыш үчүн шар учурчу окшойт. Тогуз-Булактагы мектепте кыдык-саяктардын үч жүзгө жакын балдары окуганын, алардын бири Орозакун Лепесов болгонун Түптүн сары-көлүндө жашаган Айнил да билдирген. Айнил Орозакундун бир тууган агасы Саакынын баласы. Ал жакшы окуган балдардын бири болуптур. Орозакун эмгек жолун мугалимдиктен баштап, ар түрдүү

советтик кызматтарда иштеген. Революцияга чейин эле ыр жазып, чыгармачылык ишинде да өзүн көрсөткөн.

1914-жылы Эшенаалы Тоңдун Төрткүл айлында Илебайдын чоң тамына мектеп ачып, бала окуткан. Илебайдын тамы өзүнчө бийик дубалы-короосу менен өткөн кылымдын акырында салынган. Тамдын төрт-беш бөлмөсү болуп, ар бирин өзүнчө класс катары пайдаланууга ыңгайлуу келген. Төрткүлгө Эшенаалы алып келген - бүт Ысык-Көл өрөөнүнө, андан тышкаркы жерлерге да таанылган айтылуу Сагаалы манап болуптур. Мугалим болуп жүрүп, ошол Сагаалынын атасы Алматай ажынын небереси - Кайбылда ажынын кызы Хадичага Эшенаалы үйлөнөт. Ошентип, Эшенаалы Төрткүлгө байыр алып туруп калган. Бекеринен Мифтаков Тоңго келишин "Эшенаалы Арабаевдин кыштагына келипмин. Ал Түркстан республикасында чоң адамдын бири болуп саналат экен" (инв. 96(298), 28-бет) деп атайы баса белгилептир. Мугалим катары жана күйөөнү пайгамбар сыйлаптыр дегендей төрткүлдүктөр Эшенаалыны кочкорлук экенин билгизишпей өздөрүнүн тутунган баласындай күтүшүп, урмат-сыйга бөлөшкөн. Ошондой мамиледен башка жактан келгендер аны ошо замат ажырата алышпаган. Үч жыл удаасы менен бала окутуп, Эшенаалы жергиликтүү эл менен өз тукумундай сиңишип кеткенин көрсөтөт. 16-жылкы көтөрүлүшкө чейин Төрткүлдө бала окутуп, Эшенаалы мартабага ээ болуп, элге да кеңири алынган.

Ошол кездеги Эшенаалыдан окуган балдары билесизби деп сурасам Төрткүл айылынын эң кары адамы 92 жаштагы Сооронбай уулу Касым эсинде калгандарынан айтып бергендери мына булар болду. Ата уулу боюнча ар бирин өзүнчө айтканда Кенейден: Керим, Султан, Жолдошбай, Кадыркул, Урмамбет, Сыдык, Искен, Мамбетсыдык, Солтонойдон: Ыбырай, Байгазы, Ныязмат, Түлеберди, Калый, Өмүраалы, Маамыт, Мамбетисак, Айтпай, Кудайберген, Мамбеташым; Атагулдан: Бекказы, Темирбек, а түгүл нарындык аяндардан, кара көйнөк менен жакшылык-жаанбайдан да көп балдар окуганын эскерди. Алсак ага Сапарбай, Сулайман, Байсерке, Стам, Жолоочу, Окомбай өндүүлөр кирет. Аталгандардын көпчүлүгү советтик түзүлүштүн алгачкы жылдарында Пишпек, Токмок, Алматы шаарларында ачылган курстарда окушуп, биринчи мугалим болуш чыгышкан. Биринчи мугалими Эшенаалынын жолун жолдошуп, бүт өмүрүн педагогдук кесипке арнагандар да бир нечелеп саналган. Ошондой карыя мугалимдердин бири - 19-жылдан бери педагогдук кесипте бардыгы 42 жыл үзүрлүү эмгектенген - Ленин ордендүү 90 жаштагы пенсионер Мамыров Оконбай Эшенаалы жөнүндө өтө кызыктуу фактыларды айтып берди. Мен дейт ал Эшенаалыга чейин Өмүраалы, Коноқбай, Сагындык деген молдолордон үч жыл окугам. Куран,аптээк өндүү китептердеги жазууларды жээлеп окуганга аран жарачумун. Бирок караманча

жаза алчу эмесмин. Качан Эшенаалыдан окуй баштаганыма экинчи ай болгондо эле шар окуп, жазганды да төз үйрөндүм. Көрсө, мурдагы молдолор куранды, шарияттан тегерегиндеги бирдемелерди эле окутумуш болуптур. Эшенаалы ошол мезгилдеги окутуу ишине да өзүнчө өзгөрүш жасаган. Балдарды, мен сыяктуу мурда анча-мынча окуп калгандарды класска бөлүп окутууну да тондуктарга Эшенаалы киргизген. Мени дароо экинчи класска отургузду. Мурда боз үйдө мандаш уруп отуруп окусак, эми тактайдан жасалган кадимки партага отургузуп, доскага жазып, окутканды, эсеп, география, жаратылыш өндүү сабактарды да мектепке киргизген да ошол Эшенаалы молдо. Мени 19-жылы Токмок шаарына алты айлык мугалимдик курска жиберген да Эшенаалы молдокем болгон деп ыраазычылык менен эскертет Оконбай карыя. Бизге билим берген кадырлуу адамыбыздын башка иш-аракеттерин дээрлик билбейм. Революцияга чейин да, советтик түзүлүштүн алгачкы жылдарында да тондуктарды окутуп, агартуу ишине кызыктырып тарткан Эшенаалы молдо эксенин жашырууга болбойт. 20-жылдын акырына чейин ал тондуктардан мамилесин үзбөй, келгенде мугалимдер менен атайы жолугушуп, окутуу ишине байланыштуу баалуу кеңештерин да аянбай бергендигин да эске салды. Бул жерде Эшенаалынын Төрткүлгө мектеп ачып, бала окутушуна атайы кайрылып жатышымдын себеби Мифтаков ошол айылда бар болгону бир жыл эле иштегенине карабастан бардыгын мен жасадым же уюштурдум деп жазышынын канчалык деңгээлде чындыгы бар экендигин билип, тактоо максатында мен 87-жылы октябрь айынын акырында Тондо болуп өйдөдө аталган адамдарга жолугуп, териштирүүгө туура келди.

Эмесе, Мифтаковдун ошондой тактоону талап кылчу ойлорунан да мисал келтирбесем менин жазып жаткан саптарым жокко чыгышы мыйзам ченемдүү көрүнүш болмокчу. "Эмне болсо, ал болсун 10.10.1921-жылы Кыргызстандын 1-жети жылдык мектебин ачып уюштурдум" (инв. 96(298), 29-бет) деп жазышын эле алалычы. Буга чейин маалым болгондой, Төрткүл айылында биринчи мектеп 14-жылы ачылып, 16-жылга чейин иштеген. Советтик түзүлүштүн алгачкы жылдарына да ошол революцияга чейинки иштеген мектепте окуу иши улантылган. Сөздү жалпылаганда ошол мезгилдин шартына ылайык окуу иши тиги-бу деңгээлде жолго коюлгандыктан жана окуучуларды бир нече класска бөлүп окутууга мүмкүндүктүн бар экендиги, тактап айтканда, окуп-жаза билгендер жетиштүү болгондуктан Төрткүлдөгү мектеп Тондогу би-ринчи жети жылдык мектеп деп аталган. Мифтаковдун жогорунда "Тоң болушун культурный район" деп жазышынын мааниси да кыскача мына ушундай түшүндүрүлөт. Тондун ошондой аталышы дале биринчи мектептерди ачып, элди агартууну көздөгөн Эшенаалы Арабаевдин иш-аракети ме-

нен айкашат. Бул бир жагынан. Экинчи жагынан Мифтаковдун аталган пикири балдарды бир нече класска бөлүп окутуугa атайы ылайыктап салынган - ортосунда өзүнчө коридору бар алты бөлмөлүү чоң мектепти көрүп ошондо иштегенине байланыштуу айтылган. Мифтаковду таң калтырган ошол мектептин салынышына төрткүлдүктөргө идеяны да Эшенаалы Арабаев берген.

Биринчи жети жылдык мектеп качан, кандай каражатка салынганы жөнүндө да Мифтаков: "...1919-ж. чоң манаптардан Сагалы Малиев, Сагынбай Малиев деген чоң манаптар өлүп, анын ашын эл бермек болуп даярланат. Исмаил Малиев (лакаби жөө туман) элден ашка бере турган жардамын жыйнап алты бөлмөлүү чоң мектеп салдырган (жыгачтан). Ошол мектеп биздин мектеп экен" (инв. 96(298), 30-бет) деп жазып калтырган. Манаптардын өлгөн жылы да туура эмес. Сагынбай өз ажалынан өлгөн. Сагалы, Бөлтөбай, Илебай, Сооронбай, Кабыл - акыркы экөө ата-бала өндүү ондон ашык адамдарды 18-жылы Каракол менен Покровкадан куралданган орус кулактары келип, Тамгага алып барып, үйгө камап туруп атып өлтүрүшкөн. Шейит өлгөндөргө ат чаап, кадимкидей чоң аш бермек болуп бир атанын балдары камынганы ырас. Ашка күүлдөп камынып жатканда 19-жылы Эшенаалы азыр заман мурдагыдай эмес өзгөрдү. Эл жаңыча жашай баштады. Тил алсаңар дүңгүрөгөн аш бербегиле. Андан көрө элге эстелик болуп калсын. Чогулткан каражатыңарга келишкен мектеп салдыргыла. Мектеп балдарыңар билим алган келечектүү жай болуп калат дептир. Айылдын билерман-аксакалдары жер көрүп, эл тааныган - ары билимдүү Эшенаалынын тилин алып, ашка чогулткан каражатка карагайдан алты бөлмөлүү чоң мектеп салдырышкан. Мектеп орус кулак тары өлтүргөн адамдардын көрүстөнүнүн (жергиликтүү эл шейиттердин мүрзөсү деп аташат) жанына салынган. Ал мектеп "Курмания" (инв. 7(200), 387-бет) деген ат менен аталганы да Мифтаковдун түшүндүрүү катында эскерилет. Отузунчу жылдардын башталышында ошол мектепти азыркы Туура-Суу айлына көчүрүп барышкан. Мурдагы Курмания - азыркы Туура-Суу сегиз жылдык мектебинин салынганына быйыл 70 жылга толот.

К.Мифтаковдун 1941-жылы жазып, 46-жылы ТАТИнин кол жазмалар фондусуна тапшырган - Кыргыз фольклору боюнча түшүндүрүү катына" кайрылсак козголуп жаткан маселелердин айрым жактарына тактоолор киргизилип, толукталат. Ошондо эки иштен бир иш дегендей мугалим болуп, кыргыздын оозеки чыгармачылыгын жыйноо менен чектелип калбай Мифтаков дагы башка иштерди жасагандыгынан да кеңири кабар алабыз.

"Мен 1921-1922-жылда Тоң району, Төрткүлдө мугалим болуп иштеп турганымда Арабаевдин кайындарында квартирде тургамын. Аларга жана башка мугалимдерге Алматыдагы Арабаевден көп каттар келип турду. Ал каттардын

бир нечеси менин колго келип кирет. Алар алатоочулук жолунда жазылган каттар болот. Менин мектебим II баскычтагы (толук эмес орто) мектеп болгондуктан менин мектепке Караколдон баштап, Нарынга чейин болгон жерден бешинчи класска окуучулар келген эле. Алар бул маселени чечүүгө көп жардам беришти. (Алар өздөрү маселенин сушностьни билбей мага айтып беришти). Анын үстүнө мен турган Төрткүл чоң манаптардын топтолгон жери эле. 1920-жылда ошол Төрткүлдө Сагалы Алматаев баштык болуп төрт чоң манап контрреволюцияда айыпталып өлтүрүлгөн экен.

1916-1917-жылдардагы кыргыз ачкаларына келген миңдерче койду, миңдерге кийиздерди, 150 ящик чайды, он миңдерге пут буудайды Төрткүл манаптары жана Арабаев распределитель болуп, бүткүл түн жак кыргыздарынын манаптарына гана бөлүп беришкен. (Сагалы Алматаев, Эшенаалы Арабаев, Максүт). Ошону менен Төрткүл ал убакытта түн жак кыргыздарынын борбору болуп эсептелген. Ошол жардам туура распределите этилбегендиктен Каракол уездинде гана 50 000 кыргыз кырылат... Мурунтан кыргыз алашордочулары казак ордочулары менен бирге иштеп келишсе да 1919-жылы "Ала-Тоочулар" (же Ала-Тоо ордосу) деген ат менен Францияга бөлүнүп, өздөрү самостоятельный боло башташкан экен.

Мында Кыргызстан Алатоочуларына байланыштуу кыргыз тилинде "Каракол халлары" деген 61 бетте саяси очерк жазылды. Кыскача мазмуну ушул: Кыргыз улутчуларынын - Алатоочуларынын борбору Караколдо (Каракол үөзүндө), жолбашчылары: Караколдогу кызматчылар жана Караколдогу манаптар жана алардын тизмеси. Алматыдан жолбашчылык кылуучусу Арабаев" (инв. 155(366), 8-12, 27-28-беттер) деп жазганын окуганда автордун мугалим болуп, элдик оозеки чыгармачылыкты жыйноодон башка да "саясий маанилүү" иш "жасагандыгы" ачык билинет. Келтирилген узун үзүндү Мифтаков кандай жазса, дале ошондой берүүгө аракет жасалганын байкап жаткан чыгарсыздар Узун үзүндүдөгү ар кыл так эместикти, кара-макаршылыкты айтпаганда ошол жылдардагы советтик-партиялык кызматкерлерди жаманатты кылыш үчүн атайы саясий күнөө коюп, кыргыздар "Ала-Тоо ордосу" деген "улутчулдар" болгондугун жазып, тиешелүү жерге билдирүүнү көздөгөндүгүндө. Акыры шарттуу түрдө Мифтаковдун жазгандарына ишенсек жыйырманчи жылдардагы Каракол менен Нарын уезддериндеги кыргыз кызматкерлери жалаң гана улутчулдук иш жүргүзүшүп, ал турсун түндүк кыргыздарды башка өлкөгө кошулууну эңсетип, өздөрүнчө бөлүнө баштагандай элестеп, аны жылынан бери териштире так көрсөтүүгө тырышканы сезилет. Ушул оюн 22-жылы ноябрь айында Алматыга барганда Мифтаков жана башкалар Тоң менен Нарын аймактарынан жыйнаган кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгынын кол жазмаларын Э.Арабаев

рдук менен тартып алды деп сөзүн улантат жыйноочу. Эмесе, ошол оюнан да үзүндү окуп көрөлүкчү. "Мен бул талоодо эл адабияты (жыйналган оозеки чыгармачылыкты айтып жатат М.М.) үчүн да көп кайгырбадым. Алардын бетин ачуучу "Каракол халлары" менен "Нарын халлары" деген "саясий очерктерим" менен алардын бири-бири менен улутчулдук (Алатоочулук) тууралуу жазган бир нече каттары да кайра өздөрүнө түштү" (155(136), 46-бет) дегенин окуганда да Мифтаков мугалимдик, оозеки чыгармачылыкты чогултткан жыйноочулуктан башка да иштерди жасагандыгы ачык көрүндү. Жыйналган оозеки чыгармачылыкты тарттырып жибергенине кайгырбашы да негизги иши, максаты башка экендигин ачык-айкын далилдейт. Демек, Мифтаковдун негизги иши Каракол менен Нарындын кызматкерлерине "улутчул" деген саясий күнөөнү коюучу материалдарды чогултканды гынан көрүнөт. Ошондой кызматкерлердин тизмесин да "Каракол халлары" менен "Нарын халлары" өндүү материалдарында жазып бергендигинде. Дал ушундай материалы Э.Арабаевдин колуна түшүп калганына Мифтаков күйүп-бышып, кайыргандыгында. Анын караөзгөйлүк менен кыянатчылыкка барган иштеринин ачык билинип калгандыгында.

Ушу жерде өзгөчө белгилей кетчү бир нерсе - Мифтаков "негизги ишин" 1923-26-жылдары Ташкентте да улантканын "каламым бир саатта токтоболу" деп ичинен кан өткүзө кейиткен Э.Арабаевдин колуна түшкөн чуулгандуу саясий очерктерин "Ала-Тоо ордосу" деген ат менен кайрадан жазып чыкканын да сыймыктана эскерет. Ошонтип, "Ала-Тоо ордосу" тиешелүү жерге тапшырылган окшойт. Мындай саясий очерктерди - бардыгы беш өзбекстердин кызматкерлеринин "улутчулдугун" далилдөө максатында да жазып, аракеттенген. Файзуллаходжаев менен Икрамовдун контрреволюциячыл аракеттери 1924-26- жыл-дары эле далилдеген деген ойду да жазып калтырган. Башкы максаты дале өзбектердин "улутчулдугун" да Мифтаков мен ашкереледим дегенди айткысы келгендигинде. Ошол беш саясий очерктин көчүрмөсүн 1936-жылы январь айында "Өзбекстан" деген ат менен Өзбекстан марксизм-ленинизм институтуна бергендигин (инв. 155(366), 64, 69, 70-беттер) да жазат Мифтаков түшүндүрүү катында. Эгер Мифтаковдун кыргыз менен өзбекстердин кызматкерлери жөнүндө жазган очерктери архивден табылса айрым масселелер, айрыкча автордун кандай киши экендигинен, иштеген ишинен, кыргыз менен өзбектердин кызматкерлеринин ак жеринен кыянатчылык менен караланганынан да кеңири кабардар болмокчубуз.

Каракол менен Нарындын кызматкерлерине саясий күнөө койгон материалдарды тымызын жыйып жүрүп, Мифтаков өзү да сот жообуна тартылчу кылмыш иш жасаган. Ага Э.Арабаевдин кайындары, Төрткүлдөгү "Кутмания" мектебинин мугалимдери менен жазышкан жеке каттарын ачып

окуп, ээсине бербей аларды да арамзаалык менен атайы жыйып, карасанатайлыкты, кыянатчылыкты жасоого чейин баргандыгын Мифтаков өзү ачык жазып отурат. Кыскасы, Э.Арабаевди "улутчул" деп куугунтуктоо жыйырманчы жылдан башталышында эле башталганын көрдүк. Жыйган материалдарын тарттырып жибергенге чейин эле Мифтаков Э.Арабаевди эмнегедир жактырбай, жек көргөнүн да жашырбаган. Аны Мифтаков өзү Таластан кандайча Караколго кетип калышынын себептерин эскергенде "Менин Караколго келгенде көбүрөөк сарыбагыш уруусунан Канатовдорго көп ишенич менен келген элем (Канат ажынын уулдары). Алар менен мен Уфада Галия мектебинде 1912-13-окуу жылында бир бөлмөдө турган элек. Алар экөө да пассивный болсо да студент забастовкасына катышты. Забастовкага тилектеш болушту. Забастовканын түп максаты арап, түрк тилдерине жана дин сабактарынын көптүгүнө каршы. Орус тилин мектепке киргизүү эле. Забастовкага 55 казак окуучуларынан кыргызда Эшенаалы Арабаевден башка бүткүл улуттардын студенттери катышты" (инв. 96 (298) 25-26-беттер) деп жазган болучу. Көрүнүп тургандай Мифтаковдун Арабаевге болгон кара ниеттик менен жасалган кастыгы өтө терең башталган сыяктанат. Архивдик документке таянып жазбагандыктан буга ишенүү да өтө кыйын. Анткени бүт Каракол менен Нарын өрөөнүндөгү кызматкерлерди ак жеринен көөлөп, жаманатты кылыш үчүн Мифтаков жок нерсени бар, болбогонду болду деп жазганга чейин барышы ошол мезгилдеги адамдарды, бөтөнчө Э.Арабаевди "улутчул" катары көрсөтүүнү алдына атайы максат кылып койгондугун ырастайт. Уфада окуп жүргөндө эле орус тилин окууга каршы чыккан деген сөз Арабаевге жарлык болуп тагылганы, аны "улутчул" деп айтууга эски факты катары колдонулганы да даана байкалат. Мифтаковдун оюнан чыгарып жаза коюшуна мурда аталган үзүндүлөрдүн айрымдарына жоктодо кайрылсак бардыгы аныкталып калат. Төндун Төрткүл айлы жыйырманчы жылдары түндүк кыргыздар-дын борбору эсептелген, Ала-Тоо ордосу деген улутчулдар болгон деп жазышы - бар болгону Мифтаковдун оюнан чыгарылган жалаа экендиги айкындалат. Төрткүл айлы ошол жылдарда борбор болмок турсун беш адамы киши колдуу өлүп, жергиликтүү эл үрөйү уча, кооптонуп жашашкан. Барып-келип бул Мифтаков өз оюнан чыгарып, жалган нерселерди жаза беришке маш экендигин көрсөтөт. Ошондой эле 1917-18-жылдары качкын кыргыздарга совет бийлиги тарабынан берилген жардамы да Эшенаалы Арабаев бөлүштүргөн деп жазышы да таптакыр туура эмес. Мифтаковдун жазганына ишенсек бүт Каракол уездине берилген жардамды да ал бөлүштүргөн болуп чыгат. Төң аймагындагы жардамды тейлеген күңгөйлүк саяк Максут болгонун, окуп-жаза билгендиктен элге берилген тамак-ашты, малды, буюмдарды атайы тизме менен бөлүштүрүп тараткан катчысы катары Мамыров Оконбай иштегенин өзү айтып берди.

Оозеки чыгармачылыкты жыйноонун биринчи ийрими менен Э.Арабаевдин иш-аракетинин кандай байланышы бар деп айтуучулар да чыгышы мүмкүн. Мифтаковдун түшүндүрүү катында Алматындагы Арабаевден кайындарына жана башка мугалимдерге көп каттар келип турчу деп жазышы Төрткүлдөгү "Курмания" мектебиндеги окуунун жүрүшү, биринчи ийрим менен байланыштырып карооо түртүп отурат. Себеби мектептеги мугалимдер дээрлик Э.Арабаевдин окуучулары болушкан. Алар кат жазышканда эсен-соолукту сурашуу менен бирге айылдагы жаңылыктарды, мектептеги окуунун жүрүшү, ийрим жөнүндө жана башка өзгөрүүлөрдү билдиришип турушкан өңдөнөт. Ийрим жөнүндө да жазышкан каттарда кеңири сөз болгон окшойт деп болжосок да болчудай. Ийримдин уюшулушуна, анын максатына, иш планына Э.Арабаев мугалимдер менен жазышкан каттарында кеңеш берип, пикир алышкан кебетеленет. Мындай ойду айтууга Э.Арабаев Төңгө келгенде мугалимдер менен атайы жолугушуп, эл агартуу ишине байланыштуу аңгеме өткөрушу, кеңеш бериши түрткөнүн жашыруунун болбойт. Анда жазышкан катта-рында биринчи ийримге байланыштуу пикирди да Э.Ара-баевдин козгошу толук мүмкүн экендигине ишене бересек аша чаппайбыз го деп ойлойм. Биринчи ийрим тарабынан чогултулган оозеки чыгармачылыктын айрым үлгүлөрүн өзүнчө китеп кылып басып чыгарган да Э.Арабаев болгон. Ага Тыныбектин варианты эсептелген 1925-жылы жарыкка чыккан "Семетей" эпосунун үзүндүсү өңдүүлөр кирет.

Оозеки чыгармачылыкты жыйноонун биринчи ийрими Төрткүлдөгү алты бөлмөлүү мектепте уюштурулган. Ийримде бардыгы 70 мүчөсү болуп, отузу мугалимдерден кыркы ошол жети жылдык мектептин окуучуларынан турган. Төңдун башка мектептеринин мугалимдери да ийримге мүчөлүккө тартылган. Каракол үездинин эл агартуу бөлүмүнүн башчысы Жумадыл Түлөкабылов да ийримге мүчө болуп катышкан. Буга караганда ийримди уюштурган жеке эле Мифтаков эмес экендигинен да кабар берет. Мектепке директорлукка дайындаган үездин эл агартуу бөлүмү ийрим уюштурууну да сунуш кылышы ыктымал. Анткени Түлөкабылов ийримге чейин эле өзү оозеки чыгармачылыктын айрым түрлөрүн жыйнап жүрүптүр. Муну Мифтаков "Жигит-келин", "Ак селки"; "Келинжан" (инв. 11(204), 16-бет; инв. 63(257), 27-38-беттер) өңдүү чыгармаларды Түгөкабыловдун Сексгбай дептеринен көчүрүп алганын ырастайт. Бул бирин-серин болсо да революцияга чейин окуп-жаза билген айрым жаштар оозеки чыгармачылыктын кээ бир түрлөрүн өз алдынча жыйып жүргөндүгү болгондугун маалымдайт. Э.Арабаев ачкан биринчи мектепте окуган Орозакун Лепесов да революцияга чейин эле оозеки чыгармачылыктын түрлөрүн элден жазып алып жүргөн. Анын дептеринен да "Ак селки", "Кой көз жар", "Ак кербен", "Күн чыкканга сайраган", "Келин жан", "Кыз балага сөйкө

сал" (инв. 47(241) 13-25-беттер) сыяктуу ашыктык ырларын көчүрүп алган Мифтаков, О.Лепесовдун оозеки чыгармачылыктын айрым түрлөрүн элден жазып алууга киришиши дале өзүн окуткан биринчи мугалиминин таасири менен болушу мүмкүн деп ой жүгүртүүгө арзыйт. Ары айтсак да бери айтсак да кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгын жыйноонун биринчи ийриминин уюшулушуна Каракол уезддинин эл агартуу бөлүмүнүн сунушу менен ишке ашырылганы ачык көрүнүп турат. "Алты айлык срок менен Нарын уезддине кыргыздын эл адабиятын жыйноого командировка беришти" (инв. 96(298), 34-бет) деп жазышы жалпы эле оозеки чыгатмачылыкты жыйноо, ийрим уюштуруу ишине кандайдыр бир коомдук мекеменин жетекчилик кылганы да ачык айкындалат.

Ийримдин өзүнчө иш планы да түзүлгөн. Иш планында көрсөтүлгөн маселелердин коюлганы чын болсо, алар жеке адамдын эле демилгеси эмес, дале, ошол эле агартуу бөлүмү жана башка адамдар тарабынан көтөрүлгөн сунуштар экендиги даана байкалат. Айталы ийримдин мүчөлөрүнө фольклор деген эмне экендигин түшүндүрүү, жыйноонун жол-жобосун иштеп чыгуу, аңгеме өткөрүү, доклад жасоо жана кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгын жыйнап, басып чыгарууга даярдоо өндүү маселелердин ийримдин иш планында көрсөтүлүшү эле кандайдыр бир коомчулуктун демилгеси менен ишке ашырылганын айгинелейт. Таластагы ийримде иш планынын түзүлбөгөнү, анын ишаратынын жоктугу да мына ушул ойду айтууга, айрым маселелерди тактап алууга түрткөнүн да жашырбоого тийишпиз.

Ийрим мугалимдердики, окуучулардыкы болуп, өзүнчө эки топко бөлүнгөн. Мугалимдердикине Мифтаков, окуучулардыкына Сапарбай Сооронбаев жетекчилик кылган. Дале мугалимдер оозеки чыгармачылыкты жыюуга катышпаган. Окуучулардан бир нече жыноочулар өсүп чыгышкан. Насириддин Ботоев, Өмураалы Маанаев, Жума Жамгырчиев, Смат Кемпиров, Сапарбай Сооронбаев, Айтпай Сооронбаев өндүү окуучулар биринчи ийримде тар- бияланып өсүп чыккан кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгын чогултткан биринчи-жыйноочу-фолькло-ристтер болуп саналышат. Ар биринин кыргыз элинин фольклорун жыйноочулук иш-аракеттерин, чогултткан чыгармалаларын, өмүр баянын өзүнчө изилдөөгө толук татыйт. Насириддин Ботоев отузунчу жылдары жаш өлгөн. Жума акын кыргыз совет адабиятын баштоочуларынын бири аталганы жалпыга эбак маалым. Өмураалы менен Жума мугалим болуп иштеп жүрүп, уулу Ата Мекендик согушка катышып, баатырларча курман болушкан. Смат да мугалим болуп иштеген. Сапарбай менен Смат да согушка катышып келип, киндик каны тамган жеринен турмуш менен коштошкон.

Нарын уезддинен кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгын жыйноонун планы да 1922-жылы январь айында "Курмания" мектебиндеги мына ушул биринчи ийримде түзүлүп,

5 адам катышкан экспедиция уюштуруу керек- тиги да каралган. Оозеки чыгармачылыкты түр менен жанрга бөлүп жыйноо жагына көңүл буруу керектиги, экспедицияга чыгуунун мезгили да ийримде каралып, талкууланган. 1959-жылы Сапарбай Сооронбаевге атайы жолугуп, кандайча Нарын өрөөнүнөн оозеки чыгармачы-лыкты жыйноого катышканын сурасам мына буларды айтып берген эле. Балким Төндон болсоң билерсиң. Биз-аяндар ошол Төрткүлдө да жашаганбыз. Мен Төрткүлдөгү "Курмания" мектебинде 4-классты бүтүргөм. Жакшы окуган окуучулардан Маананын уулу Өмүраалы экөөбүздү Мифтаков тандап алып, Нарындан оозеки чыгармачылык-ты жыйноого катышмак болуп жолго чыктык. Төндун ашуусунун түбүнө келгенде Маана артыбыздан жете келип, бөтөн жар, бөлөк элге эмнеге баратасың деп, Өмүраалыны кайра алып кеткен. Ошондо, Мифтаков экөө эле Төндун ашуусун ашып, Балгарт жайлоосу менен Нарын бетиндеги элге келип, жыйноо ишине киришкенин билдирген.

Төрткүлдөгү "Курмания" мектебинде уюшутган биринчи ийримде төмөнкүдөй оозеки чыгармачылыктын түрлөрү жыйналган. Тыныбектин айтканынан "Манас", "Семетей" эпосторунан үзүндүлөр. Кылычтын канаттуулары, Арстанбектин ырлары, кыргыз санжырасы жана оозеки чыгармачылыктын башка түрлөрү жазылып алынган. 1925-жылы чыккан эпостун "Семетей" бөлүгүнөн үзүндү төндук Д.Эсеналиевден жазылган. Биринчи ийримден өсүп чыккан жыйноочулардын кандай чыгармаларды чогултканын өзүнчө териштирип изилдегенде бардыгы белгилүү болмокчу.

Жыйынтыктаганда советтик түзүлүштүн мезгилинде кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгын уюштурулган түрдө жыйноо иши Төндун Төрткүлдөгү "Курмания" мектебиндеги биринчи ийримден башталган. Оозеки чыгармачылыктын ар бир жанры менен түрүн өзүнчө жыйноо жана өткөндөгү белгилүү акындардын, жазмачылардын чыгар-маларын, алардын өмүр баяндарын биринчи жазып алуу иши да ушул сөз болуп жаткан ийримден от алып, өнүккөн. Кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгын жыйноонун, айрым таланттуу акын-жомокчулардын өмүр баянын, чыгармаларын жазып алуунун тарыхын изилдегенде да сөздү ошол биринчи ийримден баштоого туура келет. Кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгынын үйрөнүүдөгү биринчи ийримдин тарыхый-адабияттык мааниси мына ушундай мүнөздөлөт. Анын тарыхы мындан ары да толукталып, тактала бермекчи.

Биринчи ийримдин уюшулушу да Э.Арабаевдин ишаракети менен байланыштуулугун өйдөдө эскердик. Төрткүл айлында бир нече жыл мугалим болуп иштеп жүргөндө Арабаев өткөндөгү кыргыздардын мурасына, санжырасына аябай кызыгып берилип укчу экен. Төндук Дөнөнбай Эсеналы уулу менен Мамыр уулу Мамбеттен санжыраны көп айтырып угуптур. Эшенаалынын кандай мугалим болгонду-

гун, адамдарга жасаган мамилесин, жер көрүп, эл тааныганын, көп билгенин Чынгыш уулу Байгазы менен Бийбай уулу Мамыт да жетимишинчи жылдарга чейин узун сабак сөз кылып сүйлөшчү. Алар кыргыздан чыккан алгачкы агартуучу жөнүндө билгендерин турмуш менен коштошкондо өздөрү ала кетиши. Эшенаалы жөнүндөгү ошол узун сабак сөздөрдү өз убагында жазып албаганыма азыр мен аябай өкүнөм...

Э.Арабаев агартуучулук иши менен бирге жыйырманчы жылдары кыргыз жергесине, элдин турмушуна кирген аркыл жаңылыктарды да өз убагында берилип колдогон. Алардын айрымдарын өзү ишке ашырган ак ниет, чынчыл, келечекти көрө билген-нускалуу адам катары элге тааныл-ган. Алсак колхоздоштуруу мезгилинде Тагайкүл Эшилов деген жакын тууганы (жыйырманчы жылдары ал дагы Тоң-дун Конур-Өлөңүндө мугалим болуп иштеген) Арабаевге кайрылып: - "Молдоке, Сиз, көптү билген адамсыз. Биздин катаган уруубуз ушунтип эле ар жерге тарап кетебизби. Биздин урууларды чогултуп, өзүнчө колхоз курбайсызбы?" - деп өтүнгөн. Ошол сүйлөшүүдөн кийин Чүйдүн Ысык-Атасында Арабаев катаган, кутчу өндүү урууларды чогултуп, өзүнчө колхоз уюштурганын кыргыз академиги К.Рыскулова эскерип жүрөт. Ысык-Атанын Карагай-Булак айылы ошол колхоздун тукумдары.

Эшенаалы Арабаев жөнүндө мындай эскерүүлөрдү Тоң аймагынан, айрыкча Төрткүл айылынан көп угууга туура келет. Ошондой эскерүү лөрдү жыйып, тактаса Арабаевдин өмүр баяны, иш-аракети өзгөчө агартуучулук жагында сиңирген эмгеги терең ачылат.



"Кыргыз тил"
коомунун президенти

Камбаралы Бобулов

КЫРГЫЗДЫН КӨЗҮН АЧКАН АДАМ

Бүгүнкү күнү бүткүл кыргыз калкы жана жамаатчылыгы байыркы тарыхы бар элибиздин атактуу биринчи агартуучусу жана коомдук ишмери Ишеналы Арабаевдун туулган күнүнүн 110 жылдыгын улуттук ар-намыстын улуу салтанаты катары мандай жарылып кубанычта тойлоп жаткан мезгилде, ар түркүн ойлор эске түшүп, менин көз алдымда төмөнкүдөй элестер тартылат: дүйнөлүк цивилизациядан, маданияттан окчун турган, бирок байыркы доорунда жазуусу болуп, андан көп кандуу кагылышууларда айрылып, бирок эл катары жоголуп кетпей, алп көкүрөгүндө "Манас" өндүү улуу дастанды укумдан тукумга сактап келген кыргыз элинин Ала-Тоосунун этегинде өткөн кылымдын аяк ченинде Ишеналы Арабай уулу бул жарык дүйнөгө перзент катары келгенде, анын ата-энеси жаңы төрөлгөн наристесине жалынып-жалбарып эмне деген ак тилектер айтышты экен?

Балким, айланайын эр-азамат болуп, өз элиндин камын көргөн уулу бол деп бата беришкендир; балким, ата-бабаларындын салтын улантып, эл башкарган бий, болуш дешкендир, балким, саны жетпеген малы бар чириген бай бол дешкендир, балким ак таңдай ырчы бол, садагам дешкендир... Ар бир ата-эне бөбөгүнө жакшылык тилек каалайт

эмеспи? Кокустан наристенин ата-энесине кимдир бирөө келечекте силердин бул уулуңар өз элинин көзүн ачкан, биринчи алиппесин түзгөн атактуу агартуучусу болот, аны эчен тар ашуулар, тайгак жолдор күтүп турат деп жоруган болсо, биринчиден, аны түшүнмөк эмес, бир келжирек сөз демек, экинчиден, ызаланган ата-эне аны таяк менен боз үйүнөн кубалап чыкмак...

Арабай уулу Ишеналы баарына белгилүү, оокаттуу үй-бүлөдө өскөн жана тарбияланган, өзүнүн социалдык абалына жараша мырза бий, өкүм бийлиги бар болуш болууга толук мүмкүнчүлүгү бар эле. Албетте, ата-энеси да уулуна дал ушундай чоң бийликти каалаган болуу керек. Адам пендесинин турмушунда бийлик өзгөчө роль ойнойт, таң каларлык нерсе Ишеналы ата-энеси, жакындары жана чөйрөсү үчүн жат жана чоочун көрүнүш - агартуучулук жолун тандап, өмүрүн азап менен кыйынчылыктарда өткөрдү. Ал мезгилде агартуучулукка, билимге кызыккан адамдарды бийликтегилер жактырышпай, "көк мээ" деп какшыкташкан. Ишеналы өз учурунун "көк мээси" болуп, акылдан азап тартып, өз чөйрөсүнөн, жакындарынан кол үзүп, кыргыздардан биринчи болуп, алыскы Истамбулда окуп, Башкырстан, Казакстандын талааларында, бороондордо кайыгып, куржунуна өзү сатып алган китептерди салып, жеткинчек балдарга окутуп, алардын көзүн ачкан, анан өз жерине келип да, бул ишин уланткан. Ишеналы Арабай уулунун мындай аракети жеткен чоң эрдик деп эсептеймин.*

Эгерде Ишеналы Арабай уулунун Улуу Октябрь революциясынан кийинки агартуучулук, коомдук эмгектерин эске албай, ал 1911-жылы К.Сарсекеев менен бирдикте Уфадан кыргыз алиппесин чыгарып, кокустан эрте мерт болсо, кыргыз эли ошол эмгеги үчүн эле ага эстелик коюга милдеттүү.

Акыйкатты айтсак, наристени келечекте тар ашуулар, тайгак жолдор күтүп турган. Элибизде: "Ар бир адам мандайына жазганын көрөт" деген учкул сөз бар. Мүмкүн бул лакапта фатализмдин мааниси бардыр. Ар бир эр азамат өз тагдырын өзү жасайт, тагдыр адамды жасабайт. Тагдыр-бул сыноо, тагдыр-бул бакыт. Ал эми тагдыры жок, өзүнүн көмөчүнө күл тартып, эт менен челдин ортосунда күн көрүп, өмүр өткөргөн жандарга эч качан суктанууга болбойт... Бүгүн баарыбыз ысмын сыймык менен атап, зор урмат менен маареке тоюн өткөрүп жаткан, өмүрүнүн

---

* Ишеналы Арабаевдин туулган күнүнүн 110 жылдыгына арналган Кыргыз илимдер академиясында өткөн илимий-практикалык конференцияда сүйлөгөн сөз.

аягына чейин өз элине ак кызмат кылып, эң бир кыйын кезеңдерде муңбай чымырканып иштеп, татаал доордун курманы болгон Арабай уулу Ишеналы чоң тагдыры бар инсан болгон деп сыймыктануу менен айтууга толук акыбыз бар!

Азыркы учурда кыргыз эли өзүнүн улуттук укугун өз колуна алып, мамлекетибизди жүздөн ашык чет өлкөлөр тогототуп, улуттук туубуз Бириккен Улуттардын бийик имаратында кылкылдап, эне тилибиз мамлекеттик даражага ээ болуп турган кезде, Ишеналы Арабаев жана Касым Тыныстанов башында турган атактуу тилчилерибиз-агартуучуларыбыздын бизге калтырган ыйык керездерин биз, алардын урпактары ар-намыстуулук менен улантып, жаңы тепкичке көтөрүүгө милдеттүүбүз. Республикалык "Кыргыз тили" коому улуу бабалардын калтырган керездерин туура түшүнүп, өмүр бою кыргыз тилине жан дили менен кызмат кылган көрүнүктүү тилчилерибиздин портреттерин изат менен өз дубалына илди, анын башында Ишеналы Арабаев турат. Келечекте, ар кандай бут тосууларга карабастан, Тил академиясын түзүп, анын катарына Арабаев башында турган бабаларыбызды катарына алат. Ата-бабасынын урматынан алы жок маңкурттар гана каражатты аяйт! Азыркы кыйынчылыктар келечекте артта калып, "Кыргыз тили" коому бардык жагынан чыңалганда, Ишеналы Арабаевка өз каражатынан эстелик тургузса да кемип калбайт. Анкени, ал эң бир татаал доордо жашап, өз элинин көзүн ачкан бабабыз! Биз анын ыйык арбайына башыбызды ийип, бүгүн тоюн өткөрүп жатабыз.

Урматтуу агаиндер! Бүгүн кыргыз эли, коомчулугу өзүнүн эң ардактуу уулунун туулган күнүнүн чоң салтанатын белгилеп жатат. Республикалык "Кыргыз тили" коому, Илимдер академиясы, Элге билим берүү министрлиги менен бирдикте бул той-маракени өткөрүүгө өзүнүн салымын кошту. Бүгүн айта кетчүү маселе, ушул күнгө чейин биз, кыргыздар Ишеналы Арабай уулунун кыргыз элинин тарыхындагы ордун, анын баркын билбей келдик. Бул тарыхый адилетсиздикти түзөтүүгө убакыт жетти. Республикалык "Кыргыз тили" коому Ишеналы Арабай уулунун ысмын азыркы Бишкек шаарындагы мамлекеттик педагогикалык институттуна берилишин сунуш кылат. Ошондо биз Ишеналы Арабай уулунун улуу арбагын сыйлап, сөөгүн агарткан болобуз.

Ишенаалы Арабаевдин басмадан чыккан эмгектеринин, котормолорунун тизмеси:

1. Алип-бээ жана төтө окуу. Уфа, "Шарк" басмасы, 1911-ж.
2. Жазуу өрнөктөрү. Оренбург, "Вакыт" басмасы, 1912-ж.
3. Оренбургдан Ташкенге келе эскерүү. Ж. "Ай кап", N 1, Троицк, 1912-ж.
4. Алиппе. Ташкент (араб тамгасында чыккан), 1924-ж.
5. Кыргыз алип-бээси. Оңдолуп, 2-басылышы. Москва, 1925-ж.
6. Жазуу жолунда, саамалык (араб тамгасы менен) Москва, 1925-ж.
7. Баштооч мектептерде эсеп үйрөтүү жолу. Москва, 1925-ж.
8. Сабатсыздыкты жоюу куралы. Фрунзе, 1925-ж.
9. В.И.Ленин, анын өмүр баяны жана иштеген иши. Түзгөн И.Арабаев (китепте А.Жутакеевдин "Ленин кошогу" киргизилген), Ташкент, 1925-ж.
10. Элдик эпос "Семетей" (Тыныбектен). Түзгөн И.Арабаев, Москва, 1925-ж.
11. Секетбай (Боогачы Жакыпбеков), түзгөн И.Арабаев, Москва, 1925-ж.
12. О.Карпинский. Эмгекчил дыйкандардын көсөмү. Которгон И.Арабаев, Москва, 1925-ж.
13. В.И.Ленин. Жаштар союзунун милдеттери. Которгон И.Арабаев. Москва, 1925-ж.
14. Г.И.Иванов. "Географиянын баштапкы курсу" 1-бөлүм. Которгон И.Арабаев, Москва, 1925-ж.
15. Алип-бээ. Социалисттик чыгыштын мектептери үчүн. Кырмамбас, Фрунзе, 1928-ж.
16. И.Арабаев, К.Карасаев. "Жаңылык" чондор үчүн алиппе. 1928-ж.
17. И.Арабаев. Эл адабиятын жыйноочуларга колдонмо. Фрунзе, "Кыргызмамбас", 1931-ж.
18. И.Арабаев. "Биздин мектеп" Биргелешип жазылган. Балдар үчүн алиппе, 1930-ж.
19. И.Арабаев, Д.Шамгунов. Табият таануу алиппеси. Москва, 1932-ж.

МАЗМУНУ

Турар Койчуев. Ишеналы Арабаевдин кыргыз элинин илиминс, маданиятына салымы. 3
Кусейин Карасаев. Замандашым жөнүндө кыскача баян. 5
Зияш Бектенов. Агартуучу - окумуштуу Ишеналы Арабаев. 8
Аскар Осмонкулов. И.Арабаев - кыргыз элинин көрүнүктүү окумуштуу агартуучусу жана педагогу. 21
Түгөлбай Сыдыкбеков. Ишенаалы Арабай уулу. 33
Зайнидин Курманов, Владимир Плоских. Сыдыков и Арабаев - лидеры оппозиции официального курса развития Кыргызстана. 38
Какиш Рыскулова. Эскерүү. 47
Владимир Плоских. Молдоке кыргызской интеллигенции. 50
Шүкүрбек Бейшеналиев. Үч залкар (Молдо Кылыч, Сагымбай, Арабаев). 56
Таштан Дүйшемалиев. Ири коомдук ишмер. 71
Жумагул Садыков. Элдик адам. 75
Нинакан Жүндүбаева. Аза күүсү шолоктобой, боздобой. 81
Барий Азыков. Жүрөгүмдө сактап жүрөм. 83
Жумакадыр Егембердиев. Каралагандан да актыгы жанган инсан. 86
Гүлжамал Бакинова. Эшенаалы Арабай уулу - Кочкор говорунун өкүлү, кыргыз адабий тилине негиз салуучу. 92
Муңдук Мамыров. Оозеки чыгармачылыкты жыйноонун биринчи ийрими. 99
Камбаралы Бобулов. Кыргыздын көзүн ачкан адам. 112
Ишенаалы Арабаевдин басмадан чыккан эмгектеринин, котормолорунун тизмеси. 115

Подписано к печати 28.12.92. Формат 84 x 108 1/32.
Бумага тип. N 1. Офсетная печать.
Объем 5,94 привед. п.л., 7,67 уч.-изд.л.
Тираж 200 экз. Цена договорная.

МП "Табылга",
7200071, Бишкек, проспект Чуй, 265а

Отпечатано в готовых диапозитивов в Малом Кантском полиграфическом предприятии. Заказ 1107. Тираж 1000.